447

Аң-сезим الوعي
# Ал-Ваъй

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз сегизинчи жыл чыгышы, Рабиуссоний 1445-х. – ноябрь 2023-м.

Ал-Ваъй сөзү:

هَٰذَا بَلَٰغٌ لِّلنَّاسِ وَلِيُنذَرُواْ بِهِۦ

**«Бул – адамдар эскертме алуулары үчүн бир билдирүү»**


**«израилдик» журналист: Мамлекетибиз жоголуп бара жатат** 76

**Мамилелерди нормалдаштыруу келишимдери (Ибрахим келишимдери) жана Жакынкы Чыгыштагы стратегиялык союз... Эл аралык атаандаштык (Израиль) региондогу негизги оюнчу (3)** 16

**Уламалар чечүүчү ролду ойношобу? (3)** 32

**Мусулмандар оорулуу учур менен үмүт берген келечек ортосунда (Пайгамбарык минхажы негизиндеги Халифалык)** 8

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

447

Отуз сегизинчи жыл чыгышы,
Рабиуссоний 1445х
Ноябрь 2023м

НУСКА БААСЫ

| | |
|---|---|
| Ливан | 1000 лира |
| Яман | 30 риял |
| Түркия | 1 доллар |
| Пакистан | 1 доллар |
| Австралия | 2,5 доллар |
| Америка | 2,5 доллар |
| Канада | 2,5 доллар |
| Германия | 2,5 евро |
| Швеция | 15 крон |
| Бельгия | 1 евро |
| Британия | 1 евро |
| Швейцария | 2 франк |
| Австрия | 1 евро |
| Дания | 15 крон |

# Ушул санда

– ***Ал-Ваъй сөзү: «Бул – адамдар эскертме алуулары үчүн бир билдирүү***................................. 3

– Мусулмандар оорулуу учур менен үмүт берген келечек ортосунда (Пайгамбарык минхажы негизиндеги Халифалык)........................................... 8

– Мамилелерди нормалдаштыруу келишимдери (Ибрахим келишимдери) о.э. Жакынкы Чыгыштагы стратегиялык союз... Эл аралык атаандаштык.

(Израиль) региондогу негизги оюнчу (3) ............... 16

– Ислам хазаратынын касиеттери жана анын негиздери – муъжиза!

Мусулмандар кантип аны башка нерсеге алмаштырышты?! ................................................... 22

– Уламалар чечүүчү ролду ойношобу? (3) ........................................................ 32

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ................ 44

– ***Куръани Карим сабагында*** ................................ 47

– ***Бейиш бактары:*** Ахыретти дунядан афзел көрүү ....................................................................... 60

– Халифа Умар ибн Абдулазиздин (рохимахуллох) жашоосунан ирмемдер............................................. 65

– ***Соңку сөз:*** «израилдик» экстремисттер-дин Куддустагы насронийлерге жана адардын чиркөөлөрүнө чабуулдары күчөп жатат... чиркөөгө түкүрүү жана акараттоо........................ 75

– «израилдик» журналист: Мамлекетибиз жоголуп бара жатат?!............................................................ 78

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

﴿هَٰذَا بَلَٰغٞ لِّلنَّاسِ وَلِيُنذَرُواْ بِهِۦ﴾

***«Бул – адамдар эскертме алуулары үчүн бир билдирүү»***

Бүгүн, 2023-жылы 18-октябрь күнү, Ак үй кылмышкери Байден Газада дагы өрттөлбөгөн эмне калганын, өрттөө иштерин аягына жеткирүүдө Америка тарабынан яхудийлерге дагы кандай куралдар жеткирип берилиши керектигин билүү үчүн яхудий кылмышкери Нетаняху менен жолугушту. (израиль) калкы жана бүткүл дүйнө АКШнын ким тарапта турганын билип койсун деп бул сапарын ишке ашырганын билдирген Байден, (израил)дин Хамас чабуулдарына жооп берүү үчүн керектүү нерселерге ээ экенине Вашингтондун ишеним пайда кылмакчы экендигине басым жасады. Ал Хамастын (израил)ге каршы ишке ашырган чабуулдарын жырткычтык деп баса белгиледи... («Ал-Жазира», 2023-жыл, 18-октябрь). Байдендин бул сапары яхудийлер Газадагы баптисттердин ооруканасын бомбалашы натыйжасында жүздөгөн адамдар, негизинен, балдар жана аялдар шейит болгон кыргындан кийин болду.

Байден бүгүн шаршемби күнү Тель-Бивиден Амманга барышы, ал жерде Иордания королу, Мисир президенти жана Фалестин администрациясынын жетекчиси менен жолугушуп, 1967-жылда басып алынган аймактардын бир бөлүгүндө тикелене турган, куралсыздандырылган мамлекет аркылуу Фалестин маселесин кандай аягына жеткирүүнү талкуулашы керек эле. Мисир президенти бул Фалестин мамлекети жөнүндө Германия канцлери менен болгон жолугушууда мындай деди: «Куралсыздандырылган Фалестин мамлекетин куруу боюнча БУУ жана эл аралык уюмдардын демилгелерине, алар тарабынан чыгарылган мыйзамдарга о.э. араб

мамлекеттеринин бул туурасындагы демилгелерине карабастан, иштердин мындай чекитке жетип келишине эмне себеп болду? Акыркы отуз жыл ичинде биз пайда кылууга аракет кылган нерсе кайда, Фалестин мамлекети барбы?». Бирок, бул жолугушуу яхудийлердин баптисттер ооруканасында жасаган кылмышынан кийин бекер кылынды же (кийинкиге калтырылды). Бул жөнүндө Ак үй расмийси «Президент Байден (израиль) сапарынан кийин Иорданияга белгиленген сапарын бекер кылды» деп билдирип, «АКШ президенти король Абдуллах экинчи менен сүйлөшкөндөн кийин о.э. Фалестин жетекчиси жарыя кылган аза күтүү күндөрүн эсепке алып, Иорданияга сапарын кийинкиге жылдырат» деди.

Газа саламаттыкты сактоо министрлиги (израил)дин баптисттер ооруканасын бомбалашы натыйжасында курман болгондордун саны 500гө жеткенин, шейит болгондордун көпчүлүгү аялдар жана балдар экенин билдирди... («Ал-Жазира», 2023-жыл, 18-октябрь).

Ошентип, Америка Фалестинди басып алган яхудий вужудун ар тараптуу колдоп-кубаттады. Ал Нетаняхуга «(израиль) өз калкын коргоого аракет кылса, Кошмо Штаттар (израил)ди колдоп-кубаттоону улантат» деп, аны ачыктан ачык колдоп-кубатташын билдирди. Ал о.э. «Силер жалгыз эмессиңер, биз силер менен биргебиз жана силердин артыңарда турабыз», деп Нетаняхуну кадыржам кылып, (израил)дин жалгыз эместигин жана АКШ «(израил)ди колдоп-кубаттоону улантышын баса белгиледи. Байден «Биз (израиль) азаттыгын коргоодо бүгүн, эртең жана түбөлүк силер менен бирге болобуз» деп кошумча кылды. («Дубай Арабия нет», 2023-жыл, 18-октябрь). Ошого карабастан, мусулман мамлекеттериндеги өкүмдарлар Америкага кайрылып, Газадагы мазлумдарга дары-дармек жана азык-оокат жардамын жеткирүү үчүн Рафах көзөмөл-өткөрмө пунктун ачып берүүнү суранышууда... Бул ашкере кылынгандары болуп, жашыруун болгону дагы да чоңураак! Яхудийлер үйлөрдү жардырышууда, ооруканаларды бомбалап, жүздөгөн

оорулуу жана алардын үй-бүлөлөрүн өлтүрүшүүдө. Бул өкүмдарлар болсо мына ушул яхудийлерди күнү-түнү колдоп-кубатташын жашырбай ачык-айкын айтып жаткан Байденден үмүт кылышууда. Чындыгында, Байден яхудийлердин бардык кылмыш жана зулумдарын актап турган бир учурда, баптисттер ооруканасы алардын кол салуучу экенин ачык көрсөтүп койду.

Байден келишинен мурда АКШнын мамлекеттик катчысы Блинкен Иордания, Фалестин администрациясы, Мисир, Саудия, Катар, Араб Амирликтери сыяктуу араб мамлекеттеринин жетекчилери менен жолугушту... Алардан мурда яхудийлер менен жолугушуп, АКШ министри катары келүүдөн мурда, аларга яхудий катары келгенин билдирди! Жолугушууда көзөмөл-өткөрмө пунктунун ачылышы, дары-дармек жана азык-оокат жиберилиши талкууланды. Араб мамлекеттеринин жетекчилери Блинкенден Рафах көзөмөл-өткөрмө пунктун ачууга яхудийлерди көндүрүп берүүнү сурашты! Бул уят жана шермендедик эмеспи?! Фалестин айланасындагы армияларыбыз Рафах көзөмөл-өткөрмө пунктун ачууга алсызбы?! Ал тургай, армияларыбыздын эң кичүүсү болгон Иордания армиясы да яхудийлер чебин ойрон кылууга кудуреттүү. Демек, Мисир армиясы жөнүндө эмне деш мүмкүн?! Фалестин айланасындагы мусулман армиялар Фалестинди азат кылууга алсыздык кылабы?! Алар Рафах көзөмөл-өткөрүү пунктун ачып берүүнү Байденден сурануулары керекпи?!

Мусулмандардын мусибаты – алардын өкүмдарлары. Себеби, өкүмдарлар армиялардын Газадагы боордошторуна жардам көрсөтүүлөрүнө тоскоолдук кылышты. Алар болуп жаткан окуяларды гана күзөтүп турушат. Шейиттерди санап, аларды өлгөндөр деп атоого о.э. жарадарларды каттоого канааттанып жашашууда... Алардын эң көзгө көрүнгөн иштери өлүктөрдү жерге берүүгө жана жарадарларды дары-дармек менен камсыздоого жардам көрсөтүү үчүн Байденден Рафах көзөмөл-өткөрмө пунктун ачып берүүнү сурануу болду... Алар

ушуну менен эле чектелип калбастан, Аллах Тааланын төмөндөгү аятында айтылган адамдардай болуп калышты.

﴿صُمٌّۢ بُكۡمٌ عُمۡيٞ فَهُمۡ لَا يَرۡجِعُونَ﴾

*«(Алар)* ***дүлөй, дудук, көр, демек*** *(жолдорунан)* ***кайтышпайт»*** [2:18]

Фалестин калкы дары-дармек жана азык-оокатка муктаж эмес, тескерисинче, душманды кыйратуучу жана алардын азиздигин кайра тикелөөчү эр кишилерге муктаж. Алар Иордания армиясына о.э. Ибн Валид жана Абу Убайда сыяктуу Шам жеринен румдуктарды кууп чыгарган аскер башчыларга муктаж... Мисир армиясына жана кресттүүлөрдү жеңген Салахиддин сыяктуу аскер башчыга муктаж... Айн Жолутта монгол татарларды жеңген Кутуз жана Бейбарс сыяктуу аскер башчыларга муктаж... Өзүнүн «Фалестин сатылбайт жана сатып алынбайт текерисинче, ал мусулмандардыкы болуп, ал жерде яхудийлер өкүмдарлык кыла албайт», деген белгилүү сөзүн айткан Абдулхамид сыяктуу халифага муктаж... О.э. яхудийлерге каршы согуш кыла турган о.э. Расулуллах ﷺдын Муслим Ибн Умардан риваят кылган хадисте

«**لَتُقَاتِلُنَّ الْيَهُودَ فَلَتَقْتُلُنَّهُمْ**...»

**«Силер яхудийлерге каршы согушуп, аларды өлтүрөсүңөр...»**, деп айткан башаратын жүзөгө чыгара турган калыс өкүмдарларга муктаж. Мына ошондо Фалестин Аллах, Анын Расулу жана момундар алдында мубарек Ислам дияры болгондой, дагы азиз жана жеңилбес абалына кайтат.

**Эй, мусулман өлкөлөрүндөгү армиялар:**

Душман Газа секторун күлгө айлантуу үчүн кургактыктан, деңизден жана абадан бомбалап жатканын угуп, көрүп турасыңар. Эмнеге боордошторуңарга жардам бербей жатасыңар, согушпай жатасыңар?!

﴿قَٰتِلُوهُمۡ يُعَذِّبۡهُمُ ٱللَّهُ بِأَيۡدِيكُمۡ وَيُخۡزِهِمۡ وَيَنصُرۡكُمۡ عَلَيۡهِمۡ وَيَشۡفِ صُدُورَ قَوۡمٖ مُّؤۡمِنِينَ﴾

***«Аларга каршы согушкула,*** *(ошондо)* ***Аллах аларды силердин колуңар менен азаптайт, кор кылат жана силерге алардын үстүнөн нусрат берет, момун коум дилдерин кандырат»*** [9:14]

Исро жана Миърож жерин басып алган, анын калкын ал жерден чыгарып жиберген, диниңер туурасында силер менен согушкан жана дагы эле согушуп жаткан яхудийлерге каршы согуш кылуудан өкүмдарларыңар силерди кандай кайтарып жатканын угуп, көрүп турасыңар... Акыйкатта болсо, Аллах силерди яхудийлерге каршы согушууга буюрат, аларга каршы согуш кылуудан кайтарбайт.

﴿إِنَّمَا يَنْهَىٰكُمُ ٱللَّهُ عَنِ ٱلَّذِينَ قَٰتَلُوكُمْ فِى ٱلدِّينِ وَأَخْرَجُوكُم مِّن دِيَٰرِكُمْ وَظَٰهَرُوا۟ عَلَىٰٓ إِخْرَاجِكُمْ أَن تَوَلَّوْهُمْ ۚ وَمَن يَتَوَلَّهُمْ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***«Аллах силерди жалгыз диниңер туурасында силер менен урушкан, силерди өз журттарыңардан куп чыгарган жана силерди кууп чыгарууда бири-бирине жардамдашкан кимселерден – алар менен достошууңардан кайтарат. Кимде-ким алар менен достошсо, мына ошолор залим кимселердин өзү»*** [60:9]

**Эй, мусулман өлкөлөрүндөгү армиялар:**

Исро жана Миърож жери силерди чакырууда, кайрылууга жооп бергиле... Газа калкы силерден жардам сурап жатат, келгиле, аларга жардам бергиле... Аллах Таала төмөндөгү аятында айткан адамдардан болбогула:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ مَا لَكُمْ إِذَا قِيلَ لَكُمُ ٱنفِرُوا۟ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ ٱثَّاقَلْتُمْ إِلَى ٱلْأَرْضِ ۚ أَرَضِيتُم بِٱلْحَيَوٰةِ ٱلدُّنْيَا مِنَ ٱلْءَاخِرَةِ ۚ فَمَا مَتَٰعُ ٱلْحَيَوٰةِ ٱلدُّنْيَا فِى ٱلْءَاخِرَةِ إِلَّا قَلِيلٌ ۝ إِلَّا تَنفِرُوا۟ يُعَذِّبْكُمْ عَذَابًا أَلِيمًا وَيَسْتَبْدِلْ قَوْمًا غَيْرَكُمْ وَلَا تَضُرُّوهُ شَيْـًٔا ۗ وَٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَىْءٍ قَدِيرٌ﴾

***«Эй момундар, силерге эмне болду, Аллах жолунда*** *(жихадга)* ***чыккыла делинсе өз жериңерге*** *(т.а. журтуңарга)* ***жабышып алдыңар?! Акырет*** *(ниъматтары)****нан жүз үйрүп, дүйнө тирүүлүгүнүн*** *(лаззаттары)****на ыраазы болосуңарбы?! Акырет алдында бул дүнүйө матасы абдан аз нерсе го?! Эгер*** *(жихадга)* ***чыкпасаңар,*** *(Аллах)* ***силерди жан чыдагыс азап менен азаптайт жана ордуңарга башка бир коумду алып келет. Силер болсо Ал Затка бир да зыян жеткире албайсыңар. Аллах бардык нерсеге кудуреттүү»*** [9:38-39]

**Хизб-ут-Тахрир**

**3-рабиуссаний, 1445-х.**
**18-октябрь 2023-м.** ❑

## МУСУЛМАНДАР ООРУЛУУ УЧУР МЕНЕН ҮМҮТ БЕРГЕН КЕЛЕЧЕК ОРТОСУНДА
## (ПАЙГАМБАРЫК МИНХАЖЫ НЕГИЗИНДЕГИ ХАЛИФАЛЫК)

**Амир Салим Абу Убайда**

Учурдагы абалыбыз жана бытырандылык, бөлүнүү, жеңилүү даражасына жеткен мусулмандардын ахвалы жөнүндө фикир жүргүзгөн киши Умматтын мурунку абалынан т.а. мамлекетибиз жана артында туруп согуш кылына турган, коргоно турган имам-халифабыз болгон кездеги күч-кубатынан айырмаланат. Исламий Умматтын негизги багыты анын бир уммат экендиги:

﴿إِنَّ هَٰذِهِۦٓ أُمَّتُكُمۡ أُمَّةٗ وَٰحِدَةٗ وَأَنَا۠ رَبُّكُمۡ فَٱعۡبُدُونِ﴾

***«Силердин умматыңар чындыгында бир Уммат. Мен болсо Роббиңермин. Демек, Мага гана сыйынгыла!»*** [21:92]

Бул Уммат бир дене сыяктуу бири-бирине ырайымдуу жана мээримдүү:

«مَثَلُ الْمُؤْمِنِينَ فِي تَوَادِّهِمْ وَتَرَاحُمِهِمْ وَتَعَاطُفِهِمْ مَثَلُ الْجَسَدِ...»

**«Момундар өз ара мээримдүүлүк, ырайымдуулук жана тилектештикте кудум бир денеге окшойт...».** Бирок, бул дене башы болсо гана т.а. чара көргөн акыл жана жетектөөчү жетекчи болсо гана иштери жакшы бүтө турган о.э. абалы туруктуу боло турган адамдын денесине окшойт. Биздин мамлекетибиз жана халифабыз бар замандарда кудум ушундай эле, биз бүткүл адамзаттын саййиди жана жетекчиси болгонбуз. Бирок, Батыш бизге каршы Чыгыш менен тил бириктирип, мамлекетибизди кулатты жана олжону өз ара бөлүп алышты. Бүгүн биз өз үйүбүздө туткундарга айландык жана арабыздагы азат кишилер «кезек кимдики» деп сурап калды. Биз арамзалардын дастаркону алдындагы жетимдерге айландык, кыйроо жана кырсыктардан башыбыз чыкпай калды! Адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Уммат үчүн бул табигый абал эмес. Азап-кыйынчылык жана кыйроолор бизге тынымсыз келип, акыбетте ушул абалга түштүк. Бирок, абал ушинтип эле тура бербейт, башыбызга түшкөн бу караңгы күндөрдүн артынан кубаныч келиши зарыл.

Биз өткөнүбүздөн илхам алып, Аллах Субханахунун убадасы жана Расулу ﷺдын башараты болгон Пайгамбарык минхажы негизиндеги Халифалык менен азиздик жылдызыбыз жаркырашына жакын калгандыгы жөнүндө кушкабар берип, мусулмандардын Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык доорундагы вакиълиги менен бүгүнкү вакиълигин бир катар саптар аркылуу салыштырмакчыбыз. Расулуллах ﷺ Ислам мамлекетин тикелеп, Аллахтын китеби менен өкүм кылганда алгачкы ирет Аллах Субханахунун убадасы жана Расулу ﷺдын

башараты болгон ушул кубат-азиздикке күбө болгонбуз. Өзүнүн мухкам Китебинде кудурети улуу Роббибиз айтат:

﴿يَهۡدِي بِهِ ٱللَّهُ مَنِ ٱتَّبَعَ رِضۡوَٰنَهُۥ سُبُلَ ٱلسَّلَٰمِ وَيُخۡرِجُهُم مِّنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِ بِإِذۡنِهِۦ وَيَهۡدِيهِمۡ إِلَىٰ صِرَٰطٖ مُّسۡتَقِيمٖ﴾

***«Аллах ал себебдүү Анын ыраазылыгын ээрчигендерди нажат жолдоруна хидаят кылат жана Өз каалоосу менен аларды караңгылыктан нурга чыгарат жана аларды Туура жолго хидаят кылат»*** [5:16]

Бул сөздөр капилетте калганды эсине келтирсе, унутканга эскертме болсо, уктап жатканды ойготсо жана чокту жалындатса, ажеп эмес...

**Биринчи кезекте муслумандардын бүгүнкү вакиълигине саясий жактан назар салабыз:** бүгүнкү күндө мусулмандар рувайбиза өкүмдарлардын зулуму жана зомбулугу астында калышкан. Өкүмдарлар мусулман өлкөлөрүн бөлүп алышып, адамдарды темир жана от жардамында башкарышты, аларды көптөгөн азаптарга салышты. Мусулмандардын арасындагы эң ардактуу кишилерди куугунтукташты, динге жардам берүү үчүн аракет кылып жаткан калыстарды камашты, өлкөнү кафир мамлекеттердин күрөш майданына айлантышты. Мусулмандардын канчасы кыргын кылынганын жана канчасы качкынга айланганын эсептөө менен алек болушту... Мусулман өлкөлөрү үчүнчү дүйнө мамлекеттерине, мусулмандар болсо Эл аралык Валюта Фонду менен АКШ жетектеген тогут БУУнун туткундарына айланышты. Мусулмандардын калктар жана мамлекеттер арасында эч кандай кадыры, орду калбады, негизи, мусулмандардын мамлекети он эки кылымдан ашуун дүйнөнүн биринчи мамлекети болуп турган эле. Бүгүн болсо, тогут мамлекет айткан жана каалаган нерсе мыйзам жана чечимге айланды... Мусулмандар чегаралар аркылуу ыдыратылды. Өлкөлөрү болсо согуш, душмандык жана фитна очогуна айланды. О.э. ыфлас улутчулдук жана мекенчилдик чыр-чатактары күчөдү.

Качан Аллах Таала ушул мамлекеттин кайтып келишине уруксат берсе, мусулмандардын айбаты, күч-кубаты жана өкүмдарлыгы да кайтат, кайра дагы биринчи номурдагы мамлекетке айланат, кайра Укаб байрактары желбирейт, кайра мусулмандар-кайрымусулмандар Ислам ниъматында болушат. Ал тургай, өз жетекчилеринин зомбулугунан азап тартып жаткан кафирлер да Ислам мамлекетинин коргоосунда болушат. Мамлекет алардын залим жетекчилерин тыйып коюу үчүн согуш ачышы да мүмкүн. Себеби, Ислам – бүткүл адамзат үчүн рахмат дини. Мусулман мамлекетинде халифанын гана шарттары астында коалиция жана келишимдер түзүлөт... О.э. туруктуу келишимдер да, мамлекеттердин тузактар да болбойт...

**Экономикалык жагына келсек,** бүгүн көпчүлүк мусулмандар өтө муктаждыкта, өтө жакырчылыкта жашашууда, алардын көпчүлүгү бир үзүм нан үчүн күндү түнгө улашууда. Алардын көпчүлүгү камалий муктаждыгы тиякта турсун, ал тургай, негизги муктаждыгын да камсыздай албай жатышат. Алардын мойнуна салыктар жүктөлүп, соодагерлерден адилетсиз макс-салыктар алынып, алар муну адамдардын капчыгынан алышууда... Баалар асман чапчыган, үлкөн коррупция орношуп, исламий өлкөлөрдө ири өлчөмдө байлыктар бар экенине карабастан, кээ бир өлкөлөр ачкачылыкты башынан өткөрүшүүдө. Эгер, мусулмандардын иштерин камкордук менен башкаруучу халифа болгондо, байлыктын көптүгүнөн аны кочуштап алышканына күбө болот элеңер. Себеби, зекетте, файда, олжодо, рикаазда, садака жана умумий мүлктө алардын насиб-үлүшү бар. Расулуллах ﷺ:

«النَّاسُ شُرَكَاءُ فِي ثَلَاثٍ: الْمَاءِ وَالْكَلَأِ وَالنَّارِ»

**«Адамдар үч нерседе шерик: суудa, чөптө жана отто»**, - деген. Ислам ал тургай жеке тартипте болсо да ар кандай жараны дарылоого салым кошо турган түшүнүктөрдү берген. Маселен, байлар кембагалдарга бериши менен аларды бир түзүмгө жана денеге айлантткан түшүнүктөр мисал болот. Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ كَانَ مَعَهُ فَضْلُ ظَهْرٍ فَلْيَعُدْ بِهِ عَلَى مَنْ لَا ظَهْرَ لَهُ، وَمَنْ كَانَ لَهُ فَضْلٌ مِنْ زَادٍ فَلْيَعُدْ بِهِ عَلَى مَنْ لَا زَادَ لَهُ»

**«Кимде ашыкча маркабы болсо, аны маркабы жок кишиге берсин, кимде ашыкча жемиши болсо, аны жемиши жок кишиге берсин».**

«مَا آمَنَ بِي مَنْ بَاتَ شَبْعَان وَجَارُهُ جَائِعٌ إِلَى جَنْبِهِ وَهُوَ يَعْلَمُ بِهِ»

**«Кимде-ким кошунасы ачка экенин билип туруп, өзү ток абалда таң аттырса, мага ыйман келтирбептир».** Иш-аракетти ыйманга байлоо амалга шашылууну күчөтөт.

Эртеңки күнгө келсек, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык Аллахтын урухсаты менен тикеленсе, Аллахтын:

﴿وَلَوْ أَنَّ أَهْلَ ٱلْقُرَىٰٓ ءَامَنُوا۟ وَٱتَّقَوْا۟ لَفَتَحْنَا عَلَيْهِم بَرَكَـٰتٍ مِّنَ ٱلسَّمَآءِ وَٱلْأَرْضِ﴾

***«Эгер, ал айылдардын калкы ыйман келтирип,*** *(Аллахтан)* ***коркушканда, албетте Биз аларга асман-жерден береке*** *(дарбазаларын)* ***ачып койгон болот элек»*** [7:96]

деген каламы жүзөгө чыкканда, Халифалык отуз миллион квадрат километрге жакын кеңири майданды бир өлкө жана бир мамлекетке

айлантат. Ошондо адамдар миллион-миллиондогон баррель нефть казылып алынып жаткан, фосфат, темир, болот жана башка металдар, алтын жана күмүш сыяктуу баалуу кендерге толгон өлкөлөрүбүздө күн жана шамал энергиясынан, ядролук реактрлардан жана башка эсепсиз байлыктарынан пайдаланышат, ушул аркылуу ажайып бакубат жашоо менен камсыздалышат... Айыл чарба механизациясы, ири техника жана мелиорация түзүлүп, кайрак жерлер жашылдандырылат, дыйканчылык, мөмө-жемиштер, хираж, үшрлөр жолго коюлат жана жер жүзүнүн бүткүл ниъматтары тартуу кылынат:

﴿وَبَٰرَكَ فِيهَا وَقَدَّرَ فِيهَآ أَقۡوَٰتَهَا فِيٓ أَرۡبَعَةِ أَيَّامٖ سَوَآءٗ لِّلسَّآئِلِينَ﴾

***«Ал Зат*** *(жерди)* ***берекелүү кылды дагы ошол*** *(жер)**де анын жемиштерин*** *(жер калкынын ырызкы-насиптерин)* ***толук төрт күндө белгилеп бөлүштүрдү.*** *(Бул тактоо)* ***суроочулар үчүн»*** [41:10]

О.э. тоолорго, ал тургай, чөлдөргө дыйканчылык кылынат жана бардыгынын өз мезгили болот, мусулман өлкөлөрүндө куштар ачка калыптыр делбеши үчүн тоолорго чейин дан себилет...

**Медицина тармагына келсек,** ооруканалар жана медициналык борборлор ачылат, акысыз дарылануу жана дары-дармек камсыздалат, фармацевтика өнөр жайы жергиликтүү болот, мүмкүнчүлүктөр жетип барбаган орун калбайт. Бул мүмкүнчүлүктөр өзгөчө кырдаалдар, зилзала жана кырсыктар, куткаруу жана коргонуу үчүн пайдаланылат, куткаруу топторунун бири белгилүү вазыйфа менен алектенсе, экинчиси башка бир вазыйфа менен алектенет ж.б.у.с... Эң билимдүү дарыгерлер – эгер өлкөбүздө жок болушса – чет элден алынып келинет. Бүгүнкү күндө Батыштагы эң талантту дарыгерлердин көпчүлүгү мусулман өлкөлөрүнөн экендигине күбө болуп жатабыз. Алар өлкөлөрүбүздөгү кылмышкер режимдердин зулумунан, адилетсиздигинен жана калкты ачка коюшканынан чет элге кетүүгө мажбур болушкан, Батыш аларды кооз маяналар менен өзүнө тарткан.

О.э. эртең Халифалык мамлекти медициналык камкордукту камсыздап, эң өнүккөн медициналык жабдыктарды сатып алышын, ал тургай, сатып алмакчы болгон адамдарга жардам беришине күбө болобуз. Бул мамлекетибизде – коронавирус пандемиясы учурунда болгондой – медициналык маскалардын монополиясын жана мамлекеттер бири-бирине каршы тил бириктиришин, күрөштөрүн таптакыр көрбөйбүз. Согушта жарадар аскерлердин жардамсыз

калтырылышына, медициналык кызматтардын начардыгына даттануулларга күбө болбойбуз... Буга Шамдагы алсыз тогут режимди коргоп, жарадар болуп, бирок, режимден эч кандай жардам ала албаган аскерлердин абалы мисал болот. Муну менен бирге, Мисирге чабуул кылып, андан кийин өзүнүн жарадар аскерлерин таштап кеткен Наполеон да мисал болот.

Мамлекетибиз болгон кездеги күч-кубатыбызды карай турган болсок, бүткүл исламий регион ооруканалар менен камсыздалганын, дүйнөдө медициналык ойгонууга пайдубал болгон Ибн Сина жана башка өтө көптөгөн табибдер сыяктуу таланттуу дарыгерлер болгонун көрөбүз. Акысыз же өтө арзан дарыланууну, медициналык изилдөөлөрдү, ачылыштарды, дары-дармектерди, эң жаңы технологияга ээ алдыңкы хирургиялык жабдыктарга күбө болобуз. Муну жакында, Аллах Тааланын урухсат-ирадасы менен өтө жакын күндө көрөбүз.

**Илим-фан тармагына келсек,** Расулуллах ﷺга эң биринчи:

﴿ٱقۡرَأۡ﴾

***«Оку»*** [Калам: 1]

деген аят түшкөн. Бул, окуу, илим алуу жана илим берүү канчалык маанилүү экенине далалат кылат. Аллах Азза ва Жалла айтат:

﴿قُلۡ هَلۡ يَسۡتَوِي ٱلَّذِينَ يَعۡلَمُونَ وَٱلَّذِينَ لَا يَعۡلَمُونَۗ﴾

***«Айткын: «Билгендер менен билбегендер тең болобу?!»*** [39:9]

﴿فَسۡـَٔلُوٓاْ أَهۡلَ ٱلذِّكۡرِ إِن كُنتُمۡ لَا تَعۡلَمُونَ﴾

***«Билбесеңер, илимдүүлөрдөн сурагыла!»*** [16:43]

Ар тармактын ээси бар. Бул аяттар ким билимсиз болсо, билген кишиден сурашы фарз экендигине далалат кылууда. Расулуллах ﷺ айтат:

«لَيْسَ مِنِّي إِلاَّ عَالِمٌ أَوْ مُتَعَلِّمٌ»

**«Ким аалым же үйрөнүүчү болбосо, менден эмес».**

«مَنْ سَلَكَ طَرِيقًا يَلْتَمِسُ فِيهِ عِلْمًا سَهَّلَ اللَّهُ لَهُ بِهِ طَرِيقًا إِلَى الْجَنَّةِ»

**«Ким илим издөө жолунда жүрсө, Аллах ага илим аркылуу бейишке жеткирүүчү жолду жеңилдетет».** Бүгүнкү күндө мусулмандарды системалык түрдө сабатсыз кылуу саясаты жүргүзүлүп жатат, ким билимдүү болууну кааласа, анын тагдыры кайдыгерлик, же чет элге кетүү, же ийгиликсиздик менен бүтүүдө.

Ошондуктан, Халифалыкта илим алууга жана илим берүүгө өзгөчө көңүл бурулушун, таалим программалары Ислам акыйдасына негизделип, исламий сакафат берилишин көрөбүз. Аалымдар балалыктан өнөр жай менен алектенишин, химиктер, физиктер жана атом аалымдары өсүп чыгышын, университеттерибиз келечек муун үчүн илим-фан маягына айланып, ал жерлерге Батыш да, Чыгыш да илим издеп келишине күбө болобуз. Тарыхка дал ушундай болгон. Немис королу андалустук халифага достук жана ыраазычылыкка толгон кат жазып, Куртуба, Андалусия жана башка исламий борборлордогу университеттерде таалим алышы үчүн немис кыздарынын бир тобун жиберишин, алардын башчысы королдун кызы болушун айткан.

Бүгүнкү күндө аалымдар назарий жакка байланып калышкан, өтө сейрек учурларда амалий жакка этибар беришүүдө. Алардын арасынан илимде ийгиликке жетишкени боло, токтотуп коюлууда же чет элге көчүп кетиши үчүн басым өткөрүлүүдө, ал тургай, кээ бир абалдарда өлтүрүлүүдө. Жок, Халифалык мамлекетинде буларды көрбөйбүз, текерисинче, жогорку технология жана санарип дүйнөсү Аллахтын пенделери үстүнөн тыңчылык кылуу же бузгунчулук жаюуга эмес, Аллахка моюн сунууга кызмат кыларын көрөбүз.

**Эми, ижтимаий тармак.** Биз эртең намыстар сакталышын, насил корголушун көрөбүз. Бүгүн Батышта жана аны ээрчиген кээ бир мусулмандарда көрүп жатканыбыздай, үйсүздөрдү, атасыздарды, тексиздер жана зынадан төрөлгөндөрдү таптакыр көрбөйбүз. Тескерисинче, аял «үй кожойкеси жана корголушу зарыл намыс» экенин, алар абийир, тазалык жана уят кийимине оронгонун көрөбүз, эркек-аял аралашкан абалдарга, жарандык никелерге жана эр-катын шаръий эр-катындыктан тышкары жашоосуна жана алака кылуусуна таптакыр күбө болбойбуз.

О.э. эртең мусулмандардын чегараларын коргой турган, «Оо, Муътасим!» деп кайрылган аялга нусрат берүү үчүн кошуун тартып барып, токсон миң душманды кырып, Амурияны фатх кыла турган эр кишилерди көрөбүз. Көзүн тыйган жана фаржын сактаган адамдарды, Ислам ал тургай конок күтүү даражасында да эң кичине иштерге көңүл бурушун көрөбүз. Мисалы: «Усманийлер заманында көчө тараптагы эшикте эки: бири чоң, бири кичине каккылагыч коюлган. Эгер, чоң каккылагыч такылдатылса, үйдөн эркек киши чакырылып жатканын билдирген жана эшикти эркек киши ачкан,

эгер кичине каккылагыч такылдатылса, аял чакырылып жаткандыгын билдирген жана эшикти аял ачкан» деп айтылат.

О.э. Усманийлер заманда мусулмандар үйдүн алдынан өтүп бара жатып, эшиктин алдында кызыл гүлдүн тутамын көрүшсө, демек, үйдө оорулуу бар экенин билишкен жана анын тынчын албоо үчүн көчөдө ызы-чуу көтөрүшпөгөн. Ислам мамлекетинде «CEDAW» конвенциясы да, аялдардын эркиндиги же балдардын укугу уюмдары да болбойт. Ооз көбүртүп мактанып жатышкан мындай уюмдардан максаты: бузгунчулук жана фахш таратуу, үй-бүлөлөрдү ыдыратуу, «жеке эркиндик» астында зынаны кеңири жаюу, гомосексуализмге жана айбандар менен нике кылууга чакыруу сыяктуулар.

**Аскерий тармак жөнүндө айтсак,** аскерий сапарбарлыкка зарылдык жаралганда миллиондогон, ал тургай, он миллиондогон жана андан ашык аскерлер катарга тургузулат. Чегараларды коргоо, өлкө жана жаранды сактоо үчүн эң акыркы типтеги курал-жарактар даяр турат. «Өзүңдү тыйбасаң, сага каршы ушундай кошуун жиберем, кошуундун башы менин алдымда, акыры сенин алдыңа чейин жетет, мага башыңды алып келишет, аны Алиге тартуу кыламын» деген сөздөрдү угабыз. Кошуундун амири: «Силер жашоону жакшы көргөндөй, өлүмдү жакшы көргөн коом менен келдик», - дейт. Эртең зомбулук кылып, кыргындарды жасаган яхудий кошуундарын да, жада калса, алар менен кызматташкан исламий өлкөлөрдүн рувайбизаларын да көрбөйбүз. Себеби, анын негизин жана рувайбизаларды таппайбыз. Фалестин болсо, Халифалыктын кучагына кайтат, яхудийлердин куйругу кесилет, кылмышкер өкүмдарлар тарых таштандысына ыргытылат:

﴿فَقُطِعَ دَابِرُ ٱلۡقَوۡمِ ٱلَّذِينَ ظَلَمُواْۚ وَٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ﴾

***«Бүткүл ааламдардын Раббиси Аллахка хамд болсун! Залим коомдун куйруктары кесилди** (жок кылынды)»* [6:45]

Дивизиялар, танктар, ракеталар, замбирек жана аскерий техникалар болот... Халифалык мамлекетинде заводдор, ал тургай, азык-түлүк же дары-дармек жана башкаларга адистешкен завод болсо да, негизи аскерий көрүнүштө курулат. Асманыбызда душмандын самолёттору учуп өтө албайт, бизди бомбалоого жана коркутууга батына албайт. Сый-урматыбызды тебелегендерден албетте өч алабыз. Кемелерибиз өткөндө – кудум Усманий мамлекеттин камелери Босфордон өтүп бара жатканда алардан

коркушкандан улам Батыш чиркөөлөрү коңгуроо какпай турушкандай – үнүн чыгарбай турган болот.

Суу асты кемелерибиз жана танкерлерибиз деңиздерди кезип жүргөнүн, душман регионалдык суулар деп айтылып жаткан жерлерге ал тургай жакындашууга да батына албай жатканын көрөбүз. Ондогон жылдардан бери талап-тоноолгон, уурдалган байлыктар мусулмандарга тиешелүү деңиздерде кайра мусулмандарга ташылып жатканына күбө болобуз. Деңиз суусу тузсуздандырып, ичүү жана суугару үчүн тазаланганын көрөбүз. Булардын бардыгы деңиздин бир тамчылары гана. Кыскача айта турган болсок, качан Аллахтын шариятына амал кылып, буйруктарын бекем кармасак, Роббибиздин бизди сыйлай турган ниъматтары эсепсиз болот.

Аллахка дуа кылып, динибизди үстөм кылышын, кооп-коркунучтуу абалыбызды тынчтык-кадыржамдыкка өзгөртүшүн жана Халифалык тикелешибизге жардам беришин сурайлы. Биз Халифалыкты абдан сагындык. Аллахым, бизди жетекчи кылгын, бизди алмаштырбагын. Пенделериңдин арасынан башкасын эмес, бизди тандагын. Бизди хидаят кылгын жана биз аркылуу башкаларды да хидаят кылгын. Бизди хидаятка жетишкендерге жетекчи кылгын!

Өзүң айткандай:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтирип, жакшы амалдарды кылгандарга, кудум мурунку өткөн*** *(итикаддууларды)* ***халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн кооп-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким ушул*** *(убада)****дан кийин куфрону*** *(ниъмат)* ***кылса, анда, алар фасыктар»***

[24:55] ❑

## МАМИЛЕЛЕРДИ НОРМАЛДАШТЫРУУ КЕЛИШИМДЕРИ (ИБРОХИМ КЕЛИШИМИ) ЖАНА ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШТАГЫ СТРАТЕГИЯЛЫК СОЮЗ... ЭЛ АРАЛЫК АТААНДАШТЫК «ИЗРАИЛЬ» РЕГИОНДОГУ НЕГИЗГИ ОЮНЧУ (3)

**Наср Фаяз – Мубарак Фалестин жери**

### 3 – Энергия: нефть жана газ түтүктөрү

Булуң, Ирак нефтисин жана газын Сувайш каналын четтеп өтүп (Израиль) аркылуу Европага экспорттоо үчүн бир нече газ жана нефть түтүктөрүн кайра куруу о.э. жаңы түтүктөрдү орнотуу үстүндө иш алып барылууда. Бул иштер Американын газ тармагындагы Россия менен атаандаштыгы, Европанын энергияга болгон муктаждыгын жабууда Россияга карата көз карандылыгын азайтуу стратегиясынын алкагында ишке ашырылууда.

### «Эйлат-Аскалан» түтүгү

Бул Иран шахынын өкүмдарлыгы доорунда (израиль) менен шериктештикте курулган түтүк. Бул түтүк Мисирге каршы үч тараптуу агрессиядан жана Жамал Абдуннасир Сувайш каналы аркылуу жүк ташууга чектөө койгондон кийин ишке түшүрүлгөн. 1968-жылы яхудий вужуду менен Иран Европага чийки нефть жеткирүү максатында "Эйлат-Аскалан" түтүк линиясын 50 % - 50 % биргелешкен долбоор катары каттаган. 1969-жылы аткарылып бүткөн бул долбоорго ылайык, түтүктүн диаметри 42 дюйм, узундугу 255 километрди түзөт. Т.а. Аскалан портунан баштап Кызыл деңиздеги Эйлат портуна чейин созулуп, бир күндө 1,2 миллион баррель, карама-каршы багытта 400 миң баррель нефть өткөрүү кубатына ээ. Учурда түтүк (израиль) Азербайжан менен Казакстандан импорттогон газды ташууга кызмат кылууда жана көпчүлүк вазыйпасы карама-каршы багытта алып барылууда. Ал Аскаландан түшүрүлгөн нефтини Эйлаттагы өндүрүшчүлөр жөнөткөн танкерлерге куюп жатат. Эйлаттан нефть танкерлери Кытайга, Түштүк Кореяга же Азиянын каалаган жерине барат. Түтүккө параллель түрдө бензин жана дизель сыяктуу нефть продукцияларын алып өткөн дагы бир түтүк бар. (израиль) өкмөтү Эйлат-Аскалан түтүгүн кеңейтүү жана өнүктүрүүгө, Фарс булуңу мамлекеттериндеги нефть жана газ түтүктөрүн ага улоого үмүт кылууда. «Арабий Жадид» кабарлашынча, түтүктөрдү улоо Фарс булуңунун инвестициялары аркылуу ишке ашырылат.

«Маарив» гезитинин кабарына ылайык, эгер (израилдин) арзуусу ишке ашса, түтүк азыркы убакта Сувайш каналы аркылуу өтүп жаткан газ же күйүүчү май көлөмүнүн 12-17 пайызын түзөт. Бул болсо, Мисирге чоң жоготууларды алып келет. Себеби, Мисир негизинен каналдын кирешелерине таянат.

Американын «Foreign Policy» журналы Бириккен Араб Эмираттары менен (израиль) ортосундагы мамилелерди нормалдаштыру келишиминен эң көп зыян көргөн тарап Мисирдин Сувайш каналы болорун билдирди. Бул, Тель-Авивге чөлдөгү нефть түтүктөрүн активдештирүүгө жардам берет. Бул түтүктөр Акаба булуңундагы Эйлат портун Кызыл деңизге жана Аскаландагы нефть танкерлери портун Жер Ортолук деңизге байлайт.

Яхудийлердин «Макор Ришон» гезити маалымдашынча, тышкы иштер жана коргоо министрликтери Тель-Авивде Фарс булуңу нефтисин ташуу мүмкүнчүлүктөрүн талкуулоо үчүн бир катар жолугушууларды өткөргөн. Жолугушууга «Катча» нефть компаниясынын этибарлуу өкүлдөрү да катышкан. Яхудий массалык маалымат каражаттарында 2020-жылы октябрь айында Америка, (израиль) жана Бириккен Араб Эмираттары ортосунда «энергетика тармагында биргелешкен стратегияны иштеп чыгуу» боюнча үч тараптуу келишим түзүлгөнү жөнүндө кабар берилди. Бул кабарларга ылайык, келишим Азия жана Жакынкы Чыгыштан Европага нефть жана газды ташуу инфраструктрасын, «Эйлат-Аскалан» түтүк линиясын куруу инфраструктурасын өнүктүрүүнү өз ичине алат. Бул линияны башкарган Эйлат-Аскаландын маалыматына ылайык, долбоордун биринчи баскычы нефтини Бириккен Араб Эмираттарынан Эйлаттагы түтүк линиясы компаниясынын терминалына, Эйлаттан Аскаландагы компаниянын терминалына, ал андан бүткүл Жер Ортолук деңизиндеги кардарларга ташууну өз ичине алат.

Порт компаниясынын жетекчиси Султан Ахмад Салим: «(израиль) өтө маанилүү регионалдык жана стратегиялык байланыштыруучу борборго айланат», - дейт. «Бириккен Араб Эмираттары менен (израиль) ортосундагы мамилелер эки тарап ортосунда беш миллиард долларлык товар айырбаштоосуна алып келет», - деп кошумчалады ал.

Американын «Foreign Policy» журналынын кабарында келгендей, (израиль) менен Иран ортосунда жашыруун курулган түтүк линиясы боюнча Бириккен Араб Эмираттары аны менен келишимди бекемдегенден кийин (израиль) региондогу энергия соодасында жана нефть саясатында чоң роль ойноо алдында турат.

Бул линияны башкарган «Asia Pipeline Company» менежеринин айтымында, Кызыл деңизден Жер ортолук деңизге чейинки 254 км. узундуктагы канал Мисирдин Сувайш каналынан жакшыраак жана арзан альтернативаны тартуулоо менен нефть жана газ менен регионду гана эмес, дүйнөнү камсыздаган деңиз портторуна ташыган араб түтүктөрү тармагына уланат.

Кабарда айтылгандай, бул линиянын Сувайш каналынан үстөмдүгү Аскалан жана Эйлаттагы станциялардын бүгүнкү күндө нефть ташууда өкүмдарлык кылып жаткан ири танкерлерди сыйдыра алышында. Бирок, бул танкерлер каналга сыйбай турган даражада чоң. Компаниянын иши ар дайым (израилдин) абдан сакталган сырларынын бири болуп келген.

«Foreign Policy» журналында баса белгиленгендей, Бириккен Араб Эмираттары-(израиль) келишиминин айланасындагы ызы-чуулардын көпчүлүгү технология, саламаттыкты сактоо, таалим жана туризм сыяктуу башка тармактарга каратылган болсо да, ушул «Эйлат-Аскалан» түтүк линиясы нефть дүйнөсүндөгү ушул келишим менен Фарс булуңунун экономикасынын назик жайынан кармаган.

Журналда кошумчалангандай, ошол эле учурда энергетика боюнча Араб-(израиль) келишимдеринин (израиль) түтүк линиясына инвестиция салуудан тартып, аны табигый газды ташууга ылайыкташтыруу же Сауд Арабия жана Жакынкы Чыгыш бойлоп түтүк линияларына туташтыруу мүмкүнчүлүктөрү көп.

**Түтүктү Сауд Арабияга чейин узартуу сунушу**

(израилдин) «Globes» журналынын кабарына ылайык, (израиль) Бириккен Араб Эмираттарынан Сауд Арабиянын Транс-(израиль) түтүк линиясы компаниясына нефть жана нефть продукцияларын ташуу үчүн түтүктөрдү, же жерде (Иордания) же деңизде Эйлаттан Янбуъ нефтисин кайра иштетүү заводуна узартууга урухсат берүүгө көндүрүүнү сурамакчы экендигин маалымдаган. (израиль) бул сунуштун деталдарын талкуулоо үчүн компания президенти Эрез Калфан жана анын башкы директору Итзик Ливи менен тышкы иштер жана коргоо министрлигинин жогору мартабалуу өкүлдөрү ортосунда бир нече жогору даражадагы жолугушууларды өткөрдү. Бул сунуш нефтини ташуу мөөнөтүн, анын баасы жана «финансылык жана аскерий» камсыздоо талаптарын кыскартууну алга сүрүшү менен өзгөчөлөнүп турат. Себеби, ал Хурмуз кысыгы, Бабул Мандаб жана Сувайш каналы аркылуу жүк алып өтпөйт. (Википедия).

(израилде) чыккан "Глобус" гезити маалымдашынча, кеп «Эйлат–Аскалан» түтүк линиясы компаниясынын Сауд Арабиядан араб нефтисин жана нефть продукцияларын ташуу системасына улануусу боюнча узак жылдык долбоору жөнүндө болууда. Долбоордун борборунда компаниянын Эйлаттагы нефть платформасын Саудия тармагына улоо мүмкүнчүлүгү жатат. Ал бүгүнкү күндө Эйлаттан 700 км. түштүктө жайгашкан Янбуъ нефтти кайра иштетүү станциясына чейин жетет. Кабарларга ылайык, Саудия нефтиси Сауд Арабиянын

чыгышындагы Абкайд регионунан Европа жана Түндүк Америкага экспорттоо үчүн Эйлат портуна ташылат.

Сауд Арабия (израиль) менен мамилелерди нормалдаштыргандан кийин аны менен долбоорлорду жарыялоону күтүүдө. Бириккен Араб Эмираттары жана (израиль) мамилелерди нормалдаштыруу келишимдерин жарыялагандан бир күн өтүп, АКШ президентинин башкы кеңешчиси (израиль) менен Сауд Арабия ортосунда мамилелердин нормалдашуусу шексиз экендигин айтты. Ал бул сөздү Сауд Арабия мамилелерди нормалдаштырып жаткан мамлекеттерди Ибрахим келишимин түзүүгө кызыктырууда маанилүү роль ойношуна ишеним пайда кылганы үчүн айтты.

Сауд Арабиянын мураскер канзадасы Мухаммад ибн Салман «The Atlantic» журналына берген алгачкы интервьюсунда (израилдиктердин) фалетиндиктер менен бирге жашашына эч кандай диний каршылык жоктугун жана анын мамлекети менен (израиль) ортосунда кызыкчылыктар бар экенин баса белгилеген. О.э. ал: «Региондо тынчтык орнотулса, (израиль) менен Булуң Кызматташтык Кеңешинин мамлекеттери ортосунда көптөгөн кызыкчылыктар жүзөгө чыгарылат. Бул болсо, Сауд Арабиянын региондо сунуш кылынып жаткан долбоорлорго кошулууга үндөйт», - деп кошумчалаган.

**Түтүктөрдү Бириккен Араб Эмираттарына чейин узартуу**

(израиль) өкмөтүнө караштуу «Эйлат-Ашкелон» түтүк линиясы компаниясы (EAPC) Кызыл деңизди т.а. Эйлат шаарын Аскалан менен т.а. Жер Ортолук деңизи менен байланыштырган түтүк линиясын Бириккен Араб Эмираттарына чейин узартуу боюнча келишим түзүлгөнүн билдирди.

Компания «Mid-Red Land Bridge» компаниясы менен өз ара түшүнүшүү меморандумуна кол койгонун баса белгиледи. («Mid-Red Land Bridge» компаниясы (израиль)-Бириккен Араб Эмираттары биргелешкен компаниясы болуп, башкы кеңсеси Абу Дабиде жайгашкан). О.э. компания «AF Entrepreneurship» компаниясы, «Loopliner» эл аралык инфраструктура жана энергия компаниясы менен да түшүнүшүү меморандумун түзгөн. Меморандум казып алынган күйүүчү майды түздөн-түз Европага ташууда Абу Даби үчүн көпүрө камсыздап берди. О.э. ал Бириккен Араб Эмираттары менен (израиль) ортосунда алакалар орнотулганын жарыя кылгандан бери тараптар ортосунда пайда болгон кызматташтыктын эң маанилүү көрүнүштөрүнүн бири болуп эсептелет. (израиль) компаниясы баса белгилегендей, келишим Абу Дабиде АКШ финансы министри Стивен Мнучин, Америка жана Бириккен Араб Эмираттарынын башка расмийлеринин катышуусунда түзүлгөн. Анын көлөмү бир нече жылда

700 жана 800 миллион долларга жетет. Жеткирүү иштери 2021-жылдын башында башталышы мүмкүн. (Википедия).

**Киркук-Хадиса-Амман-Хайфа же Масул-Хайфа түтүк линиясы**

Википедиядагы маалыматтарга ылайык, Масул-Хайфа нефть түтүгү Ирактын түндүгүндөгү Киркукта казып алынган чийки нефтини Иордания аркылуу Фаластиндин Хайфа шаарына ((израиль) аймагында жайгашкан шаарга) ташыган мурунку түтүк линиясы. Бул түтүктүн диаметри 305 мм жана узундугу Хайфа портуна чейин 942 километрди түзөт. Ал Хайфадан дүйнөнүн калган жайларына нефть экспорттоо үчүн болжолдонгон. Бул түтүк линиясы 1932-жылы ушул мамлекеттер Британия мандаты астында болгон доордо «Iraq Petroleum» компаниясы тарабынан курулган. Ирак 1948-жылдагы согуш себептүү ал аркылуу нефть куюуну токтоткондон кийин бул түтүк өз ишин толук токтоткон.

2003-жылы Ирак басып алынгандан кийин кээ бир (израиль) расмийлери 55 жыл токтоп калган бул линияны кайра ишке түшүрүү жөнүндө айта башташты. Бул үчүн даярдык иштери да жүрүп жатат. О.э. Америка жана Британия кошуундары Иракка кириши менен араб жетекчилери жана (израиль) премьер-министри Ариэл Шарон администрациясы Хайфадагы нефть түтүгүн кайра куруу максатында байланыш орнотконун (израиль) саясий булактары тастыкташты. (израиль) инфраструктура министри Паретский да Масул жана Хайфа ортосундагы нефть түтүгүн иштетүү күйүүчү майдын баасын болжол менен 25 пайызга төмөндөтүшү мүмкүн экендигин айтты. (израиль) инфраструктра министрлигиндеги булак 2005-жылы апрель айында (израиль) Иордания расмийлери менен түтүктү кайра ишке түшүрүү боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүп жатканын жарыялады, бирок, ошол кезде Иордания өкмөтү муну четке каккан.

Чамасы, Ирактагы туруксуздук долбоордун чабуулга учурашын же бекер кылынышын алдын алуу үчүн аны жандантуу иштерин о.э. анын айланасындагы инвестицияларды абдан сыр сактоого мажбур кылган көрүнөт. Франциянын «GSS» веб-сайты жарыялаган америкалык журналист Стивен Ширдин макаласында келгендей, Америка күчтөрү Ирак нефтиси чоң транзит төлөмдөрүнүн акысына Иордания аймагы аркылуу (израилге) агып өтүшүн коргоо максатында 942 км. узундуктагы "Киркук-Хадиса-Амман-Хайфа" түтүгүнө жакын жайгашкан "Хайфа 1", "Хайфа 2", "Хайфа 3" деген үч аскерий базада элүү миңге жакын америкалык аскер кызмат кылууда.

Франциянын «GSS» веб-сайты (израилдин) «Idan Ofer» корпорациясынын жетекчилиги борбор Багдаддан 240 км. түндүктө

жайгашкан Киркук шаарында нефтини кайра иштетүү заводун куруу боюнча жашыруун долбоор келишимин түзүү максатында 2010-жылы май айында Ирак аймагына сапар кылганын билдирди. Веб-сайтта айтылгандай, жашыруун долбоорду түзүү максатында (израилдик) бизнесмен Идан Офер менен Күрдстан Улуттук Союзу катчысынын биринчи орун басары Косрат Расул Али жана Ирак нефтинин 40 пайызын өз ичине алган бай Киркук шаарындагы токтом ээлерине жакын болгон кээ бир ирактык жетекчилер ортосунда жолугушуу болуп өткөн. («Дүйнө Мекен», 2013-жыл, 5-февраль).

Вашингтон Жакынкы Чыгыш саясаты институтунун демилгеси менен түзүлгөн «Фикирлер форуму» 2020-жылы 24-ноябрда «Хадиса-Хайфа түтүк линиясы Иракка кандай пайда алып келиши мүмкүн» деген макаланы жарыялады. Бул макалада транспорт каражаттарын азайтуу, Европадан Иракка жүк ташуу убагын кыскартуу үчүн түтүк линиясын кайра түптөө жана (израиль) менен темир жол жана автомобиль жолдорун куруу алга сүрүлгөн. Бул долбоордун демилгечилеринин айтымында, долбоордун ролу кескиндикти басаңдатууга жана тынчтыкты орнотууга каратылган.

Ошол эле маалда, Ирак Иордания менен нефть түтүгүн Басрадан Акабага чейин узартуу боюнча келишим түздү. Келишимде айтылгандай, долбоордун Ирактын түштүгүнөн тартып Хадиса шаарына чейинки биринчи бскычы Ирак өкмөтү тарабынан толук ишке ашырылат. Иорданиянын Акаба портуна жетип бара турган экинчи баскыч болсо, инвестицияга сунуштоо менен аягына жеткирилет.

Келишимде кошумчалангандай, учурда долбоордун экинчи баскычына катышуу үчүн инвестициялык компанияларды чакыруу жана алардын билимин көтөрүү боюнча иштер алып барылууда. (Sky News, 2013-жыл, 10-апрель).

Бул долбоор бет ачарынын таң калычтуу жери – ал «Хадиса-Хайфа» түтүк линиясы кайра түптөлүшү менен жакындашуусу. Ирактын каржылоосу Хадиса нефть түтүгүндө бүтөт. Иордания-Ирак келишимине ылайык, Хадисадан Акабага созулган түтүк линиясы чет мамлекеттердин капиталына сунушталат. Анын көлөмү 16 миллиард долларга жетет, бул болсо Иорданиянын мүмкүнчүлүгүндө жок. Бул нерсе долбоорду Иорданияга тиешеси болбогон эл аралык масштабга алып чыгат. Иордания бул долбоордон анын өкүл атасы катары алган пайдадан башка нерсеге жетишпейт. ❑

# ИСЛАМ ХАЗАРАТЫНЫН КАСИЕТТЕРИ ЖАНА АНЫН НЕГИЗДЕРИ – МУЪЖИЗА! МУСУЛМАНДАР КАНТИП АНЫ БАШКА НЕРСЕГЕ АЛМАШТЫРЫШТЫ?!

**Саир Салама Абу Малик**

Эгер, Ислам хазаратын жана анын башкалардан өзгөчөлөнтүп турган касиеттерин терең үйрөнүп чыксак, ал аалам, адам жана тирүүлүк жөнүндөгү жогорку түшүнүктөрү менен өзгөчөлөнүп турганын көрөбүз. Бул түшүнүк аалам жана тирүүлүктү ачыктап берген кеңири көлөмдүү, жогору, идеялык, акыйдалык минхаж алкагында көрүнүшүнө күбө болобуз. Бул акыйдалык манхаж адамдын улуу аадам акыйкаттарына[1] болгон алакасын жана бул ааламдын адамга болгон алакаларын эң туура түрдө белгилеп берет. Адамга бар болушунан максатын түшүндүрөт. Дүйнө турмушунан мурунку жана дүйнө турмушунан кийинки нерселерге байлап, адамга турмуштагы өз ордун, деңгээлин жана жоопкерчиликтерин баян кылат.

«Ислам өзүнүн жалпы табиатына ылайык, бул кеңири көлөмдүү акыйдалык манхажды көз карандысыз калыпка салды. Ислам табияты ушундай, ал бүткүл адамзатка анын бардык негиз жана мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алып жалпы хытаб кылат. Зээндеги мантик калыбына куюлган суук хытаб формасында башарий фикирге гана хытаб кылып калбайт».[2] Ошентип, Ислам ыйман менен солих амалды бири-бирине айкаштырды. Себеби, ал мазмунсуз, курулай философия эмес, тирүү акыйда жана турмуш үчүн зарыл болгон түшүнүктөр. Бул түшүнүктөр жүрөктү толкундантып, анда кадыржамдыкты пайда кылат. Сезимди ойготуп, ага таасир кылат. Фикирлөөгө, аң-сезим менен менен иш-аракет кылууга жана Ислам рисалатын көтөрүп чыгууга үндөйт. О.э. ал бүтүндөй акыйкатка жетүү, ага ээ болуу жана ага ылайык амал кылууга болгон мутлак ишенимди пайда кылат.

Ислам ушул акыйдалык түшүнүк менен жашоо таризинде көрүнүп турган түзүмдү бири-бирине шайкеш кылды. Бул өтө маанилүү. Ошондуктан, Ислам адам үчүн жоопкерчиликтерди, важибаттарды жана ижтимаий алакаларды о.э. ушул итикадий түшүнүктөн келип чыгып, ага таяна турган, толук негиздүү философияны-акыйданы кабыл кылды. Бул философия адамдын өзүнө, үй-бүлөсүнө, коомуна, мамлекетине, бүткүл адамзатка жана айлана-чөйрөгө тиешелүү болот. Ал адилет, инсаф, жеке укуктар менен коомдук жайлар, коом укуктары

---

(1) Аллахка, улухиятка, рубубиятка, ээликке, салтанатка, бийликке, жаратууга, тартипке салыштырууга жана тадбирге.

(2) Шейит Саййид Кутуб рахимахуллахтын «Хасаису тасаввурул исламий» эмгегинен.

ортосундагы шайкештикти жүзөгө чыгарат жана «өкүмдөрдү чыгарууда өтө аныктык менен өзгөчөлөнүп турат. Ал тургай, исламий фикх маселелерин, фикхтаануучулардын раъйларын жана алардын көз караштарын үйрөнгөн киши өзүн алмаз таштар өлчөнгөн өтө так тараза алдында тургандай сезет. Бул тараза алдында канчалык назик жана аныксыз болушуна карабастан, муташабих (бири-бирине окшош) маселелер ортосундагы айырмалар ачыкталат».[1]

Чындыгында, Ислам мыйзамчылыгы-исламий ташриъ кеңейди жана ал адам проблемаларын Эшмат же Ташматка байланышту проблема деп эмес, адам затына байланыштуу деген этибар менен түп-тамырынан чечти. Бул чечимде чечимдин фиълдерге байланыштуулугу жагынан этибар каратты. (Учурда Батыш хазаратында чечимге эркиндик жана материалдык кызыкчылыкты жүзөгө чыгаруу көз карашынан жандашылат). Ислам өкүмдөрдү вакиъликтерге түшүрдү. «Ислам мыйзамчылыгы укук жана мажбурияттар о.э коом кызыкчылыктарын тартипке салуу боюнча укуктук назарияларга бай экендиги менен өзгөчөлөнүп турат. Мында адамдын үй-бүлөсү менен болгон мамилелеринен тартып, нике эрежелери жана ушул күнгө чейин белгилүү болгон бардык укук тармактары камтылган. Мурасты, алардын арасындагы бардык нерсени, Ислам мамлекетинин тынчтык жана согушта башка калктар жана мамлекеттер менен мамилелерди тартипке салган эл аралык укук эрежелерин өз ичине алат. Ислам шариатындагы мыйзамчылык түзүмү булардын бардыгын эң адилеттүү эрежелер, эң бекем өкүмдөр менен инсаний жогорку идеяларды бекем карманып, мыйзамдуу жакты ахлакый жак менен айкалыштырып эң жогорку негиздер менен тартипке салган».[2]

О.э. Ислам мыйзамчылыгы жогорку кыйматтар жана жакшы ахлактар топтомун, акы-укуктар жана ташриий максаттардын негизги өлчөөлөрүн үйрөтүү менен өзгөчөлөнүп турат.[3]

---

(1) Доктор Мустафа Зарканын «Хасаисут ташриул исламий» эмгегинен.

(2) Доктор Мустафа Зарқонинг «Хасаисут ташриул исламий» эмгегинен.

(3) Мисалы, соодагерчиликти тандаган, халал жана харам системасы жана чөйрөсүнө ылайык сүткордуктан тыйылып, вахийде урухсат берилген жана тыюу салынган нерселерге амал кылган соодагер мас кылуучу ичимдик сатуудан баш тартат, ал тургай, ири киреше алып келсе да. Себеби, ал маддийлик жана акча табуу чөйрөсүнө эмес, халал жана харам чөйрөсүнө кирип алган, андан чыкпайт. Ахлак чөйрөсү жана системасына ылайык ал чынчылдыкты бекем кармашы керек болуп, алдоо ага тыюу салынган болот. Ал монополия кылуудан да тыйылган. (Монополияда акча иштөө максатында адамдардын муктаждыгын эксплуатация кылуу көрүнүп турат). (Исламдагы бул тыюу коом проблемаларын чечүүнү о.э. байлыкты бөлүштүрүп, адамдарга өз муктаждыктарын кандыруу мүмкүнчүлүгүн камсыздоону назарга алган экономикалык системага негизделет). О.э. соодагер ар кандай абалда жана ар бир иште таква болууга буйрулган. (Ал Аллахтын көзөмөлүндө болот). Бул бардык маселелерде исламий түзүмгө жалпы түрдө амал кылууну камсыздоого байланыштуу көптөгөн максаттарга жетишүүнү камсыздаган ар бир аракетте зарыл болгон жалпы негиз. Соодагер кооз амал

кылууга буюрулган. (Бул дагы жалпы чөйрө болуп, ал кыла турган ар бир амалды көңүл коюп кооз жосунда аткарууну кепилдейт). Соодагер халалдан ырыскы табуу дегени бул ажр алына турган ибадат деген этибарда аракет кылат, себеби, ага арам аралашса күнөөкөр болот, ошондуктан, халалдан гана жейт. (Бул ишенимди ибадат менен бириктирүүчү негиз. Ал акыйдалык негиз болуп, анын маддий иштери натыйжасы маңызын идирек кылууну тартипке салат. Себеби, бул аны ишеним менен байлайт жана ал эч кандай тариздe пайда алуу каалоосу менен гана чектелип калбайт). Себеби, бул аны ишенимге байлайт жана ал ар кандай жол менен болсо да пайда алууга аракет кылбайт). О.э. соодагер себептерди кармоого буюрулган. (Бул диний жана дунявий максаттарды ишке ашыруу үчүн ар бир амалда баш ийүү талап кылынган чөйрө. Мында соодагер белгилүү бир товарды тандап, анын соодада өзү үчүн же коомдун муктаждыгы жана башка үчүн киреше агып келе турган товар болушун эсепке алат. Бул адам жана коом максаттарына жеткирүүчү эң абзел амалдарды кооз түрдө тандоого үндөгөн чөйрө. Себеби, Ислам ушул соодагердин кызыкчылыгы жана кирешесин да, коомдун муктаждыгын да унуткан эмес). Аллахка тобокел кылуу. (Бул көп нерсени өз ичине алган жана бекем акыйдавий чөйрө болуп, көздөлгөн максатка жетүү үчүн кээ бир себептерге ылайык ийгиликсиздикке учуроо проблемасын жоёт жана соодагердин амалын Аллахка таянууга байлайт, ушул аркылуу ал өзүнүн чектелген инсаний маалыматтары аркылуу аныкталган себептер менен кыла албаган иштерди тафаккур кылат). Амалды ырыскы Аллахтан деген түшүнүккө байлоо жана Аллахтан башкадан таптакыр коркпоо. Бул чөйрө соодагердин башка амалдарга садык экендиги соодагер сыфатындагы иштерге таасир кылбашын кепилдейт. Мисалы, каерде болбосун акыйкатты сүйлөйт, Аллахтан башкадан коркпойт. Аллахтын малды зекет жана садака менен тазалоо жөнүндөгү буйругуна моюн сунат. (Бул ижтимаий максаттарга жетишүүгө каратылган чөйрө болуп, анда ижтимаий биримдик жүзөгө чыгат о.э. кээ бир муктаждыктарын кандыра албай жаткандардын муктаждыктарын камсыздоо үчүн экономикалык жана ижтимаий түзүмдөр бириктирилет. Бул чөйрө соодагердин ушул зекет жана садакаларды жалаң кембагалга эхсан кылуу керек деген этибарда гана эмес, коом алдындагы өзүнүн Ислам буюрган жоопкерчилиги о.э. момундардын бири-бири ортосунда жалпы достугу деген этибарда аткарышын да камсыздайт. Т.а. бул маанилүү улуу максаттарды ишке ашыра турган чоң чөйрө). Базарларга мухтасибдерди коюу. Соодагерлер өз мамилелеринде халал жана харамды ажыратуу үчүн динди тафаккух кылууга-билүүгө буйрулушкан. Ушул тариздe силер амалдар менен ахлак жана кыйматтар ортосу айкалыштырылганын, бул кыйматтар ушул амалдар аркылуу жетишүү талап кылынган жана коомдо өкүмдар болушу керек болгон кыйматтар экенине күбө болосуңар, амал менен сооп жана жаза ортосу бириктирилип, дүйнө жана ахирет жазасынан коркутулганын, акыйдавий түшүнүктөр бар экенин да көрөсүңөр! Бул болсо, өз кезегинде, коом жана Ахырет менен байланыштуу максаттарга жетишүү үчүн түрдүү системаларды өнүктүрүүнү камсыздайт, булардын бардыгы бир амалда топтолот!

Ошентип, соодагер соода-сатык менен гана алектенбейт, соода сатык менен алектенип жатканда кыйматтар, ахлактар, өлчөөлөр, максаттар, акыйдавий түшүнүктөр, Исламдын түрдүү системалары көөдөлөнөт!

Бул, шексиз, Ислам түзүмүнүн колдонуу түшүмдүүлүгүн о.э. анын мыйзамчылыгына тез жооп беришин камсыздайт. Ко-ош, илманий Батыш хазаратында соодагердин амалын тартипке салган мыйзамдар кандай? Шексиз, бул салыктар! Акча адалдоо тыюу салынган, (бул мамлекет өзүндөгү салыктарды билсин үчүн). Халал атаандаштык, «promotion of competition and fair trading», халал атаандаштыкты ири компаниялар өздөрүнүн кудурет жана өкүмдарлыктары астында базарды монополиялаштыруу аркылуу жок кылышат, кичине соодагерлер болсо аларга кайрылууга мажбур болушат, антпесе, соодалары ийгиликке жетпейт. Түпкүлүгүндө, бул халал атаандаштык деген нерсе курулай ураан гана, вакиъликте ишке ашпайт. Керектөөчүнү коргоо деген нерсеге келсек, бул ири компаниялар ушул керектөөчү үстүнөн тыңчылык кылуу менен өз платформалары аркылуу анын каалоосун жана муктаждыктарын башка соодагерлерге сатып, ушул тариздe киреше алуу.. Бойго жетпегендерге тамеки, алкоголь жана марихуана сатуу тыюу салынган, зыян болушуна карабастан, аны чоңдорго сатууга урухсат берилген. Себеби, эң маанилүүсү акча табуу жана

Булар болсо, өз ордунда турмуш майданында ишке ашырылышы жана коомдогу алакаларды башкарышы көздөлгөн кыйматтарга айланат. Натыйжада, алардын таасири коомдо бири-бирин колдогон жемиштүү, жетик жана бир түзүм катары көрүнөт. Бул түзүм колдонулганда адам жана коом таква, баалуулук жана ахлак туйгуларын табат. Мунун натыйжасында адам да, коом да бакыт жана туруктуулукка жетишет. Парламентте мыйзам чыгаруучулар бул нерселердин бирин да түшүнүшпөйт жана бул нерселер алардын ойлоруна да келбейт.

Ислам шарияты мыйзамдардын артынан көздөлгөн максаттарды, аларга үндөгөн хикматтарды, сабабдарды[1] жана аларга түрткү болгон максаттарды[2] белгилөө менен да өзгөчөлөнүп турат. **Т.а. Ислам**

---

көбөйтүү. Мындан башка нерсе жок. Кааласаңар, капиталисттик мамлекеттердеги «Trade Legislation Acts and Regulations» деген нерсеге кайрылышыңар мүмкүн. Бул мыйзамдар, табигый болгондой, илманий мабдадан келип чыкпайт, тескерисинче, алар илманий мамлекеттердеги ар кандай мыйзамдан айырмасыз мыйзамчылык комитеттери тарабынан түзүлөт. Аларга кафир мамлекеттер өз кызыкчылыктарына жана иштерине ылайык түрдө көрсөтмө берет, ошол көрсөтмө негизинде булар мыйзамдарды иштеп чыгышат. Бул Ислам мыйзамчылыгын вакиъликте колдонуунун жемиштүүлүгүн жүзөгө чыгаруучу кепилдиктерди көрсөтүп бере турган мисал. Ислам мыйзамчылыгын адам тарабынан белгиленген мыйзамчылык ийгиликсиздигине салыштырганда, жемиштүү. Себеби, адам тарабынан белгиленген мыйзамчылык, мыйзамды колдонууда мыйзам камчысынан пайдаланат. О.э. адам тарабынан белгиленген мыйзамчылык анын жемиштүүлүгүн кепилдей турган бирер нерсе менен оролбогон.

(1) Ислам шариятына келсек, бул жерде максат жана себептер дегенде шарияттан келип чыккан натыйжаны карманабыз. Т.а. мыйзамчылыктын мотивин эмес, анын колдонулушунан келип чыккан хикматты о.э. усулий түшүнүктөгү (усули фикхтеги) иллетти эмес, шариятты мыйзам катары белгилөөдөн Шариъ көздөгөн максатты назарга алабыз. Анткени, мыйзамчылыкка тиешелүү болгон иллет жана хикматты Шариъ өзү айткан болсо гана алынат.. Чындыгында, шариятты колдонууда келип чыгуучу жалпы максат жана хикматтарды, мисалы, рахмат жана адамдарга адилеттик сыяктууларды баян кылуучу аяттар келген. Усул китептеринде келгендей, фукахалар шарияттын белгилүү бир максаттарын истинбат кылышкан. Бул жердеги талкуубуз да ар бир шаръий өкүмдөгү максат эмес, шарияттагы жалпы сыфатта максаттар жана алардын коомдогу мамилелерди тартипке салыштыруучу мыйзамдарга болгон таасири жөнүндө.

(2) Исламий шарият максаттары жөнүндөгү фанга параллель болгон укуктук фандардын бири укук философиясы же укуктаануучулук (фикх) фаны.. Бул фан Батыш мыйзамчылыгында «Philosophy of law» деген аталышта жетекчи орунду ээлейт. Мында негизинен бийлик берүү жана ага моюн сунуу эрежелерин, укуктук системалардын артында турган максат жана хикматтарды үйрөнүүгө, коом жана укук ортосундагы мамилелерди ачып берүүгө каратылган мааниге этибар берилген. Жалпысынан алганда, бул «адам укуктарын» коргоого, адилет жана жалпынын кызыкчылыктарын ишке ашырууга о.э. укуктук туруктуулук, укуктук коопсуздук жана ар бир негиз боло турган максатты жана жүзөгө чыгарууга алып бара турган каражаттарды камсыздоого каратылган. О.э. бул фан мыйзам табиятын, айрыкча, анын инсаний баалуулуктар, аракеттер жана коомдорго мамилесин, анын айрым ахлакый факторлор менен алакасын табигый укукка ылайык үйрөнөт. Же тескерисинче, табигый укукту ушул мыйзамдан үзүшү мүмкүн, адам ойлоп тапкан мыйзам табигый укуктан үзүлгөндөй, себеби, ушул мыйзам курамында ахлакый факторлор жок. Бул (белгилүү бир убакта да, белгилүү бир мамлекет мыйзамы да эмес) ар дайым бардык мыйзамдар үчүн амал кыла турган

**мыйзамдар жана мыйзамчылыктар үчүн өлчөөлөрдү белгилейт** жана турмуштун түрдүү тармактарындагы бардык мыйзамдар анын орбитасында айланган алкакты түзөт[1]. Түпкүлүгүндө, мыйзамдар жетик болушу керек жана алар бири-бирин бекемдеп турушу керек. Мисалы, жазалар түзүмү – кылмыш жана жаза кодекси экономикалык түзүмдүн жакшы иштешине, ижтимаий тилектештик жана мамлекеттин калк алдындагы жоопкерчилиги негизине курулат ж.б.у.с.[2]. Демек, мыйзамдар – шаръий болобу, вазъий (адам тарабынан түзүлгөн) болобу – адамдардын жашоосуна өкүмдарлык кылышы көздөлүп жаткан кыйматтарга кызмат кылышы үчүн чыгарылат[3]. Буга адилет кыйматы мисал болот. (Адилет мүлктүн негизи деп айтылат). Ушул кыйматтар да коомдор сыйына турган иътикаддарга карап ар түрдүү болот. Негизги чекит мына ушул. Кээде, коомдорду жетектеген идеологиялар өлчөөсү менен өлчөсөңөр бул кыйматтар негизи жок, курулай ураандан турган чалгытуучу болуп чыгат. Кээде бул кыйматтар турмушта эч кандай белгиси жок, закымдан турган адаштыруучу кыймат экенин көрөсүңөр. Мисалы, демократия жар салып жаткан «көп партиялуулук» кыйматын алалы. Демократия жар сала берет, бирок, вакиъде бийликке алып бара турган саясий партияларды түзүүнү илманий-секуляр партияларга гана чектейт. Башка идеологиялык партияларга саясий партия түзүүгө урухсат берилбейт. Сакафий көп жактуулукту мамлекет мыйзамчылыгына эмес, коомдогу жеке тараптарга чектейт.

Түпкүлүгүндө, мамлекеттер мыйзамчылык жана мыйзамдардын тууралыгы тууРасында ой жүгүртүүдөн мурун туура акыйдага

---

мыйзамчылыкты үйрөткөн философия. («Муслимул муасир» журналынын 150-санында жарыяланган доктор Алян Бузян калемине таандык «Макасидил вазъий конун фи вазъи макасиди шариатил исламийя» макаласына карагыла. «Британия энциклопедиясынан «Наба» маалымат тармагы жарыялаган жана доктор Захир Хувайлидий которгон «Мабади фалсафатил конун» макаласына карагыла. «Маншурат Халабий хукукия»нын 9-бетинде жарыяланган жана доктор Камил Фарид Салик которгон, профессор Роберт Алексейдин «Укук философиясы, анын түшүнүгү жана колдонулушу» макаласына карагыла).

(1) Исламий фикир китебиндеги Халифалык жана жетекчилик темасына карагыла.

(2) Буга мисал, Исламдагы экономика түзүмү, ижтимаий кепилдик жана мамлекеттин жаран алдындагы жоопкерчилиги адамдын муктаждыктарын камсыздоого жетиштүү. Бирок, ага карабастан, адам уурулукка барса бузгунчулук кылган жана жазага акылуу болуп эсептелет. Бирок, ачарчылыкта ачка калган адам уурулук кылган болсо, колу кесилбейт. Себеби, жаза-хаддар күмөндөр менен колдонулбайт. Ушул таризде түзүмдөр мыктыланат жана коомдогу жалпы вазыйпаларды аткаруу үчүн бири экинчисине жардамдашат.

(3) Исламий кыйматтардын эң маанилүүсү жана эң улуусу жалгыз Аллахка кулдук кылууну ишке ашыруу. Бул кулдук өзүнүн кеңири көлөмдүү түшүнүгү о.э. мыйзамчылык темасына таандык түшүнүгү менен болот о.э. мыйзамчылыкты Китеп-сүннөт мисалында жалгыз Аллахтын акысы деп эсептөө, адамдардын мыйзамчылыкта бири-бирине ээрчишин Аллахтын ордуна робб кылып алуу деп түшүнүү менен болот!

негизделиши зарыл. Ошондуктан, мамлекеттин илманийлик[1] сыяктуу фикирий жактан алсыз акыйда негизине курулушу же демократия[2] сыяктуу жашоо болушу кыйын болгон негизге курулушу ошол мамлекеттердеги мыйзам чыгаруучуларды жеңип өткүс тоскоолдукка кептейт. Бул тоскоолдук – мамлекет ишке ашырарын айтып жаткан кыйматтарды (баалуулуктарды) ишке ашыруу мүмкүн эместиги. Ошондуктан, коомдо кыйматтарды ишке ашырууга, баалуулуктарды көтөрүүгө кызмат кылбаган жана аларды коргоого жардам бербеген мыйзам жемишсиз жана пайдасыз болот.

Эгер, кыйматтардын өзү ката жана ишке ашыруу кыйын болсо, ал тургай, ката негизге курулганы үчүн мындай мыйзамдардын өзү да ката болот. Ушул себептен улам, ижтимаий жашоо таризин тартипке салуу, ар бир адамдын мыйзамдуу укуктарын коргоо жана максаттар ортосундагы кагылышууларды жоюу үчүн коом кайрыла турган кыйматтарды о.э. бул кыйматтарды жүзөгө чыгарууну камсыздаган өлчөөлөрдү пайда кылуу зарыл.

«Мисалы, мыйзам бир максатты башка бир максаттын эсебинен ишке ашырууга иштейт. Менчик мүлк жана коопсуздук маселеси сыяктуу эки максат бир келип калганда Батыш мамлекеттери адамдарды тыңчылык кылып, коопсуздукту шылтоолоп адамдардын менчик мүлк жана эркиндиктерин тебелейт. Же айрым мыйзамдар белгилүү бир кыйматтарды жүзөгө чыгарат жана бул мыйзамдарга ушул кыйматтарды талкалай турган башка мыйзамдар каршы чыгат. Мисалы, сөз эркиндигинен пайдалануу жана адилеттүү сотто өз укуктарын коргоо Америкада жашыруун далилдер туурасындагы мыйзам менен карама-каршы келет. Бул айыпталуучуну өз кылмышын билишинен жана өзүн коргошунан куру калтырат. Себеби, анын кылмыш далилдерин ачыктоо улуттук коопсуздукка коркунуч туудурат. Ошондуктан, бул кылмыштын далилдерин өзү да, сот да билбейт. Ага

---

(1) Биз ушул китебибизде илманийлик түшүнүгүн ушул даражада кеңири ачыктаганбыз, анын идеологиялык негизи батылга чыккан: «الصندوق الأسود للفكر الغربي: الإسلام والديمقراطية والعلمانية والليبرالية مقارنة للأسس الفكرية».

(2) Демократияга негиз болгон, демократиянын болушу ага байланыштуу болгон бир нече кыйматтар бар. Алардын биринчиси, коомдо көпчүлүктүн фикири өкүмдар болушу, экинчиси, бийлик азчылыктын колунда гана топтолуп калышына же монополия кылынышына жол бербөө, үчүнчүсү, бийлик калк фикирин билдириши. Бирок, бул үч кыйматтын вакиъликте ишке ашышы кыйын. Бүткүл Батыш түзүмү бийликтегилердин аралашуусу, бири-бирине каршы чыгышы жана бийликтин өкүмдар партиялар колуна топтолуп калышына негизделген. Мыйзамчылык да бир ууч укуктаануучу жана юристтердин колунда, элге кайрылбайт, бармак менен санала турган даражада кайрылуу мүмкүн. Бул тема өтө көп тафсилаттарга ээ болуп, биз «Батыш тафаккурунун ката кутусу: Ислам, демократия, илманийлик, либерализм, фикирий негиздерди салыштыруу» деген китебибизде кеңири токтолуп өткөнбүз, ушуга кайрылышыңар мүмкүн. Бирок, демократия фантастикалык адаштыруучу философия, турмушта бар болушу кыйын!

өзүн коргоо укугу берилбейт. Ошентип, Батыш мыйзамдары максаттарга карама-каршы чыгат, бул мыйзамдар бири-бирине да карама-каршы келет. Бул проблемасы чечиле турган капыстык абал эмес, фундаменталдык[1] башталышы акырына зыян жеткире турган[2] карама-каршылык».

Ислам бул түзүм жана акыйдавий түшүнүктү ижтимаий үрп-адаттар көрүнүшүндө болушун өтө каалады. Шариъ тарабынан коюлган кыйматтарга, ахлак, өлчөө, түшүнүк жана канааттанууларга каршы чыгуу кылмыш деп эсептелди. Бул кылмышты көлөмү жана таасирине ылайык бир нече даражада Шариъ өзү чечет. Ошондуктан, насаат, иршад, таалим-тарбия, амри маъруф жана нахи мункар, мухасаба (кол, тил же жүрөктөн) өзгөртүү жана инкар кылуу, мында адамдын, саясий партиялардын жана мамлекеттин ордун аныктоо, акыйкатка бүтүндөй моюн сундуруу, мункар иш кылгандар менен бирге отурууга тыюу салуу, мункарды өзгөртүү үчүн курал көтөрүү, күч иштетүү ижтимаий жоопкерчиликтер катары белгиленди.

Казы доктор Вафик Зайнулабидин айтат: Ислам мыйзамчылыгы ахлакий жана инсаний кыйматтарды вазъий мыйзамдарга караганда күчтүү жана жемиштүү нусустар менен коргойт. Мисалы, мыйзам чыгарууда ахлак чөйрөсүнөн бөлүнгөн чөйрө болбойт. Бул исламий мыйзамчылык сыфаттарынын бири гана. Ислам шариятында фазилаттуу ахлактарга таасир көрсөтө турган ар кандай кылмышка жаза берилет. Жапа чеккендин ыраазылыгы же кылмыштан зыян жетпегендигине карап отурулбайт. Себеби, ахлакты коргоодон көздөлгөн максат жапа чеккенди коргоодон көздөлгөн максаттан үстөм турат. Себеби, бул мурунку максат ортоктош кызыкчылыктарга жана коомдун жалпы түзүмүнө байланыштуу. Кылмышкер менен жапа

---

(1) Канадада Консервативдик партия жашыруун далилдер туурасындагы мыйзамды кабыл алмакчы болгондо мыйзам формасы коркунучту болгону үчүн парламенттин катуу каршылыгына учурайт... Мына ошондо ушул партия мусулман жаштар арасында тыңчылык кылат жана бир террористтик операция өткөрүү керектигине ишендирүүгө урунат. Андан кийин мусулман жаштар жөнүндө парламент имаратын жана мамлекет мекемелерин жардыррууну пландаштырып жатат деген террористтик айыптоо ойлоп табат. Бул массалык маалымат каражаттарында чоң дүрбөлөңгө айланат... Ушул мыйзамга добуш берүү убагы келгенде ага каршы чыгууга бир да оппозиционер табылбайт. Ошентип, мыйзам кабыл алынат. Күндөр өтө берет, айыпталгандарга коюлган айыптар далилденбейт жана эч ким бул окуяларды текшерип чыкпайт, мыйзам күчкө кирет!

(2) Мамлекет «коопсуздукка коркунуч туудуруп жатат» деген шылтоо менен азчылыкты тыңчылык кылат. Андан кийин бул иштин тизгинин колго алган соң, тыңчылыкты токтоткондо, ар бир адамды электрондук тыңчылыкка киргизет... Бул тыңчылык адамдардын кадамдарын, фикирлерин, каалоо жана характерлерин, ал тургай, дем алууларын да көзөмөлдөйт. Булардын бардыгы саясий партияларга, товар сатуучуларга, инвесторлорго жана коопсуздук кызаматкерлерине маалымат сатка каратылат... Натыйжада махсуслик түбөлүк жок болот жана жаңы мыйзам эски мыйзамды ырайымсыз түрдө жок кылат!

чегүүчүнүн ортосундагы өз ара келишүү фасид нерсени салих кылып койбойт, Аллах харам кылган нерсени халал кылбайт. Ошондуктан, Ислам шарияты кылмыштын эки тарабында тургандар өз ара ыраазылыкка келүүсүнө карабастан, арак ичүү, муртаддык, сойкулук, зына, бузукулук үчүн жаза колдонот. Мындай кылмыштарды кечирүү үчүн бийлик үстүндөгү адамга эч кандай укук берилбейт. Себеби, мындай иштерге жеңил кароо ахлактын бузулушуна, шаръий өкүмдөргө баш ийбестикке алып келет. Коомдун бузулушуна, коом коопсуздугу жана анын түзүмү жемирилишине себеп болот[1].

Ислам мыйзамчылыгынын эң маанилүү касиети түзүмдүн жасалма эмес, табигый түрдө ишенимден келип чыгышында. Ошондуктан, бул түзүмдүн тамырлары терең жана өзү курулган акыйдага тыгыз байланыштуу. Карама-каршылыктардан, кемчиликтерден, пайдасыздыктан сырткары. Анын саясий түзүмдөрү өз көрүнүшүнө жана мыкты касиеттерге ээ болуп, адилеттик, коопсуздук, укуктарды ишке ашыруу, чыр-чатактарды чечүүнү камсыздайт. Саламаттыкты сактоону, таалимди, даъватты жаюу жана мамлекет негиздерин коргоону кепилдейт. Ал бул иштерди өзүнүн экономикалык-ижтимаий философиясына ылайык камсыздайт. Философиянын негизги максаты – коомду негизги муктаждыктарын кепилдөөнү камсыздаган түзүмгө ылайык куруу. Мындай коомдо эркек менен аялдын укуктары, адам жана жамаат укуктары, коомдордун укуктары бири-бирине шайкеш, бирдей болот. Адам жамаат тарабынан эзилип калбайт. Жамааттын кызыкчылыгы да бир адам, бир партия же бир топтун пайдасына ысыраф кылынбайт. Адамдар арасында да шайкештик болот. Ар бир эркек менен аял үчүн анык белгиленген орун болуп, алар бири-бирин толкутап турушат. Адамдардын жалпы жашоосу согуш, жаңжалга эмес, бири-бирине жардам берүүгө негизделет. Алардын жашоосу мусулман адам өзү үчүн эмнени жакшы көрсө, ал нерсени боордошу үчүн да жакшы көрүү негизине курулат. Ошондо алар бири-бирин кубаттап турган имаратка, бир денеге айланат. Байлар жана кембагалдардын жашоосу бүгүн капитализм коомунда көрүнүп турган көрө албастык, бири-бирин жек көрүү жана тапчылык күрөшкө эмес, биримдик, берилгендик, достук жана жоопкерчилик негизине курулат. Бири-бирин колдоп-кубаттап турган инсаний иштердеги өз ара жардам негизине курулат. Себеби, адам өзүнүн бардык муктаждыктарын жалгыз өзү камсыздай албайт. Бирок, Исламдагы жамаатта турмушта бири-бирине жардам берүү түшүнүктөрү, бул дүйнө жана Ахырет падасына жеткире

(1) Мухаммад Вафик Зайнулабидиндин «Исламий кылмыш саясат абзелдиктери» эмгегинен.

турган тилектештик түшүнүктөрү толук өз тастыгын табат. Байлыктарды тең бөлүштүрүү, ыңгайлуулук жана кызматтардан биргеликте пайдалануу Ислам жамаатында көрүнүп турган жогору фазилаттардан болот.

Бул тилектештик, интеграция исламий түзүмдөрдүн майнаптуулугун камсыздайт. Ислам түзүмдөрү адамдын фитратына, инсаний табиятына ылайык келгендиги үчүн бул түзүмдөр инсаний фитрат негиздерине, инсандын канына аралашып кетет. Бул түзүмдөр гарыйза жана узвий муктаждыктарда көрүнгөн адамдын турмуштук-тирүү энергиясынан келип чыккан чыныгы негизги муктаждыктарын кандырат. Кандырганда да тең салмактуу жана максаттуу кандырат. Муну менен адамды гарыйза жана узвий муктаждыктарды кандырууда айбан даражасына түшүп кетүүдөн жогору көтөрөт. Анын рухият дүйнөсүндө кагылышуу болбойт. Ошол эле учурда, адамдын ижтимаий, маддий вакиълигине ылайык келет. Бүгүн дүйнөдө өкүмдарлык кылып жаткан айрым адам ойлоп чыгарган мыйзамчылыкта көрүнүп тургандай, Ислам түзүмү нафси-каалоого жана өткүнчү кызыкчылыктарга негизделбейт.

Ооба, ушул роббаний мыйзамчылык адамдын инсандыгына, акылына жана нафсине баш ийди, ал проблема жана кыйынчылыктарга толгон маддийлик дүйнөдө жашап жатканын эсепке алды. Ошондуктан, ушул муъжизалуу мыйзамчылыктын өзүнө таандык касиети – ал түрдүү проблемаларды эң түбүнө чейин, ага таасир кыла турган жана андан таасирлене турган нерселерге чейин кирип барып, ага абдан ар тараптуу терең назар салат. Ушул назары адам психологиясын билүүгө, анын үндөөлөрүн, умтулууларын жана кызыгууларын үйрөнүүгө, адамдын турмушун, түрдүү муктаждыгын жана өзгөрүүлөрүн билүүгө негизделет. Мына ушундай назар салуудан кийин ушундай бир мыйзамчылык иштеп чыгат, ал туура коом жана оңдоочу адамды жүзөгө келтирүүнү, адамдын кызыкчылыктарын жакшылык алып келе турган, карамүртөздүктү жок кыла турган, адилеттик алып келип, зулумду токтото турган туура таризде жүзөгө чыгарууну камсыздаган мыйзамчылык болот!

Андан кийин ушул мыйзамчылыктын муъжизалуу дагы бир жагы – бул анын диний жана ахлакий кыйматка байлангандыгы. Т.а. мыйзамчылык дин-ахлакка кызмат кылат, аны коргойт, ойрон кылуучу куралга айланбайт. Шарияттын башка мыйзамчылыктардан өзгөчө жагы ушунда – Ислам өз мыйзамчылыгын акыйда үстүнө курулган өлчөөлөргө айлантты, натыйжада ушул шарият адамды Аллахтан коркуп, Аллахты сүйүп жана Аллахтан ажр үмүт кылып, ага амал кыла турган акыйдалык фактор болду. Ушундай фактор болуп, адамды мыйзамга амал кылууга мажбурлаган туруктуу күчкө муктаж кылбады.

Тескерисинче, аны жашыруун, ашкере түрдө Аллахтын бийлигине моюн суна турган жана бул дүйнөдөгү өкүмдардын жазасынан кутулууну өзү үчүн олжо же утуш деп билбеген адамга айлантты, себеби, мындай адам Аллах аны күзөтүп турганын, Аллахтын жазасы бул дүйнөдө да, тигил дүйнөдө да бар экенин билет.

Чындыгында, Ислам хазараты боюнча иштелип чыккан жана адамга жан тартуулоочу ишенимдерге негизделген ушул кыйматтар топтому кристалдашты о.э. коомго пайдубал болгон мамилелер тамырына бекем жайгашты. Ошондуктан, Уммат жана коомду коргоо ушул кыйматтарды коргоого жана сактоого, ага каршы болгон жана аны буза турган нерселерди алдын алууга байланышту. Т.а. Умматтын ойгонушу жана өнүгүшү, анын изгилиги жана өзүн көзөмөлдөшү, башка умматтар алдында эң жогору мартабага жеткирип, коргоочу бекем брондолгон коргонго айланышы маъруфка буйруп, мункардын бардык түрүнөн кайтаруунун фарз экендигине байланыштуу кылды.

О.э. Умматагы ушул кыйматтар жана алардын улуулугун түшүнүүдөгү бузулуу Умматтын кулашына жана талкаланышына, ушул бекем коргондун бузулушуна байланыштуу болду. Ал тургай, Уммат – исламий мыйзамчылык токтотулуп, четке чыгарылганда – өз душмандары үчүн куралга айланып, колонизаттордук жана көз карандылыкка туш болду. Аларга карабастан, Ислам акыйдасынын күчтүүлүгү, Ислам шариятынын мыктылыгы жана туура экендиги Умматты өз хазараты жардамында тайылуулар, кырсыктар, кресттүүлөр-монголдор жүрүштөрү, Умматты тынымсыз жок кылуу аракеттери алдында бекем турууга кудуреттүү кылды. Умматты жок кылуу аракеттери кылымдардан бери уланып, кээде олуттуу, кээде жеңил уланды о.э. адамзаттын ушул роббаний түзүмдү кээде жакшы жана кээде жаман колдонушу фонунда болду. Демек, Ислам Умматы өнүгүүгө жетишип, өзүнүн мурунку ордуна кайра көтөрүлүшүнүн жалгыз шарты – ал Ислам хазараты жана негиздери дарагын дыкат суугарышына ынтызар болушу керек. Уммат бардык жакты өз көлөкөсүнө ала турган жана жап-жашыл жалбырактуу абалга келип, түшүнүктөрү кайрадан өтө тунук түрдө кристалдашуусу, ушул кыйматтарды жана ойгонуудагы анын ролун мыкты түшүнүшү керек. Кыйматтарды ага кыйроо доорунда илешип калган булганычтан тазалап, өзүндөгү ар бир фикирди вахий менен байлап, ага кирип калган башка хазараттардын жат түшүнүк жана кыйматтарынан арууласын. Ислам Умматы буларды канчалык кооз өтөөсүнөн чыкса, ошончолук өнүгүшүнө жана жогорку даражаларга көтөрүлүшүнө кудуреттүү Умматка айланат! ❑

## УЛАМАЛАР ЧЕЧҮҮЧҮ РОЛДУ ОЙНОШОБУ? (3)

**Абдуррахман Амирий – Яман**

**Изз ибн Абдуссалам жана Нажмиддин Айюб:**

Аббасийлердин өкүмдарлыгы доорунда Арак мамлуктарынын Ислам мамлекетине таасири чоң болгон. Алардын таасири кеңейип, Мисирде Нажмуддин Айюб өкүмдарлыгы доорунда амирлик даражасына чейин көтөрүлүштү. Шайх Изз ибн Абдуссалам ал кезде башкы казы болгон. Ал киши (рохимахуллох) шарият мыйзам эрежелерин бекем ишке ашырып, сот укук тармагын оңдоого киришти жана бул иште эч бир жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркподу. Ал амирлер маселесин көтөрүп, мунун маңызын үйрөнүп чыгып, төмөнкү хукмду чыгарды. Бул жөнүндө Сабкий мындай дейт: Шайх айтышынча, ал түрктөрдөн турган бир топ амирлер менен бирге болгондо алар шайхка мамлуктардын азат болгонун тастыктабаганы жана мамлуктар кул хукмунда болуп, байтулмалдын эсебинде экендиги туурасында айтышты... Бул амирлерге жеткенде, бул тууралуу талаш-тартыш күчөп, абал курчуду. Шайх алардын соодасы жана никеси жаиз эместигине чечим кылды. Муну менен алардын кызыкчылыктарына доо кетти. Алардын арасында султандын орун басары да бар эле. Ал да кыжырданды... Баары чогулуп, шайхтын алдына элчи жөнөтүштү.

Шайх аларга: "Биз силер үчүн кеңеш куруп, силерди байтулмалдын пайдасына сатууга коёбуз жана шаръий жол менен азат болосуңар", - деди. Алар маселени султанга жеткиришти, султан шайхка элчи жөнөттү. Ал сөзүнөн кайтпады. Ошондо султандан катуу сөздөр келди, анын жыйынтык сөзү ушул болду: шайх бул иштерге аралашпасын, анткени бул иштердин ага эч кандай тиешеси жок. Шайхтын ачуусу келип, буюм-тайымдарын эшекке артып, үй-бүлөсүн башка эшекке миндирип, Каирден Шамга карай жол алды. Лекин, шайх 10 км. жол жүрбөстөн чоң сандагы мусулмандар анын артынан ээрчишти. Маселеге кайдыгер карабаган эч бир аял, уул, эркек, айрыкча, аалымдар, салихтер, соодагерлер жана башкалар калбады, баары аны ээрчишти. Бул хабар султанга жетип, адамдар ага: «Ал кетсе, салтанатыңыз анын алдына барат», - дешти. Натыйжада, ал кайтарылды жана аны менен амирлердин кулдугун жарыялоого келишилди. Салтанат орун басары шайхтан жасакерленүүнү сураңды, лекин бул нерсе оңунан чыкпаган соң, орун басардын кыжыры келип, мындай деди: "Биз падыша болсок, кантип бул шайх кыйкырып бизди сатат? Мен ушул кылычым менен анын башын аламын". Андан кийин ал жамаатка кошулуп, шайхтын үйүнө келди, колунда болсо кылычы бар эле. Алар келип, эшикти такылдатышканда, шайхтын уулу чыкты...

Шайхтын уулу султандын орун басарынын ахвалын көрүп, үйүнө кирип атасына жагдайды түшүндүрдү. Шайх болсо, буга маани да берген жок, өзгөргөн да жок, тескерисинче уулуна: "Эй уулум, сенин атаң Аллах жолунда өлтүрүлүшү үчүн арзыбайт", - деп, кудум султандын орун басарынын башына Аллахтын казасы түшкөндөй чыкты. Анын көзү орун басарга түшкөндө, орун басардын колунан кылычы түшүп, муундары калтырап кетти. Орун басар ыйлап жиберип, шайхтан ал үчүн дуа кылышын сурады. Андан кийин мындай деди: "Эй, саййидим, сиз эмне кылбаңыз, баары жакшы", - деди. Шайх: "Силерди Байтулмалдын кулдары деп жарыялап сатамын", - деди. Орун басар: акчасын эмнеге сарфтайсыз?", - деп сурады. Шайх: "Мусулмандардын кызыкчылыгы үчүн", - деди. Орун басар: "Ким алат?", - деди. Шайх: "Мен", - деп жооб берди. Ошентип, анын каалаганы ишке ашты жана ал амирлерди бирме-бир чакырып, алардын баасын көтөрдү, акчасын алып, жакшы иштерге сарфтады. Андан мурун мындай болгонун эч ким укпаган. Аллах ал кишини Өз рахматына алсын жана андан ыраазы болсун.

**Изз ибн Абдуссалам жана Салих Исмаил:**

Эки ага-ини: Шам султаны Салих Исмаил менен Мисир султаны Салих Нажмиддин Айюб ортосунда согуш жана фитнадан дарек берген келишпестик күчөдү жана жаңжал чыкты. Исмаил Нажмиддин Айюбдан коркуп Ислам душмандары болгон кресттүүлөрдөн жардам сурады жана алар менен биргеликте агасын өлтүрүүгө тил бириктирди. Макризийдин риваятына ылайык, ал мунун акысына Сайда шаарын кресттүүлөргө берди. Исмаил кыянаттык кылууну улантып, кресттүүлөргө Дамаскка кирүүгө жана согуш куралдарын сатып алууга урухсат берди. Лекин, бул мункар иш мусулмандардын жана уламалардын нааразылыгын ойготту. Натыйжада, Изз ибн Абдуссалам кыянатка жана саткындарга каршы козголуп, кресттүүлөргө курал сатуунун харамдыгы жөнүндө фатва берди. Жума күнү Дамасктагы өзү расмий имам хатиби болгон Умавий мечитинин минбарына чыгып, фатваны жарыялады жана ошол кездеги султанды четке кагарын баса белгиледи. Андан соң: «Аллахым, бул Умматка ушундай бир акыл бергин, анда досторуң сый-урматта болсун, душмандарың кор болсун, анда Сага итаат кылынсын жана Сага маъсият кылуудан кайтсын», - деп дуа кылды. Мусулмандар анын дуасына "аамин" деп, кыйкырып турушту. Султан Дамасктан тышкарыда болгону үчүн бул хутбага катышпады. Анын адамдары бул жөнүндө ага айткандан кийин ал шайхты жума хатибдигинен бошотуп, аны шериги Шайх ибн Хажиб Маликий менен бирге камоону буйруду. Анткени, анын да султанга жакпаган ушул ишке катыштыгы бар эле.

Шайхтын тарапкерлери ага өлкөдөн чыгып кетүүнү жана өзүн султандан куткарууну кеңеш беришти, качуу жолун да даярдап коюшкан эле. Бирок, шайх муну четке какты, алар канчалык үндөшпөсүн, өз сөзүндө калды. Алар шайхты кайтара албаган соң, султан жана анын адамдары аны таппай турган коопсуз жайга жашырууну сунушташты, лекин, ал бул сунушту да четке какты. Ал мындай деди: «Аллахка касам, мен качпаймын жана бекинбеймин, тескерисинче, биз жихаддын башында турабыз жана али эч нерсе кылган жокпуз. Мен бул жолдогу нерселерди көтөрүүгө өзүмдү даярдадым, Аллах Таала сабр кылуучулардын амалын текке кетирбейт». Исмаил Дамаскка келгенде, экөөсү коё берилди. Лекин, Изз ибн Абдуссаламга үйүндө олтурууга, фатва бербөө, эч ким менен жолукпоо жөнүндө буйрук берилди. Ошондо шайх имамды ээрчип жума намазын окууга, эгер мухтаж болсо табиб жана чачтарачтан пайдаланууга жана мончого кирүүгө уруксат сурады, ага уруксат берилди. Арадан күндөр өтүп, шайх үй камагында фатва берүүдөн, бурадарлары же шакирттери менен алака кылуудан тосулду. Сүйүктүү жана ыйык иши болгон маъруфка буйруу жана мункардан кайтаруу ишине зыян жетти. Ал Мисирге баруу ниетинде Дамасктан хижрат кылууну сурады. Сүйлөшүүлөр жана текшерүүлөрдөн кийин азат кылынды, андан соң ал Дамаскка жана ал жерден Куддуска кетти. Малик Насир Давуд дароо аны тосуп алды, жолунан чыгып, аны алып кетти. Ал бир канча убакыт Наблуста жашап, ал жерде да кыйналгандан кийин Байтул Макдиске барып, бир канча мөөнөт ал жерде турду. Андан кийин Салих Исмаил, Химс падышасы Малик Мансур жана Франк королдору өз аскерлери жана кошуундары менен Мисир жерлерин көздөп, Куддуска келишти.

Салих Исмаил атайын кызматкерлеринин бирин өзүнүн жүз аарчысы менен шайхтын алдына жөнөтүп, минтип дайындады: «Менин жүз аарчымды шайхка бер жана ага абдан жакшылык көрсөтүп, төмөнүрөөк түшүшүн сура. Андан кийин эң жакшы абалда өз кызматына кайтарууңду айт, эгер макул болсо, аны менин алдыма алып кел. Эгер, макул болбосо, аны камакка алып, менин чытырымдын жанындагы чатырга кама», - деди. Кызматкер шайх менен жолуккан соң, аны кызыктырып, жумшак болууга көндүрүүгө аракет кылды... Ал шайхка: «Эгер, султанга моюн сунсаң жана анын колун өпсөң мансабыңа кайтуудан эч нерсе тоспойт», - деди. Шайх айтты: "Аллахка касам, эй, бечара, мен анын колун өбүүнү эмес, тескерисинче, ал менин колумду өбүшүн да каалабаймын... Эй, кызматкер, сен бир өрөөндө, мен башка өрөөндөмүн. Аллах силерди азабдаган нерседен мени сактаганы үчүн Ага мактоолор болсун". Кызматкер мындай деди: "Эй, шайх, мага султан

эмнени талаб кылса, макул болууң жүктөлгөн, болбосо...”. Шайх: “Каалаганыңды кыл”, - деди. Андан соң элчи аны камакка алып, султандын чатыры жанындагы чатырга камап койду. Шайх камакта болгон кезде Куръан окучу, султан болсо аны угат эле. Бир күнү султан Франк королдоруна: “Бул шайхты угуп жатасыңарбы, ал Куръан окуп жатат”, - деди. Алар: “Ооба”, - деп жооб беришти. Султан айтты: “Бул мусулмандардын эң улуу руханийи. Мен силерге мусулмандардын сепилдерин тапшырышыма каршы чыкканы үчүн камадым жана Дамасктагы мечит имамдыгынан, мансабынан түшүргөм. Андан соң, аны журтунан чыгарып жибердим, ал Куддуска келди, мен аны силер үчүн кайра камадым!”. Ошондо Франк королдору: «Эгер, ал биздин руханийибиз болгондо, анын буттарын жууп, суусун ичет элек», - дешти. (Ахмад Бакасир, «Ваисламах» китеби, 100-бет. Сабкий, «Табакат» китеби).

**Нававий жана Захир Бейбарс:**

Захир Бейбарс монголдорго каршы согушуу үчүн Шамга барарда, аларды жеңүү үчүн жарандардын мал-мүлкүнөн алуунун жаиздиги жөнүндө уламалардан фатва сурады. Натыйжада, Шам факихтери макулдук берип, ага кат жөнөтүштү. Ошондо ал: “Уламалардан эч ким калбадыбы?”, - деп сурады. “Шайх Мухийиддин Нававий калды”, - деп жооб беришти. Ал аны чакыртты, ал келди. Захир Бейбарс ага: “Фукахалар менен бирге өз пикириңди жазып бер”, - дегенде, ал киши четке какты. Бейбарс: “Четке кагууңдун себеби эмнеде?”, - деди. Шайх: «Мен билемин, сен Бендакар амиринин колундагы кул болуп, мал-мүлкүң жок эле. Андан кийин Аллах сага жардам берип, падыша кылды. Угушубузча, сенин алдыңда миң кул бар, ар биринин алтындан үлүшү бар. Андан тышкары, эки жүз күңүң бар, ар биринин баалуу тагынчактары бар. Эгер, сен булардын баарын инфак кылсаң жана мамлуктарыңда мал-мүлктүн ордуна буюмдар калса, күңдөрүңдө болсо тагынчактардын ордуна кийимдери калса, жарандардын мал-мүлкүнөн алууга фатва беремин», - деди. Захир анын сөзүнө ачууланып: “Менин өлкөмдөн (т.а. Дамасктан) чыгып кет”, - деди. Имам Нававий болсо жарайт деп, Нава деген жайга кетти. Факихтер: «Бу улуу уламаларыбыздын, салихтерибиздин жана биз ибрат ала турган кишилердин бири, аны Дамаскка кайтарыңыз», - дешти. Ага кайтуу үчүн урухсат берилди. Бирок, шайх четке кагып: «Ал жерде Захир турганда, ал жерге кадам баспаймын», - деди. Ушул окуядан бир ай өтүп, ал дүйнөдөн өттү. (“Уламалардын хулку” китеби, тогузунчу том).

**Ибн Таймия жана Газан:**

Хижрий 698-жылдын акырында монгол ханы Газан жана анын кошууну Ирандан Халабга карай бастырып келе жатканы туурасында хабарлар тарады. Хижрий 699-жылы 27-робиъулаввал айында Салима өрөөнүндө Газан хандын кошуундары менен Насир ибн Калаундун кошуундары кагылышты. Айыгышкан салгылаштан кийин Насирдин кошууну жеңилип, аскерлери жана шахзадалар качып кетишти. Дамаск ак сөөктөрү болсо Насирдин жолунан Мисирге кетишти, жада калса Дамаск өкүмдарсыз, амирсиз жана ак сөөктөрсүз калды. Лекин, шайхулислам Ибн Таймия адамдар менен бирге калды. Шайхулислам өлкөдө калган таасирдүү адамдарды чогултуп, алар менен абалды өз мойнуна алууга жана Газан хан менен жолугушуу үчүн Шам элчилерин жетектеп барууга макул болду. Алар Газан хан менен Банак шаарында жолугушту жана ортодо катуу талкуу болду. Балисий айтат: Шайх Ибн Таймия Газан ханга котормочу аркылуу мындай деди: «Сен мусулманмын деп жатасыңбы, угушубузча, казың, имамың, шайх жана муаззиндериң бар экен. Андай болсо, эмне үчүн өлкөбүзгө келип, басып алдың? Сенин атаң жана чоң атаң кафир эле, лекин, алар биз менен убадалашкандан кийин Ислам өлкөлөрүнө бастырып киришпеген. Сен убада берип, аны буздуң, сөз берип, аны аткарбадың», - деди.

Ибн Таймия менен Газан ортосунда көп нерселер болуп өттү жана Ибн Таймия баарын Аллах үчүн кылды. Андан кийин Газан элчилерге тамак тартуу кылды жана Ибн Таймиядан башка баары тамак жешти. Андан: "Эмне үчүн жеген жоксуз?", - деп сурашты. Шайх: «Тамагыңарды кантип жеймин, алардын баары адамдардын койлорунан уурдалып, бак-дарактарынан кесилип бышырылган нерселер го?», - деди. Газан анын сөзүн дыкат угуп турду... Андан кийин ал жүрөгүнө кирген шык, дилгирлик менен мындай деди: "Бул шайх ким? Деги, ага окшогон адамды эч качан көрбөгөнмүн, ага окшогон жүрөктүү кишини көрбөгөнмүн, анын сөздөрү жүрөгүмө таасир кылды...". Ага шайхтын кимдиги, илими жана амалы туурасында хабар беришти. Газан шайхтан ага дуа кылууну сурады. Шайх ордунан туруп, минтип дуа кылды: "Аллахым, эгер бул пендең Сенин сөзүң бийик болушу жана бүткүл диниң Сеники болушу үчүн согушуп жаткан болсо, ага нусрат бер, аны колдоп-кубатта, ал өлкөлөрдү жана калктарды колго алышына жардам бер. Эгер, ал өзүн көрсөтүү жана аброй үчүн чыгып, дунясы жана сөзү бийик болушун, Ислам жана мусулмандардын кор болушун кааласа, аны төмөнгө түшүр, аны жок кыл жана тамырын кесип сал". Газан шайхтын дуаларына колун көтөрүп "аамин" деп турду. Балисий айтат: Ошондо биз ибн Таймияны өлтүрүүнү буйруса, каны бизге чачырайт деп кийимдерибизди тарта баштадык. Биз Газандын

алдынан чыкканыбыздан кийин башкы казы Нажмиддин жана башкалар: «Бизди да, өзүңдү да өлүмгө кептеп жаздадың, сени менен бирге кетпейбиз», - дешти. Шайх: «Аллахка касам, мен да силер менен бирге кетпеймин», - деди. Балисий айтат: Ошентип, алар бир топ болуп жолго чыгышты, шайх болсо бир топ менен артта калды. Сарай кызматчылары, амирлер жана Газандын достору анын сөзүнө кулак салып, Шамга бара жатканда андан дуа сурап алдына келишти. Аллахка касам, ал Шамга үч жүз атчан менен келди. Шайх менен бирге болгон топ ичинде мен да бар элем. Ал эми, аны менен бирге кетүүдөн баш тарткан топко келсек, жолдо аларга монголдор чабуул кылып, бар жогун тартып алышыптыр. (Захабий, "Суннат манхажы" китебинин мухтасар шархы, 332-бет).

Ооба, бул жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпогон уламалардын көздөрдү жашыткан, жүрөктөрдү толкунданткан сөз жана амалдагы улуу позициялары туурасындагы ажайыб жана таасирдүү икаялардан үзүндүлөр. Алардын бири өлүмгө даяр болсо, башкасы мал-дүняны четке кагып, дагы бири халифага коркпостон хак сөздү айтуу үчүн учур күтсө, башкасы халифаны коркутту, алар жолугушканда Аллах анын ичине салган коркуудан калтырашты. Дагы бири өткүнчү дүняны эмес, Ахыретти үмүт кылып Аллахтан коркуп казылыктан баш тартты. Башкасы саткындарга каршы согушуп, алар менен мамиле кылып жаткандарды четке какты. Дагы бири атак-даңк, ихсан жана акча акысына үзүр суроодон баш тартты. Кафир душмандары «Эгер бул сыяктуу инсан бизде болсо, буттарын жууп, суусун ичет элек» деп макташты. Алардын дагы бири өкүмдарларда каражат болгону үчүн жарандардан акча чогултууну четке какты. Ооба, бул тизмени узакка улантуу мүмкүн... Уламалардын ролу ушундай болгон: Аллахтын ыраазылыгы жана Умматтын ойгонуусу үчүн коркпостон Хак сөздү айтуу, хакты орнотуу жана батылды бүтүндөй эрдик менен жок кылуу.

Алар шарият жана вакиълик факихи эле, ошондуктан алардын мамлекети болгон Халифалык мамлекети бекем турду, Умматы туура болду, даъваты жайылды, алардын фикхи Умматтын саясий турмушунда, жада калса, айланадагы дүйнөнүн саясий, фикирий, экономикалык, рухий жана башка вакиълигинде да кеңири жайылды. Алар амирлеринин жана өкүмдарларынын вакиъсин, киреше жана чыгашаларын билишкен. Алар мусулмандардын айланасындагы душмандарынын саясий вакиъсин о.э. алардын пландарын, багыттарын, фитналарын, жалгандарын жана айла-амалдарын үйрөнүшкөн. Бул болсо, аларды душмандарына каршы туруууда жана күрөшүүдө Умматтын алдыңкы сабында тургузду. Ошондуктан, мурунку

уламалар Куръан жана суннаттын ибадаттар жана мамилелерге алакадар фикхине гана этибар берип, башкарууну акимдерге таштап коюшпады. Тескерисинче, алар акимдерге насихат кылып, акыйкатка үндөштү. О.э. алар дуня, аял жана мартаба артынан мал-дуняга берилишпеди. Алардын ар бири өз кепендерин колуна алып, Аллах, Ахырет жана жаннаттан башка нерсе туурасында ойлошподу. Алардын урааны «Каалаган өкүмүңдү чыгар, сен ушул дуняда гана өкүм кыласың» деген ураан болгон. Ооба, ушунчалык көп жана ушул даражада көп окуялар бүгүнкү күнүбүздө жүз бербей жатат. Уламаларыбыз бүгүн Аллах Таала ыраазы боло турган шаръий саясат менен өкүмдарларды жана Умматты жолго салуудагы өздөрүнүн улуу ролун унутушту.

Уламалар саясаттан алыстап, ибадат жана мамилелерге гана чектелип калышынын себебдери ушуларда даана көрүнүп турат:

– Туура эмес жыйынтыктардан келип чыккан күмөндөргө негизделген фикхий негиздер.

– Хукмдарды вакиъге таптакыр түшүрбөстүк.

– Кысымдардан улам айрым уламалар фитнадан алыс болууну шылтоолоп саясаттан кетүүгө мажбур болушту. Негизи, фитна – Аллахтын дининен алыстоо жана акыйкатты айтпоо. Фитна – Аллахтын дининен кайтуу жана дин менен өкүм жүргүзбөө – динди жашоодон, мамлекеттен жана саясаттан бөлүү натыйжасында жүзөгө келет. Бул болсо, шариятка куштар болбогон амирлерге чөйрө жаратат жана аларды динди тебелөөдө, акы-укуктарды четке кагууда, чет мамлекетке көз каранды болууда, адамдарды өлтүрүүдө харам иштер жана кылмыштарды жасоодо чектен чыгууга үндөйт. Эгер, бүгүнкү уламаларыбыз кечеги уламалардай болушканда ушул аяттарды колдонушмак:

﴿بَلۡ نَقۡذِفُ بِٱلۡحَقِّ عَلَى ٱلۡبَٰطِلِ فَيَدۡمَغُهُۥ فَإِذَا هُوَ زَاهِقٞۚ وَلَكُمُ ٱلۡوَيۡلُ مِمَّا تَصِفُونَ﴾

***«Жок, Биз хакты батылдын үстүнө таштайбыз, анан,*** *(хак батылды)* ***жанчып,*** *(батыл)* ***капыстан жок болот, силер болсо*** *(Аллахты батыл)* ***сыфаттаганыңар үчүн азап бар»*** [Анбия: 18]

﴿ٱلَّذِينَ أُخۡرِجُواْ مِن دِيَٰرِهِم بِغَيۡرِ حَقٍّ إِلَّآ أَن يَقُولُواْ رَبُّنَا ٱللَّهُۗ وَلَوۡلَا دَفۡعُ ٱللَّهِ ٱلنَّاسَ بَعۡضَهُم بِبَعۡضٖ لَّهُدِّمَتۡ صَوَٰمِعُ وَبِيَعٞ وَصَلَوَٰتٞ وَمَسَٰجِدُ يُذۡكَرُ فِيهَا ٱسۡمُ ٱللَّهِ كَثِيرٗاۗ وَلَيَنصُرَنَّ ٱللَّهُ مَن يَنصُرُهُۥٓۚ إِنَّ ٱللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ﴾

***«Алар өз диярларынан «Биздин Роббибиз*** *(жалгыз)* ***Аллах» дешкени үчүн гана куулгандар. Эгер, Аллах адамдардын айрымдарын айрымдары менен кайтарып турбаса, шек-күмөнсүз Аллахтын аты***

***көп зикр кылына турган*** *(рохибдердин)* ***монастырлары,*** *(насронийлердин)* ***чиркөөлөрү,*** *(яхудийлердин)* ***ибадатканалары жана*** *(мусулмандардын)* ***мечитдери ойрон кылынган болот эле. Албетте, Аллах Өзүнө*** *(т.а. динине)* ***жардам бергендерди үстөм кылат. Шексиз, Аллах күчтүү, кудуреттүү»*** [Хаж: 40]

Ибн Таймия саясий вакиънин билерманы болуп, султандарга согуш ачуу жана токтотуу туурасында фатваларды берип, өлкө жана мүлктү коргоо үчүн алардын ордуна башкаларды коюу менен коркутту. Арийне, даъватчылардын бүгүн Халифалыкты тикелөө жана тогут өкүмдарларды четтетүү үчүн жасап жаткан иштери мындан башка нерсе эмес. Белгилүү болгондой, саясий вакиълик өкүмдардын өкүмдар сыфатындагы бардык иштерине, мансабга олтуруудан баштап дайындалышына чейинки иштерине тиешелүү. Уммат кандай мыйзам негизинде башкарылат, анын булагы, ага байланыштуу амалдар, өкүмдардын бийликке келүү усулу кандай, өкүмдарга эмнелер тиешелүү, ал туш боло турган тынчтык, согуш, келишимдер, сулхтар, жарашуулар кандай болушу керек о.э. акча, киреше жана чыгаша саясатына байланыштуу нерселер, салтанат иштери жана аларга таандык хукмдар, булардын баары өкүмдардын иштерине алакадар. Эгер, аалымдын шарият туурасындагы билиминде бул саясий маселелер боюнча эч кандай хукму болбосо, бул мамлекет илманий болуп эсептелет. Т.а. анда дин мамлекеттен жана шарият саясаттан бөлүнгөн.

Бүгүнкү жаман уламалар адашууга, куфрга, бидъатка жана Аллах харам кылганды халал кылууга, Аллах халал кылганды харам кылууга чакырышууда. Бул сыяктуулар тогут өкүмдарлардын жардамчылары болуп, алардын Ислам шариятынан чыгуусун жеңилдетишүүдө. Анткени, алар чектен чыгып кетишкен, аалымдын чеги болсо Пайгамбарыбыз ﷺ алып келген нерсени ээрчүү. Расулуллах ﷺ айтат:

«إِنَّ أَخْوَفَ مَا أَخَافُ عَلَى أُمَّتِي الْأَئِمَّةَ الْمُضِلِّينَ»

**«Умматым жөнүндө эң көп коркконум – адаштыруучу имамдар»**. Абу Давуд риваяты. Табароний "Сагирул Авсат"та бул хадисти сахих деген.

Абу Хурайрадан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ мындай дейт:

**«يكون في آخر الزمان أمراء ظلمة ووزراء فسقة وقضاة خونة وفقهاء كذبة. فمن أدرك ذلك الزمان منكم فلا يكونن لهم جابيًا ولا عريفًا ولا شرطيًّا»**

**«Акыр заманда залим амирлер, фасык вазирлер, саткын казылар жана жалганчы факихтер болот. Силерден ким ошол**

**заманда жашаса, аларга салык чогултуучу, назир жана миршаб болбосун».** Хузайфа алар туурасында мындай деген: «Фитна орундарынан этият болгула». "Ал кандай орун?", - деп сурашты. Ал: «Амирлердин эшиги, силер ал жерге кирип, анын жалганын тастыктайсыңар жана анда болбогон сыфаттар менен мактайсыңар», - деп жооб берди. Ибн Жавзий айтат: «Ахырет уламасы султандарды жактырбайт жана аларга аралашпайт». Зайад ибн Хадир айтат: Мага Умар ﵁ мындай деген: «Исламды ким ойрон кылат, билесиңби?". Мен: "Жок", - дедим. Ал: "Аалымдын тайылышы, мунафыктын китеб жөнүндө тартышуусу жана адаштыруучу имам-башчылардын өкүм жүргүзүшү». Дарамий риваяты.

Бу бүгүнкү уламалардын вакиъи, алар Аллахтан коркууну жоготуп, анын ордун султандан коркууга алмаштырышты. Хадистерде жана мурунку риваяттарда айтылгандай, жалган сүйлөө, бурмалоо, чалгытуу, Аллахка тухмат кылуу, кыянаттык, калыстарга тухмат кылуу, яхудий жана насронийлер менен аралашуу, аларды ээрчүү, алар менен достошуу, Батышка малайлык кылуу, дуня, акча, атак-даңк жана нафска берилүү, өлкөнү сатуу, харамды халал, халалды харам кылуу, батылды чырайлуу кылып көрсөтүү, алар булардын баарын жасашууда. Мындай малай уламалардын бар болушу – балээ жана кырсыктын белгиси. Анын себеби:

– Алар фитна чыгарышууда же фитна каршысында терс роль ойношууда. Анткени, алар Аллах Тааланын ыраазылыгынан же коомдун кызыкчылыгынан көрө өздөрүнүн кызыкчылыгын ойлошот.

– Алардын бар болушу элдин жетекчилигин кырсык жана ойрондулукка алып бара турган жетекчиликке айлантат. Анткени, алар пакиза жана таква уламалардын ордун ээлеп алышат.

– Алардын бар болушу Умматты жахилият жана наадандыкка жетектейт. Наадандык – фикирлөөдөгү алсыздык. Бул нерсе Умматты дуня турмушунун бардык тармактарын жана Ахыреттеги ийгиликсиздикке алып келет.

– Алар бар болгон соң, фарздардын таажысы болгон Халифалыкты тикелөөгө этибар жоголот. Алар турган соң, Умматты жихадга үндөө, Исламды жаюу аркылуу аны бекемдөө жана дуняны куфр жана чириген капиталисттик хазараттан Ислам адилетине жана рахматына алып чыгуу болбойт.

**Уламаларга кайрылуу:**

Эй, урматтуу, таква, пакиза, ыхластуу жана садик уламалар, эй, жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпогон, Ислам байрагы жана анын улуу мурасын өз мойнуна алган уламалар, эй, мусулмандарды жана дин негизин коргогон уламалар. Эй, илим жана

амал аманатын өз мойнуна алгандар. Эй, Расулуллахтын минбарында туруп, динден сүйлөп, мусулмандарга насихат кылып жаткан уламалар. Эй, Аллахты өзүнө күбө жана кепил кылып жаткан уламалар. Эй, Пайгамбарлардын мураскорлору, Пайгамбарлар татыктууларга гана аманат калтырган, силер аны акташыңар лазым. Эй, уламалар, бүгүн силерге баары мухтаж, силер менен жүрөктөр кадыржам болуп, акылдар туура жол табат. Эй, Аллах Таала ахли зикр деп атаган уламалар, мусулмандар силерден чоң-кичине нерселер тууралуу сурашат... Силер өз динин дуняга саткан, Аллахтын сөздөрүн өзгөрткөн жана Анын динин бурмалаган Бану Исраил рохибдери жана руханийлери сыяктуу болуп калуудан этият болгула... жаман тафсир кылып же туура эмес фатва берүүдөн, залим өкүмдарларды ыраазы кылуудан, Роббиңердин жана диниңердин зыянына малайлык кылуудан уялып, кайдыгер болуудан сактангыла. Эгер, андай кылбасаңар дуняда үстөм келишиңер мүмкүн, бирок түбөлүктүн жайы болгон Ахыретте уттурасыңар. Силер даражама-даражалыктан этият болгула, анткени мында мусибат бар. Азарларга сабыр кылгыла, анткени, ал – силерден мурунку Пайгамбарлар, сахабалар, табииндер жана шахиддердин суннаты. Умматыңарды бекемдикке чакыргыла, кайраттандыргыла, жардам бергиле, Исламды тикелөөгө жана Халифалык мамлекетин тикелөөгө үндөгүлө. Ошондо силер ушул Умматтын ишеничине ээ болосуңар. Халифалык – Роббиңердин убадасы жана Пайгамбарыңардын кушхабары.

**Эй, таква уламалар,** Аллах Таала ушул улуу ишти т.а. динди жаюу жана Умматты Аллах ыраазы боло турган тарапка буруу ишин силерге жүктөдү. Бул иштин сообу улуу жана жазасы катуу. Аллах Таала ушул аманатты силерге тапшырды. Ал Умматтын сепили Ислам болуп, чоң сыноо. Аллахка таква кылуу үстүнө курулбаган сепил тез эле урайт. Аллах силерге тапшырган Уммат ишин сая кетирбегиле, вазыйфаңарды өз убагында аткаргыла. Ажалга амал менен шашылгыла, анткени ажалдан кийин амал жок.

Силер Умматтын дини жаатында камкор жетекчисиңер, андыктан, хакты тикелегиле! Силер тайылбагыла, антсеңер Уммат да туура жолдон тайылат. Нафс менен иш кылбагыла жана ачуулук менен чечим кабыл албагыла, анткени ачуулануу хакты жок кылат. Ахырет ишин дуня ишинен афзел көргүлө, Аллахка таква кылгыла. Таквалык сактануу менен болот. Ким Аллахтан корксо, Аллах аны сактайт. Силер белгиленген ажал, басып өтүлгөн жол, алынган тарикат, коопсуз амал жана таза-коопсуз булак үчүн амал кылгыла. Анткени, ал акыйкат булагы жана уулу позиция болуп, анын каршысында Аллахтан эмес,

өкүмдарлардын зулумунан корккон уламалар хакты ачык айтуудан жана улуу позицияны кармануудан баш тарткан уламалар... Аллах Таала айтат:

﴿هَٰذَا يَوۡمُ ٱلۡفَصۡلِۖ جَمَعۡنَٰكُمۡ وَٱلۡأَوَّلِينَ﴾

***«Бул*** *(хак менен батыл)* ***ажыратыла турган Күн! Биз силерди да, мурункуларды да топтодук»*** [Мурсалат: 38]

Эй тайылган, бушайман болгон уламалар, бул күндө ар бир нафс өзү тапкан нерсеси менен сыйланат, Аллах тез эсеп-кысап кылуучу.

**Эй, уламалар, Аллахтан корккула.** Албетте, жашоо түбөлүк эмес, хитаб кооптуу, дуня жана анда болгон нерселер жок болуучу, Ахырет болсо түбөлүк туруктуу. Эй, бечара уламалар, чектен чыккандардын жолунда жүргөн бойдон Аллахка жолукпагыла. Анткени, Кыямат күнүнүн Ээси пенделерди орду менен эмес, амалдары менен сыйлайт. Аллах силерди Өзүнүн китебинде эскерткен. Эй, уламалар, этият болгула, анткени Аллах силерди жөндөн жөн жаратпады жана өз абалыңарга таштап койбойт. Ал кылган амалыңарды сурайт. Ошондуктан, эмне деп жооб берүү туурасында ойлонгула. Кыямат күнүндө пенде төрт нерседен суралмайынча бир кадам да жылбайт: илимин эмнеге иштеткени, өмүрүн эмнеге жумшаганы, мал-мүлктү кайдан тапканы жана эмнеге сарфтаганы, денесин эмнеге иштеткени. Эй, улуу уламалар, суракка жооб бере турган күнгө даярдангыла. Анткени, бул Кыямат күнүндөгү улуу нерсе, Кыяматта эмизүүчү баласынан баш тартат, адамдар абдырап калат. Анткени, Аллахтын азабы катуу. Эгер, жакшылык кылсаңар силер үчүн жакшылык болот, эгер жамандык кылсаңар, насибиңер жана намаи аъмалыңар жаман болот. Силер ошондо, аттиң, жаралбаганыбызда жана бул дуняга келбегенибизде жакшы болор эле дейсиңер. Лекин, ал учурда өкүнүү пайда бербейт.

**Эй, динди коргоп, жеткирүүчү уламалар,** Аллах үчүн оңолуудан көрө жакшыраак, бузгунчулук жана маъсияттан жаманыраак амал жок. Андыктан, Умматыңар жана өкүмдарларыңар жөнүндөгү важиб вазыйфаңарды аткаргыла. Алар динди жаюусу жана рисалат катары кабыл алышы жана сакчы болгон өз мамлекетин тикелөө аркылуу Исламды орнотушу үчүн аларды Робби ыраазы боло турган, бул дуня жана Ахыретте пайда алып келе турган нерсе менен тарбиялоо силерге буйрулган. Пайгамбарыбыз айтат:

**«الإِسْلاَمُ وَالسُّلْطَانُ أَخَوَانِ تَوْأَمٌ، لاَ يَصْلُحُ وَاحِدٌ مِنْهُمَا إِلاَّ بِصَاحِبِهِ. فَالإِسْلاَمُ أُسٌّ وَالسُّلْطَانُ حَارِسٌ، وَمَا لاَ أُسَّ لَهُ مُنْهَدِمٌ وَمَا لاَ حَارِسَ لَهُ ضَائِعٌ»**

**«Ислам менен султан – эгиздер. Алар бир-бирин оңдошот. Ислам – негиз болсо, султан – сакчы. Негизи болбогон нерсе ойрон болот, сакчысы болбогон нерсе сая кетет».** Бул биздин бүгүнкү ахвалыбыз, анда Ислам акида жана турмуш түзүмү катары жок... Бүгүнкү абал ушундай: мусулмандардын сакчысы т.а. Исламды колдоно турган мамлекети жок. Эй, уламалар, динге жардам бергиле жана анын мамлекетини тикелегиле. Анткени, мамлекет болсо Ислам колдонулат, Ислам жашоодо рисалат катары жайылат, дин тамыры корголот, басып алынган мусулман жерлери кайтарылат, бузгунчулук, куфр жана бузукулук жоголот... Эй, Расулуллахтын достору жана жардамчылары, бекем болгула, чыныгы тавба кылгыла, өзүңөрдү Аллахка шахид болуп жолугууга даярдагыла. Анткени, Ахырет турмушунан башкасы бекер, Расулуллах ﷺдан, сахабалардан, табииндерден жана хак уламалардан өрнөк алгыла. Аллах силерди Өзү сактасын жана хакта бекем кылсын. Уммат силер аркылуу гана азиз болот. Ошондуктан, этият болгула, анткени абалды өзгөртө турган, тирүүнү өлүктөн жана өлүктү тирүүдөн чыгара турган Зат силерди башкасына алмаштырып койбосун.

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»*** [Юсуф: 21] ❑

## «Израилдик» жазуучу фалестиндиктердин «израилдиктерден» үстөмдүгүн моюнга алды

Гидеон Леви «израилдик» журналист, солчул сионисттерден болот. Ал Фалестин эли бар экенин гана моюнга алып калбастан, алардын «израилдиктерден» үстөмдүгүн моюндап мындай дейт: «Чамасы, фалестиндиктердин каны инсандардан башкача. Жерлерин басып алдык, жаштары арасына ырчы-бийчи, сойку жана наркоман кыздарды киргиздик, бир нече жыл өтөт, андан кийин журтун жана жерин унутушат, дедик... Бирок, алардын жаш мууну «козголоң 87»ни башташты... Аларды камактарга алдык, ал жерде аларды жакшылап тарбиялайбыз дедик... Жылдар өттү, сабак алышса керек деп ойлогонбуз, кайрадан куралдуу “козголоң 2000”ди кайра баштап, чар тарапты өрттөштү... Үйлөрүн ойрон кылабыз, жылдап блокада кармап турабыз, дедик. Бирок, акылга сыйгыс ракеталарды жасашып, ушунча блокада жана ойрондулуктарга карабастан үйлөрүбүзгө сокку берип жатышат. Андан кийин бийик тикен зымдуу дубал ойлоп таптык... Бирок, алар жер астынан жана туннелдерден келип, акыркы согушта бизди чоң кырсыкка кептешти. Биз аларга акылыбыз менен согушуп көрдүк. Алар болсо “Израилдин” «Амас» спутнигин ээлеп алып, “Израилдеги” ар бир үйгө коркуу салышты. Маселен, фалестиндик жаштар «Channel 2» каналыбызды колго алышкандай. Кыскасы, биз тарыхта болгон эң кыйын калкка туш келдик, алардын укуктарын моюнга алуудан жана баскынчылыкты токтотуудан башка чечим калбады...».

**Ал-Ваъй:** акыйкатта, силер тарыхтагы эң кыйын элге жолуктуңар. Бирок, чечим сен айткандай эмес. Жок, чечим – бүткүл вужудуңарды жок кылуу жана абалды силер келип, жерибизди басып алышыңардан мурунку абалына кайтаруу. Мунун жолу Аллахтын урухсаты менен убагы келген рошид Халифалык, мындан башка жол жок.

## Президент мисирликтерден «бала көрүүнү токтотууну» талаб кылды!

Сисий борбор калаа Каирде өткөн калк, саламаттык жана өнүгүүгө багышталган эл аралык конференцияда: «Терроризм менен калктын санынын өсүшү эң чоң кооп-коркунуч..., элдин санынын өсүшү – өлкө туш келген эң кооптуу кооп-коркунуч», - деди. Сисий бул сөзүндө саламаттыкты сактоо министри Халид Абдулгаффардын «Бала көрүү маселесинде мамлекеттин ролу багыт берүүгө гана чектелиши керек» дегени үчүн сындап: «Эгер, эркиндик тартибге салынып турбаса, кырсыкка алып келет», - деди. Сисий бул сөзүнө Кытай мамлекети үй-

бүлөлөргө бир перзенттен ашык бала көрбөө саясатын алып барганын, бул саясаты менен «элдин санынын өсүшүн көзөмөлдөөгө» жетишкенин далил кылды. Бирок, бул саясат учурда Кытай мамлекетин үрөй учурган кырсыкка кептегенин, натыйжада мындай саясатты токтотуп, мурунку саясатка кайтууга мажбур болгонун Сисий билип туруп, бирок билмексен болду. Андан соң «Төрөлүүнүн деңгээли аз мамлекеттерди мыйзамдуу миграцияны уюштурууга» чакырды. Лекин, бул миграция анын экономикалык саясаты ийгиликсиздикке учураганынын, жаштар өз кесибинен айрылып, адистигинен пайдалана албагандыктары үчүн өлкөсүнөн чыгып кетүүгө мажбур болуп жатышканынын тастыгы экенине көз жумду.

**Ал-Ваъй:** Сисий элдин санынын өсүшү “терроризм” коркунучунан да жаман коркунуч кылып көрсөтүү менен өзүнүн саясий аңкоолугун жашырууга урунууда. Анткени, анын начар саясаты Мисир башынан өткөрүп жаткан оор экономикалык кризистин келип чыгышында чечүүчү роль ойноду. О.э. анын начар саясаты экономикалык ресурстардан туура пайдалана албоодо, бийликтин коррупциялашуусунда, коопсуздук кызматы тарабынан камакка алуу, кыйноолорго салуу жана жашыруу сыяктуу кылмыштарда даана көрүнүүдө. Шек-күмөнсүз, чыныгы чечим Сисийдин кетишинде, анын ордуна шаръий чыныгы экономикалык түзүмдү колдоно турган, ушул аркылуу инсандардын негизги гана эмес, жетиштүү мухтаждыгын камсыздай турган Ислам бийлигин тикелөөдө.

## Нур партиясы шайлоодо Сисийди колдорун билдирди

Мисирдеги салафий «Нур» партиясы 2024-жылда өтө турган шайлоодо мамлекеттик төңкөрүштүн жетекчиси Абдулфаттах Сисийдин талапкерлиги көрсөтүлүшүн колдорун маалым кылды. Партия жетекчилиги тарабынан берилген билдирүүдө айтылышынча, башкы катчылык жана вилаяттардын катчылыктары менен бирге кеңеш жыйындары өткөрүлүп, жогорку кеңештин добуш берүү жыйыны бүткөндөн кийин Сисийди колдоп-кубаттоо чечими кабыл алынган. Партия билдиришинче, партия кадырлары арасында мамлекеттин түрдүү институттарын башкаруу жана аларды бекемдөөгө о.э. Мисир жана бүткүл регион туш келген кооп-коркунуч жана проблемалар көлөмүнө ылайык кызматташууга кудуреттүү жетекчилик зарылдыгына болгон чоң ишеним Сисийди колдоп-кубаттоого үндөгөн. Партия өз мүчөлөрүн жана бүткүл мисирликтерди шайлоого катышууга, жаратмандыкка умтулууга, терс маанайдан жана үмүтсүздүктөн этият болууга чакырды. Билдирүүдө кошумчаланышынча, партия жумуш

документин берүү менен Сисийди колдоп-кубаттоого салым кошкон. Бул документ партиянын кийинки баскычтагы баштапкы иштер боюнча көз карашын өз ичине камтыйт. Партиянын билдирүүсү социалдык тармактарда чоң нааразылыкты пайда кылды жана активисттер партияны эки жүздүүлүктө айыпташты. Активисттер айтышынча, маркум президент Мухаммад Мурсийдин башкаруусун бузууга урунган, диний жана фикхий маселелерде ага тухмат кылган партия бүгүн өзүн исламчы катары көрсөтпөгөн жана Нур партиясынын эч кандай талабын аткарбаган Сисийди болгон күчү менен колдоп-кубаттоодо. Мисир Улуттук шайлоо комиссиясы президенттик шайлоо үчүн талапкер көрсөтүү жараянын 5-октябрда баштоого чечим кылды. Өлкө ичинде добуш берүүнүн биринчи баскычы ушул жылдын 10-декабрынан тартып 3 күнгө созулат.

**Ал-Ваъй:** биз Нур партиясынын жетекчилерине Расулуллах ﷺдын сөзүн айтабыз: Анас ибн Малик رضي الله عنه Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

**«الْعُلَمَاءُ أُمَنَاءُ الرُّسُلِ عَلَى عِبَادِ اللهِ مَا لَمْ يُخَالِطُوا السُّلْطَانَ، فَإِذَا خَالَطُوا السُّلْطَانَ فَقَدْ خَانُوا الرُّسُلَ فَاحْذَرُوهُمْ، وَاعْتَزِلُوهُمْ»**

**«Уламалар сарайга аралашпаса, Аллахтын пенделери үстүндөгү пайгамбарлардын аманаткөй өкүлдөрү болот. Бирок, сарайга аралашса, пайгамбарларга кыянаттык кылган болушат. Андыктан, алардан этият болгула жана алардан алыс тургула».**

Муаз ибн Жабал رضي الله عنه Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

**«مَا مِنْ عَالِمٍ أَتَى صَاحِبَ سُلْطَانٍ طَوْعًا، إِلاَّ كَانَ شَرِيكَهُ فِي كُلِّ لَوْنٍ يُعَذَّبُ بِهِ فِي نَارِ جَهَنَّمَ»**

**«Бирер аалым өз ыхтыяры менен сарай ээсине жакын болсо, ар тараптан анын шеригине айланат. Ушул аркылуу тозок отунда азабдалат».** (Бул эки хадисти Хаким өзүнүн «Тарых»ында иштеп чыккан). ❑

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

Аллах Таала айтат:

﴿قَدۡ نَعۡلَمُ إِنَّهُۥ لَيَحۡزُنُكَ ٱلَّذِي يَقُولُونَۖ فَإِنَّهُمۡ لَا يُكَذِّبُونَكَ وَلَٰكِنَّ ٱلظَّٰلِمِينَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ
يَجۡحَدُونَ ۝ وَلَقَدۡ كُذِّبَتۡ رُسُلٞ مِّن قَبۡلِكَ فَصَبَرُواْ عَلَىٰ مَا كُذِّبُواْ وَأُوذُواْ حَتَّىٰٓ أَتَىٰهُمۡ نَصۡرُنَاۚ
وَلَا مُبَدِّلَ لِكَلِمَٰتِ ٱللَّهِۚ وَلَقَدۡ جَآءَكَ مِن نَّبَإِيْ ٱلۡمُرۡسَلِينَ ۝ وَإِن كَانَ كَبُرَ عَلَيۡكَ إِعۡرَاضُهُمۡ
فَإِنِ ٱسۡتَطَعۡتَ أَن تَبۡتَغِيَ نَفَقٗا فِي ٱلۡأَرۡضِ أَوۡ سُلَّمٗا فِي ٱلسَّمَآءِ فَتَأۡتِيَهُم بِـَٔايَةٖۚ وَلَوۡ شَآءَ ٱللَّهُ لَجَمَعَهُمۡ
عَلَى ٱلۡهُدَىٰۚ فَلَا تَكُونَنَّ مِنَ ٱلۡجَٰهِلِينَ ۝ ۞إِنَّمَا يَسۡتَجِيبُ ٱلَّذِينَ يَسۡمَعُونَۘ وَٱلۡمَوۡتَىٰ يَبۡعَثُهُمُ
ٱللَّهُ ثُمَّ إِلَيۡهِ يُرۡجَعُونَ﴾

***«Алардын сөздөрү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз. Анткени, алар сени жалганчы аташпайт. Тескерисинче, бул залимдер Аллахтын аяттарын жокко чыгарышат. Сенден мурунку элчилер да жалганчы аталганы белгилүү. Анан, тээ аларга Биздин жардамыбыз келгенге чейин жалганчы делгендиктерине жана жапа чеккендерине сабыр кылышкан. Аллахтын*** *(пайгамбарларымды Өзүм колдоймун)* ***деген сөздөрүн өзгөртө алуучу бир да киши жок. Акыйкатта, сага өткөн пайгамбарлардын айрым кабарлары келген го. Эгер, сага алардын жүз үйрүшү оор болсо, анда жерге*** *(кирип кете турган)* ***бир тешик же асманга*** *(чыгып кете турган)* ***бир шаты издеп таап, аларга аят мужиза-керемет*** *(таап)* ***келтирүүгө кудуретиң жетсе*** *(ошондой кыла бер)*. ***Эгер, Аллах каалаганда, албетте аларды туура жол үстүндө бириктирип-жолуктуруп коймок. Демек, эч качан наадандардан болбогун! Албетте, уга ала тургандар гана кабыл алышат. Өлүктөрдү болсо, Аллах тирилтет. Кийин Анын Өзүнө гана кайтып барышат»***

[Анъам: 33-36]

Шайх Мутавалли Шаъровий (рохимахуллох) бул аяттардын тафсиринде мындай дейт:

Аллах Таала бул аятта кафирлер Ахыретте Аллахтын алдында турушун баян кылды. Андан кийин сөз Аллах Тааланын хабарын бул кафирлерге жеткирүүдө кыйналып жаткан Расулуллах ﷺга каратылууда. Расулуллах ﷺдын көңүлү чөккөн эле, анткени коому ыйман даамын татпай жаткан. Аллах Расулуллах ﷺ туурасында:

﴿لَقَدْ جَآءَكُمْ رَسُولٌ مِّنْ أَنفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُم بِٱلْمُؤْمِنِينَ رَءُوفٌ رَّحِيمٌ﴾

***«Акыры, силерге өзүңөрдөн чыккан, силердин кыйынчылык-машакат чеккениңерден кыйналуучу, силердин** (Туура Жолго келишиңерге) **куштар болгон жана бардык момундарга боорукер, мээримдүү бир пайгамбар келди го!»*** [Тавба: 128]

дейт. Расулуллах ﷺ бардык инсандардын мумин болушуна куштар болуп, айрым инсандардын ыйман даъватына каршы чыгып жатканына кайгырган... Расулуллах ﷺ анын вазыйфасы жеткирүү гана болсо да, эгер Аллах адамдардын баарын мумин кылууну кааласа, бир аят-мужиза назил кылып баарын мумин кылып коёрун билсе да, кафирлердин ыйманга келишин каалаган.

﴿لَعَلَّكَ بَٰخِعٌ نَّفْسَكَ أَلَّا يَكُونُوا۟ مُؤْمِنِينَ ۝٣ إِن نَّشَأْ نُنَزِّلْ عَلَيْهِم مِّنَ ٱلسَّمَآءِ ءَايَةً فَظَلَّتْ أَعْنَٰقُهُمْ لَهَا خَٰضِعِينَ﴾

*«(Эй Мухаммад)**, а балким, сен** (Мекке мушириктери) **мумин болбогондугу үчүн өзүңдү жок кылмакчысыңбы.** (Андай кылбагын, себеби), **эгер Биз** (алардын мумин болууларын) **кааласак, аларга асмандан аят-керемет түшүрүп, ошону менен моюндары ийилип калаар эле»*** [Шуаро: 3-4]

Лекин, Хак Субханаху ва Таала моюндардын ийилишин эмес, жүрөктөрдүн ийилишин каалады. Аллах Таала адамдар өз Халикине мухаббатты бекемдөө үчүн өз ыхтыяр жана каалоосу менен келишин каалады. Ошондуктан, Хак Таала айтат:

﴿قَدْ نَعْلَمُ إِنَّهُۥ لَيَحْزُنُكَ ٱلَّذِى يَقُولُونَ﴾

***"Алардын сөздөрү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз".*** Ушуну жакшы билишибиз керек, قد калимасынан кийин келген нерсе албетте жүзөгө чыга турган иш болот. Эгер, ал мазий (өткөн чак) фиълинин алдында келсе, мындай абалда ал жүзөгө чыгып болгон иш болот. Эгер, ал музарий (келер чак) фиълинин алдында келсе, таклил (кээде маанисинде) үчүн же таксир (көбүнчө маанисинде) үчүн келет. Эгер, амил менен маъмул ортосунда себеб байланышы болсо, таксир үчүн болот.

Эгер, иштин көрүнүшү ачык-айкын байланбаган болсо таклил үчүн болот. Таксирге далалат кылган байланышка мисал: قد ينجح المجد т.а. тырышчак ийгиликке жетет дегенде тырышчактык менен ийгилик ортосунда сабабият байланышы бар. Туура, айрым учурда күтүлбөгөн бир окуя жүз берип, ийгиликке жете албастыгы мүмкүн. Маселен, экзамен күнү уктап калышы мүмкүн. Лекин, саламат болуу ыхтымалы

оорулуу болуу ыхтымалынан күчтүүрөөк, ошондуктан бул таксирге мисал болот. Таклилге мисал болсо, قد ينجح الكسول кээде жалкоо ийгиликке жетет дегенде жалкоо капыстан, мантикий себебсиз ийгиликке жетиши мүмкүн. Маселен, ал экзамен түнү бир канча сабактарды окуйт, андан кийин экзамен болот жана өтүп кетет. Демек, эгер قد калимасы мазий фиълинин алдында келсе, тахкик үчүн болот. Эгер, ал музарий фиълинин алдында келип, мантикий себеби болсо, таксир үчүн, мантикий себеби болбосо, таклил үчүн болот. Лекин, баарыбыз билгенибиздей, Аллахтын илими азалий илим жана Аллахтын илиминен четке чыга турган эч кандай күч жана нерсе жок. Демек, бул жердеги قد музарий фиълинен мурун келген болсо да тахкик үчүн болот. Анткени, Хак Таала бизге андай нерсенин болушун азалдан билерин жеткирүүнү каалады. Фиълдин тасвирин элестетүүбүз үчүн музарий фиъли менен келди:

﴿قَدْ نَعْلَمُ إِنَّهُۥ لَيَحْزُنُكَ ٱلَّذِى يَقُولُونَ﴾

***“Алардын сөздөрү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз”.*** Капалык – бул нафстин шаттык нугунан чыгышы. Эгер, инсандын ар бир мүчөсү өз вазыйфасын аткарса, ал абдан кубанат. Эгер, бирер мүчөнүн ишине тоскоол боло турган нерсе жүз берсе, бул капаланууну пайда кылат. Расулуллах ﷺдын каалоосу – ал кишинин сөздөрүн угуп жаткандардын баары мумин болушу эле. Лекин, айрымдар ыйманга каршы чыкса, айрымдар ал кишини сыйкырчы же келесоо акын деп айыпташты. Ошондуктан, Хак Таала Өз Расулун:

﴿قَدْ نَعْلَمُ إِنَّهُۥ لَيَحْزُنُكَ ٱلَّذِى يَقُولُونَ﴾

***“Алардын сөздөрү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз”,*** деп көңүлүн жубатууда. Башкача айтканда, “Эй, Мухаммад, сен алардын сөздөрү сага тиешелүү эместигин билишиң керек. Анткени сен – алардын фикирине ылайык чынчыл жана ишенчтүүсүң. Алар Мен сен аркылуу аларга жиберген аяттарымды жалган дешүүдө, анткени сенин алар менен болгон өтмүшүң чынчылдык жана аманат” деп жатат. Анткени, алардын арасындагы кафир Расулуллах ﷺдан башка эч кимге өз мал-мүлкүн жана баалуу буюмдарын ишенип тапшырбаган. Инсан аны кызыктырган нерседе өзүн алдабайт. Кудум Аллах Өзү Расулунан жүктү көтөрмөкчү болууда. Анткени, ким пайгамбарды акарат кылса, аны жөнөткөн Затты т.а. Аллах Тааланы акарат кылган болот.

Ошондуктан, Аллах Таала айтып жатат:

﴿قَدْ نَعْلَمُ إِنَّهُۥ لَيَحْزُنُكَ ٱلَّذِى يَقُولُونَ فَإِنَّهُمْ لَا يُكَذِّبُونَكَ وَلَٰكِنَّ ٱلظَّٰلِمِينَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ يَجْحَدُونَ﴾

***“Алардын сөздөрү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз. Анткени, алар сени жалганчы аташпайт. Тескерисинче, бул залимдер Аллахтын аяттарын жокко чыгарышат”.*** Аллах Таала Расул Умматтын хак даъватты кабыл алышына куштар болгонун баян кылууда. Муминдерде Хак Субханаху ва Тааланын Өз расулу туурасындагы сөзү тастыкталсын:

﴿لَقَدْ جَآءَكُمْ رَسُولٌ مِّنْ أَنفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُم بِٱلْمُؤْمِنِينَ رَءُوفٌ رَّحِيمٌ﴾

***“Акыры, силерге өзүңөрдөн чыккан, силердин кыйынчылык-машакат чеккениңерден кыйналуучу, силердин*** *(Туура Жолго келишиңерге)* ***куштар болгон жана бардык муминдерге боорукер, мээримдүү бир пайгамбар келди го!”.***

Куштарлык – Расулуллах ﷺ өз коомунан эч бир киши анын манхажынан жана дининен четке чыгышын каалабагандыгы. Лекин, Аллах Таала ким Расулуллахтын алдына келбөөгө кудуреттүү болуп туруп ыхтыярдуу түрдө келишин билүү жана ким келүүгө кудуреттүү болуп туруп келбестигин билүү үчүн дин маселесин ыхтыярдуу кылды. Бул ааламда Хак Тааланын барлык мыйзамдары болуп, аны бардык махлуктарына колдонот. Айрым учурда минтип сурап калышат: эмне үчүн Аллах Таала бул дуняда кафирге орун калтырды? Эмне үчүн Хак Таала дуняда жамандыкка орун калтырды, аны акылдуу эсеп менен башкарбайбы? Биз айтабыз, эгер жамандык адамдарды коркута турган зыяндуу таасирге ээ болбогондо, алар акыйкаттын таттуулугун билишпейт эле. Демек, жамандык менен куфрдун бар экендиги, куфрдун зулум жана зомбулук жагынан адамдарга таасири адамдарды ыйманга чакырат жана жакшылык болушу керек деген нерсеге чакырат. Эгер, барлыкта жамандык үчүн орун болбосо, анда адамдарды жакшылыкка эмне тартат. Ошондуктан, ыйманга каршы болгон кимселердин муминдерди тукуруусун, аларга зыян жеткирүүсүн жана ачуусун келтиришин көргөндө гана ыйман муминдерге таасир кылып жатканын көрөсүң. Ал эми, эгер дуня бир түрдүү болуп катып калса, мусулмандардын жүрөгүндө Ислам буйругу сууп калмак. Ошондуктан, муминдердин ар дайым кубатта экендигин көрөбүз, анткени бул жерде кафирлер бар. Ошондуктан, Аллах Таала Өз Расулуна:

﴿قَدْ نَعْلَمُ إِنَّهُۥ لَيَحْزُنُكَ ٱلَّذِى يَقُولُونَ﴾

***“Алардын сөздөрү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз”*** деп жатат. Кудум, Аллах Таала бизге барлыкта мумин менен кафирдин болушун каалаганын жеткирип жатат.

Ошондуктан, эй, мусулман, жер жүзүндө кантип кафирлер болот деп таң калсаң, билип кой, алар Аллахтын пенделери, Аллах алар куфрду ыхтыяр кылууларын каалады, лекин алар Аллахтын мажбурлашы аркылуу куфрду ыхтыяр кылышпады. Саййидибиз Расулуллах ﷺ адамдар ыйман келтирбегенине капа болууда, ошондуктан Аллах Таала ал кишини алар айтып жаткан куфр сөздөрү жана айыптоолор кайгыртып жатканын билип, аны сооротууда. Анткени, алар Расулуллах ﷺды сыйкырчы, келесоо, жалганчы, акын деп айыптап жатышкан. Аллах Субханаху ва Таала болсо, алар айтып жаткан сөздөрдү жана ошол сөздөр Расулуллах ﷺды капалантып жатканын билген. Ошондуктан, Хак Таала бул капалыкты Расулуллах ﷺдан көтөрүүнү каалады. Андан кийин, эй, Аллахтын Расулу, алар сени жалганчы дешүүдө, сен алардын алдында чынчыл жана ишеничтүү орунда экениңди билесиң, алардын эч бири сени жалганчыга чыгара албайт, лекин алар Аллахтын аяттарын инкар кылышууда, деп көңүлүн жубатууда. Мындан ашык сооротуу болбосо керек.

Белгилүү болгондой, мушриктердин Расулуллах ﷺ туурасында айтып жаткан сөздөрү кабыл алгыс сөздөр. Анткени, алар балагаттуу, фасахаттуу жана баянга чебер эл болуп туруп кантип Куръан – бул ыр дешет. Негизи, алар билимдүү кишилер болуп, ырды, анын сажаин, назмды жана насрды билишкен. Андыктан, Куръан услубун акындык менен аралаштырып жибериши акылга сыябы? Баса белгилөө зарыл, бул мүмкүн эмес. Алар пайгамбар ﷺды сыйкырчы дешти, андай болсо, эмне үчүн ыйман келтиргендерди сыйкырлап, бирок калгандарды сыйкырлабады? Эгер, сыйкырчы болгондо аларды сыйкырламак. Алардын сыйкырланбай калышы муну четке кагат. Алар ал кишини жалганчы дешти, лекин бул сөздөрү менен өздөрүн жалганчыга чыгарышты. Анткени, алар ал кишини чынчыл жана ишеничтүү деп билишкен. Мына Ахнас ибн Шарик жана Абу Жахл ортосунда болуп өткөн маекке кулак салгыла. Ахнас: "Эй Абулхакам, Мухаммаддан угуп жаткан нерсе туурасында фикириң кандай?", - деп сурады. Абу Жахл: "Эмнени да укмакмын?", - деп жооб берди. Бул жерде Абу Жахлдан жек көрүү жана көрө албастык туурасындагы сөздөрдү жана Мухаммад عليه السلامдын нур рисалатынан алыс болгон маселелерди угуп жатабыз. Ал дагы эмне деген: "Биз Бану Абдуманнаф менен аброй талашууда атаандашчу элек. Алар тамак беришчү, биз да тамак берчүбүз. Алар жардам беришсе, биз да жардам берчүбүз. Алар беришсе, биз да берчүбүз. Биз бүтүндөй бирдей элек. Кудум, эки тулпар сыяктуу бири-бирибизден озуп кете албай, барабар элек. Алар: "Бизде пайгамбар бар, ага асмандан вахий келет", - дешти. Биз ага окшогонуна качан жетебиз?! Аллахка касам, ага эч качан ыйман келтирбейбиз жана

тастыктабайбыз”. Ошондо Ахнас туруп, анын алдынан чыгып кетти. Демек, ал мансаб жана бийлик үстүндөгү көрө албастык маселеси болгон. Ошондуктан, Аллах Таала аларды четке кагып, мындай дейт:

﴿أَهُمْ يَقْسِمُونَ رَحْمَتَ رَبِّكَ ۚ نَحْنُ قَسَمْنَا بَيْنَهُم مَّعِيشَتَهُمْ فِي ٱلْحَيَوٰةِ ٱلدُّنْيَا ۚ وَرَفَعْنَا بَعْضَهُمْ فَوْقَ بَعْضٍ دَرَجَٰتٍ لِّيَتَّخِذَ بَعْضُهُم بَعْضًا سُخْرِيًّا ۗ وَرَحْمَتُ رَبِّكَ خَيْرٌ مِّمَّا يَجْمَعُونَ﴾

***«Роббиңдин ырайымы*** *(болгон пайгамбарлык)****ты ошолор бөлүштүрүшөбү?!*** *(Жок, эч андай эмес!)* ***алардын дүйнө тирүүлүгүндөгү турмуш-тиричиликтерин да алардын ортолорунда Биз Өзүбүз бөлүштүргөнбүз жана кээ-бирлерин кол астына алып*** *(иштетүү)* ***үчүн айрымдарын айрымдарынан бийик даража-мартабаларга көтөрүп койгонбуз. Роббиңдин ырайымы-пайгамбарлык алар топтоочу нерседен*** *(мал-дүйнөлөрүнөн)* ***жакшыраак»*** [Зухруф: 32]

Ооба, Аллах Таала Өз Расулун сооротуп, айтат:

﴿قَدْ نَعْلَمُ إِنَّهُۥ لَيَحْزُنُكَ ٱلَّذِى يَقُولُونَ ۖ فَإِنَّهُمْ لَا يُكَذِّبُونَكَ وَلَٰكِنَّ ٱلظَّٰلِمِينَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ يَجْحَدُونَ﴾

***“Алардын сөздөрү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз. Анткени, алар сени жалганчы аташпайт. Тескерисинче, бул залимдер Аллахтын аяттарын жокко чыгарышат”.*** Алар залимдер. Анткени, зулум – хакты ага ылайык болбогонго өткөрүү. Зулумдун эң жаман түрү – ширк. Анткени, жалгыз Аллах Субханаху ва Таала гана ибадатка татыктуу. Эң жеңил зулум болсо инсан ээ болгон же ага берилген укукту тартып алып, аны башкасына берүү жана бул адамдар арасында бар. Мушриктер илахий заттын укугун бут-санамдар сыяктуу татыктуу болбогондорго беришти. Ал эми, муминдер илахий заттын ибадаттагы акысын моюнга алышты. Бул жерде зулумдун башка түрү болуп, мен ошол зулум туурасында айтмакчымын, ал да болсо, инсан өз ысымына зулум кылышы. Маселен, инсан атасы ага Махдий (туура жолдогу инсан) деген ысымды койгон болсо да, өзүнө жана башкаларга зыян жеткирүү менен дуняны бузгунчулукка толтурат. Мындай инсанга айтабыз, сен атаңдын сен туурасындагы үмүтүн урматташың керек, ошондуктан ысымыңа зулум кылба. Ысым менен ысымды көтөрүп жүргөндүн ортосунда адилеттик болушу керек. Ошондуктан, сенин жашоо жолуң сага атаң койгон ысымга ылайык келиши керек, дейбиз. Ал эми, анын атасы ага Махдий деп ысым коюп, хидаят жана дин туурасында эч нерсе үйрөтпөсө, андан соң, ал дуняда өзүн жана башкаларды бактысыз кылса, андан кийин хидаят тапса, бул жигит хидаяттан таалим алып, ысымы мусаммасына айланган болот.

Отузунчу жылдарда Каирге барганыбызда «Этият болгула, Имадуддин көчөсүнө кадам баспагыла, анткени бардык балээ ушул көчөдө» деген эскертүүнү укканбыз. Көчөнүн аталышы Имадуддин (дин таянычы) болгону, бирок ал балээлер жери экендиги мени таң калтырды. Ошондо мен бул жөнүндө, ширктен кийинки эң жаман зулум бул ысымдын өз затына тескери коюлгандыгы, бул көчө Имадуддин деп аталыптыр, бирок, аны Инадуддинге (дин душманына) өзгөртүшүптүр деп айткан элем.

Турмушта ысымдар өз ээсине зулум кылган абалдар көп учурайт, лекин эң чоң жана жаман зулум – бул Аллахка ширк келтирүү:

﴿وَلَٰكِنَّ ٱلظَّٰلِمِينَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ يَجۡحَدُونَ﴾

***“Тескерисинче, бул залимдер Аллахтын аяттарын жокко чыгарышат”.*** Четке кагуу – бул тилдин текеберлиги жана хак калиманы айтууну каалабастыгы. Мушриктер өздөрү менен жалгыз калышканда Мухаммад ﷺдын маселесин жана рисалат маселесин карап чыгышканда, алардын жүрөктөрү Расулуллахтын чынчылдыгына, пайгамбарлыгына жана манхаж хидаят үчүн келгенине ишеним артышканын көрүшкөн. Бирок, алардын тилдери муну моюнга алууга кудуреттүү эмес болгон. Ошондуктан, илахий манхаж буйрук кылат, эгер кимдир бирөөңөр маселени хакпы же батылбы деп талкууламакчы болсоңор, аны адамдар арасында талкуулашыңар туура эмес. Балким, андагы хакты батылдан айырмалоо үчүн аны жүрөгүңдө талкуула. Ошондуктан, Аллах Таала айтат:

﴿قُلۡ إِنَّمَآ أَعِظُكُم بِوَٰحِدَةٍۖ أَن تَقُومُواْ لِلَّهِ مَثۡنَىٰ وَفُرَٰدَىٰ ثُمَّ تَتَفَكَّرُواْۚ مَا بِصَاحِبِكُم مِّن جِنَّةٍۚ إِنۡ هُوَ إِلَّا نَذِيرٞ لَّكُم بَيۡنَ يَدَيۡ عَذَابٖ شَدِيدٖ﴾

***«Айткын: «Мен силерге болгону бир гана нерсени Аллах үчүн жуп-жуп, жалгыз-жалгыз абалыңарда туруп, кийин пикир кылышыңарды кеңеш кыламын. Бурадарыңарда*** *(Мухаммадда)* ***эч кандай жиндилик жок. Ал бар болгону азап алдынан силерге*** *(жиберилген)* ***бир эскертүүчү гана»*** [Сабаъ: 46]

Ушул аятта Аллах Таала бизге ак менен караны кантип айырмалоону үйрөтүп жаткандай. Т.а. өзүбүз жалгыз абалда талкуу кылабыз же эки киши талкуу кылабыз. Муну менен бири экинчисинин фикирине ишениши мүмкүн. Лекин, үчүнчү адам болбойт. Анткени, ал өзүнүн жеңилүүсүн көрүп, жаңжал жана текеберлик кылышы мүмкүн.

Хак Таала Расулуллах ﷺды келесоолукта (Аллах сактасын) айыптагандарга ушул нерсени насихат кылды. Келесоолук – бул иш-аракеттерди тартипсиз жана акыбетин ойлобостон аткаруу. Мындай иш-аракетте аны жасаган адамдын хикматы болбойт. Ал эми, акылдуу

адам аракеттерин хикмат менен тартиптештирет, өлчөйт, үйрөнөт. Анын акылы кылган ишин жакшы деп жыйынтык чыгарат. Ал адамдарга бийик ахлакий өлчөөлөр менен мамиледе болот. Андыктан, мушриктер Расулуллах ﷺдын иш-аракетинде тартип жоктугуна далалат кылган бирер жолду көргөнбү? Жок, албетте. Ошондуктан Хак Таала айтат:

﴿نٓ وَٱلۡقَلَمِ وَمَا يَسۡطُرُونَ ۞ مَآ أَنتَ بِنِعۡمَةِ رَبِّكَ بِمَجۡنُونٖ ۞ وَإِنَّ لَكَ لَأَجۡرًا غَيۡرَ مَمۡنُونٖ ۞ وَإِنَّكَ لَعَلَىٰ خُلُقٍ عَظِيمٖ﴾

***«Нун. Калам жана** (аны менен периштелер) **жаза турган битиктерге ант болсун,** (эй Мухаммад)**, сен Раббиңдин ырайымы менен жинди эмессиң. Албетте, сен үчүн бүтпөс-түгөнбөс ажр-сыйлык бар. Албетте, сен улуу ахлак үстүндөсүң»*** [Калам: 1-4]

Шек-күмөнсүз, улуу хулк – келесоолуктун тескериси. Лекин, ар бир коом өз пайгамбарына ушундай мамиледе болуп, аны акмактыкта жана келесоолукта айыптады. Батылды аламаттарына чейин калтырбай жок кылуу максадында өз коомуна бирер пайгамбар хак манхаж менен келсе, коому аны келесоо деп каршы алды. Белгилүү болгондой, жер жүзү бузгунчулук менен толуп ташып, мумин жүрөк караңгылашканда гана асман (Аллах жана периштелери) пайгамбарлык жана муъжиза менен аралашат. Анткени, мумин жакшылык уюткусуна ээ болуп, жакшылыкка үндөйт. Эгер, нафси ага күнөө кылууну буюруп, ал муну кылса, анын жемелөөчү нафси бул үчүн аны тергеп-тескейт. Ал эми, эгер, анын жемелөөчү нафси болбосо жана аны жемелебесе, анын жамандыкка буйруган нафси өкүмдар болот. Эгер, коомдо «Андай кылба...» деп айта турган эч ким болбосо, бүткүл коом бузулат. Аллах Таала айтат:

﴿كَانُواْ لَا يَتَنَاهَوۡنَ عَن مُّنكَرٖ فَعَلُوهُ﴾

***“Алар бир-бирлерин кылган ылайыксыз иштеринен кайтарышпайт эле”***. Демек, качан бузгунчулук толуп ташса, асман рисалат, муъжиза жана манхаж менен аралашат. Ырас, бузгунчулук толуп ташкан соң, ушул бузгунчулуктан пайдаланып жаткан кишилер бар. Пайгамбар бузгунчулукту алдын алуу үчүн келип, бул бузгунчулардын адамдардан пайдаланышын алдын алат жана алар менен ошол пайдалануунун ортосун тосот. Ошондуктан, ар бир пайгамбарга бузгунчулар тарабынан каршылык болгон жана мындай дешкен:

﴿وَمَا نَرَىٰكَ ٱتَّبَعَكَ إِلَّا ٱلَّذِينَ هُمۡ أَرَاذِلُنَا بَادِيَ ٱلرَّأۡيِ﴾

***“Биз сени кудум өзүбүзгө окшогон адам, деп билебиз жана сени жалаң ичибиздеги төмөн** (жарды) **кишилер ойлонбостон***

***ээрчигенин көрүүдөбүз".*** Ар бир пайгамбарды ээрчигендер – куткаруучуга мухтаж болгон мазлумдар. Залимдер болсо, пайгамбарга душмандык кылып, ага каршы күрөшөт, анын рисалатын азарлар менен каршы алышат. Эгер, анын вазыйфасы бир уруу үчүн болсо, азар ошол уруу тарабынан келет. Эгер, анын вазыйфасы мындан кеңирээк болсо, ар түрдүү азарларга жолугат. Мухаммад ﷺ бүткүл инсаниятка келген соң, көп кыйынчылыктарды көрөт жана аларды көтөрөт. Аллах Таала ал кишини ушунга даярдаган. Мурунку пайгамбарлар өз даъватына жараша азаб чегишкен. Пайгамбарыбыз ﷺ бардык инсандарга келген жана ал кишиден кийин рисалат келбейт. Ошондуктан, бул пайгамбарга жана анын рисалатына көп коомдор каршы чыгышат.

Ошондуктан, Аллах Таала айтат:

﴿وَلَقَدۡ كُذِّبَتۡ رُسُلٞ مِّن قَبۡلِكَ فَصَبَرُواْ عَلَىٰ مَا كُذِّبُواْ وَأُوذُواْ حَتَّىٰٓ أَتَىٰهُمۡ نَصۡرُنَاۚ وَلَا مُبَدِّلَ لِكَلِمَٰتِ ٱللَّهِۚ وَلَقَدۡ جَآءَكَ مِن نَّبَإِيْ ٱلۡمُرۡسَلِينَ﴾

***"Сенден мурунку элчилер да жалганчы аталганы белгилүү. Анан, тээ аларга Биздин жардамыбыз келгенге чейин жалганчы делгендиктерине жана жапа чеккендерине сабыр кылышкан. Аллахтын*** *(пайгамбарларымды Өзүм колдоймун)* ***деген сөздөрүн өзгөртө алуучу бир да киши жок. Акыйкатта, сага өткөн пайгамбарлардын айрым кабарлары келген го!".*** Эгер, сенден мурунку пайгамбарлар жалганчы кылынып, буга сабыр кылышкан, алар өз коомуна жана белгилүү бир эл, белгилүү бир убакытка пайгамбар болушкан. Сенчи, эй, пайгамбарлардын соңкусу, сен бардык адамдар жана замандар үчүн пайгамбарсың. Ошондуктан, бул азарларды көтөргүн. Анткени, Аллах Таала сени ушул вазыйфага ылайык экениңди билип тандады. Хак Таала Өз пайгамбарларына нусрат берүүгө кепил, ошондуктан, ал жамандык жана батыл Анын пайгамбарларын жеңип чыгышына таштап койбойт. Аллах Таала пайгамбар жиберген соң, шексиз ага нусрат берет. Ошондуктан, Аллах Таала мындай деп жатат:

﴿وَلَقَدۡ سَبَقَتۡ كَلِمَتُنَا لِعِبَادِنَا ٱلۡمُرۡسَلِينَ ۝ إِنَّهُمۡ لَهُمُ ٱلۡمَنصُورُونَ ۝ وَإِنَّ جُندَنَا لَهُمُ ٱلۡغَٰلِبُونَ﴾

***«Анык, Биздин пайгамбар болгон пенделерибиз туурасында: «Шек-күмөнсүз, алар колдоп-кубатталуучулар жана шек-күмөнсүз Биздин аскерибиз*** *(пайгамбарлар жана аларга ыйман келтирген кишилер)* ***жеңүүчүлөр», деген Сөзүбүз өткөн -*** *(бардык сөздөрдөн)* ***мурда келген - Сөз»*** [Саффат: 171-173]

Аллах Тааланын пайгамбарлары жеңип чыгышы туурасындагы сөздөрү сабит, Аллахтын сөздөрүн эч ким өзгөртө албайт жана эч ким Аллах койгон негиздерди да өзгөртө албайт. Буга Аллах Тааланын:

﴿وَلَا مُبَدِّلَ لِكَلِمَٰتِ ٱللَّهِۚ وَلَقَدۡ جَآءَكَ مِن نَّبَإِيْ ٱلۡمُرۡسَلِينَ﴾

***“Аллахтын** (пайгамбарларымды Өзүм колдоймун) **деген сөздөрүн өзгөртө алуучу бир да киши жок. Акыйкатта, сага өткөн пайгамбарлардын айрым кабарлары келген го!”***, деген сөзү далил. Хак Субханаху ва Таала Өз Пайгамбарына пайгамбарлардын кыссаларын айтып берди жана аларды өз коому жалганчыга чыгаргандыгы туурасындагы сөз менен гана чектелбеди. Балким, Хак Таала Өз Расулуна Куръани каримде зикир кылынган ар бир пайгамбарга эмне болгону жана алардын ар бири душмандарына каршы бекем менен турганын зикр кылды. Андан соң, хак калимасы ар дайым жеңип чыкканын баян кылды. Хак Таала пайгамбарлар туурасындагы айрым кыссаларды зикр кылып:

﴿مِنۡهُم مَّن قَصَصۡنَا عَلَيۡكَ وَمِنۡهُم مَّن لَّمۡ نَقۡصُصۡ عَلَيۡكَۗ﴾

***«Алардан Биз сага икая кылып берген кишилер да бар, жана алардан Биз сага икая кылбаган кишилер да бар»*** [Гофир: 78] деди. Хак Таала андан кийин айтып жатат:

﴿وَإِن كَانَ كَبُرَ عَلَيۡكَ إِعۡرَاضُهُمۡ فَإِنِ ٱسۡتَطَعۡتَ أَن تَبۡتَغِيَ نَفَقٗا فِي ٱلۡأَرۡضِ أَوۡ سُلَّمٗا فِي ٱلسَّمَآءِ فَتَأۡتِيَهُم بِـَٔايَةٖۚ وَلَوۡ شَآءَ ٱللَّهُ لَجَمَعَهُمۡ عَلَى ٱلۡهُدَىٰۚ فَلَا تَكُونَنَّ مِنَ ٱلۡجَٰهِلِينَ﴾

***“Эгер, сага алардын жүз үйрүшү оор болсо, анда жерге** (кирип кете турган) **бир тешик же асманга** (чыгып кете турган) **бир шаты издеп таап, аларга аят мужиза-керемет** (таап) **келтирүүгө кудуретиң жетсе** (ошондой кыла бер)**. Эгер, Аллах каалаганда, албетте аларды туура жол үстүндө бириктирип-жолуктуруп коймок. Демек, эч качан наадандардан болбогун!”.***

Т.а. минтип жатат: Эй, Мухаммад, сени Аллах жөнөттү, сендеги манхаж – сен алып келген нерсенин тууралыгына далалат кылган муъжиза. Эгер, сага алардын жүз үйрүшү оор келсе, анда жерге кирип кете турган бирер тешик же асманга чыгып кете турган бирер шаты жасап, аларга аят-муъжиза таап көрсөтүүгө кудуреттүү болсоң ошондой кыла бер. Лекин, сен андай кыла албайсың, анткени кудуретиң жетпейт. Мушрик жана мунафыктар жакында азабга дуушар болушат, анткени, сен, эй, Расулаллах, алардын убактылуу өкүмдарлык негизин жок кылуу жана ыйман адилетин орнотуу үчүн келдиң. Ошондуктан, алар сени акараттоого жана азабдоого аракет кылууда. Кафирлер Расулуллах ﷺдан жерге кирип, ал жерден булак чыгарууну жана

асманга чыгып, аларды кыйратуу үчүн асманды бөлүктөргө бөлүүнү талаб кылышкан. Лекин, бул иштер Расулуллах ﷺдын мүмкүнчүлүгүндөгү нерсе эмес эле. Ошондуктан, Хак Таала ал кишинин кайгысын жубата турган жана алардын жүз үйрүгөндүгү себебдүү ал кишиде пайда болгон өкүнүчтү жок кыла турган сөздөрдү айтты. О.э. маскаралоо жана каршы чыгуу ар бир пайгамбарга карата табигый маселе экенин айтып, эй, Мухаммад, сен буга татыктуусуң, анткени сенин вазыйфаң бардык пайгамбарлардыкынан улуу, дейт. Этибар бере турган болсок, бул жерде Хак Субханаху ва Таала (ان)нин жообун хазф кылган (өчүргөн). Аллах Таала айтат:

﴿فَإِنِ ٱسْتَطَعْتَ أَن تَبْتَغِيَ نَفَقًا فِى ٱلْأَرْضِ أَوْ سُلَّمًا فِى ٱلسَّمَآءِ فَتَأْتِيَهُم بِـَٔايَةٍ ۚ﴾

***“анда жерге*** *(кирип кете турган)* ***бир тешик же асманга*** *(чыгып кете турган)* ***бир шаты издеп таап, аларга аят мужиза-керемет*** *(таап)* ***келтирүүгө кудуретиң жетсе*** *(ошондой кыла бер)”*. Хак Таала ушуну кыла бер дебеди, кудум, маселе Пайгамбарды тынчтандыруу үчүн болгондой. Анткени, мындай абалда жооб белгилүү, пайгамбар эч бирин ыйман келтирүүгө мажбурлай албайт. Бул коомдун жүз үйрүшү Важибул вужуддун (Аллахтын) каалоосу, аларды сыноо үчүн ушундай кылды. Эгер, Аллах аларды мажбурдуу түрдө моюн сундурууну каалаганда, албетте ошондой кылмак, анткени эч ким Аллахтын каалоосун кайтара албайт. Ааламдын баары Аллахка итаат кылат. Күн, ай, жылдыздар, аба, суу, тоолор, жер, баары, инсанга моюн сундурулган айбандар да Аллахка итаат кылат. Лекин, Аллах Таала инсан мухаббат менен келиши үчүн ыхтыяр берген. Белгилүү болгондой, Хак Таала инсан нерселерди өз күчү менен моюн сундурбаганын, аларды жараткан жана аларды инсанга моюн сундурган зат Хак Таала Өзү экендигин тастыктоо үчүн моюн сундурула турган айрым нерселерди моюн сунбаган абалда калтырды. Ошондуктан, килейген төөнү жаш бала жетелеп бара жатканын жана ар кандай эркек канчалык күчтүү болбосун, кичине жыландан коркуп, андан этият болуп жатканын көрөбүз. Аллах Таала айтат:

﴿أَوَلَمْ يَرَوْا۟ أَنَّا خَلَقْنَا لَهُم مِّمَّا عَمِلَتْ أَيْدِينَآ أَنْعَـٰمًا فَهُمْ لَهَا مَـٰلِكُونَ ۝ وَذَلَّلْنَـٰهَا لَهُمْ فَمِنْهَا رَكُوبُهُمْ وَمِنْهَا يَأْكُلُونَ﴾

***«Акыры, Биз алар үчүн Өз*** *(кудурет)* ***колубуз менен кылган нерселерди – үй айбандарын көрүшпөдүбү?! Мына, алар ошол*** *(айбандарга)* ***ээ. Биз ошолорду*** *(айбандарды)* ***аларга моюн сундуруп койгонбуз. Алардын мине турган нерселери да ошол*** *(айбан)****дардан, жей тургандары дагы ошолордон»*** [Ясин: 71-72]

Эгер, Аллах аларды моюн сундурбаганда эч ким аларга жакындаша албайт эле. Мен бир мисалды ар дайым келтиремин т.а. бирөө Аллах чымынды эмне үчүн жараткан десе, тасаввуф ахлинен бир киши, залимдерди кор кылуу үчүн жаратты, анткени алардын бийлиги канчалык күчтүү болбосун, ушул курт-кумурскачалык боло албайт, деген экен.

Хак Таала инсанга өкүмдарлыктын кадыр-кыйматын берип, аны жараткан алдында жөнөкөй болууну үйрөттү. Андан соң, Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَلَوْ شَآءَ ٱللَّهُ لَجَمَعَهُمْ عَلَى ٱلْهُدَىٰ ۚ فَلَا تَكُونَنَّ مِنَ ٱلْجَٰهِلِينَ﴾

***“Эгер, Аллах каалаганда, албетте аларды туура жол үстүндө бириктирип-жолуктуруп коймок. Демек, эч качан наадандардан болбогун!”***. Башкача айтканда, Аллах Таала каалаганда, бардык адамдарды мумин кылмак. Айрымдар айтышат: эмне үчүн Аллах Өз Расулуна:

﴿فَلَا تَكُونَنَّ مِنَ ٱلْجَٰهِلِينَ﴾

***“эч качан наадандардан болбогун”*** деп жатат? Мунун жообу: Аллах Таала Өз Расулуна муну айтып, Ал муну Расулуллахта жахилдик болот деген күмөндө айткан жок, анткени Расулуллах жахалаттан аруу. Лекин, Аллахтын ушул каламында Расулуллах ﷺдын бул түрдөгү жахилдерден болуудан бүтүндөй аруулугун тастыктоо бар. Аллах Таала андан кийин:

﴿إِنَّمَا يَسْتَجِيبُ ٱلَّذِينَ يَسْمَعُونَ ۘ وَٱلْمَوْتَىٰ يَبْعَثُهُمُ ٱللَّهُ ثُمَّ إِلَيْهِ يُرْجَعُونَ﴾

***«Албетте, уга ала тургандар гана кабыл алышат. Өлүктөрдү болсо, Аллах тирилтет. Кийин Анын Өзүнө гана кайтып барышат»*** дейт.

(يستجيب) калимасынын мааниси буйругандын амрине жана кайтаруучунун нахийине итаат кылат дегени. Бул жерде (الاستجابة) менен (الاجابة) ортосунда айырма бар, анткени (الاستجابة) сиздин талабыңызга сиз андан талаб кылып жаткан кишинин жооб бериши жана аны сизге жүзөгө чыгарышы. (الاجابة) болсо сиз сураган киши сиз айтып жаткан нерсени четке кагып болсо да сизге жооб кылышы. Айрым учурда жооб сиз сураганыңызга тескери болушу мүмкүн. Аллах Таала мындай дейт:

﴿إِنَّمَا يَسْتَجِيبُ ٱلَّذِينَ يَسْمَعُونَ﴾

***“Албетте, уга ала тургандар гана кабыл алышат”***. Т.а. Хак Тааланын нидасын кабыл алып жаткандар кулактары менен тыңдап, жүрөктөрү менен ыйман келтиришкен. Анткени тышынан тыңдоо, ичинен чегинүү болгон менен тышынан итаат, ичинен ушул итаатка

мухаббат болгон тыңдоо ортосунда айырма бар. Белгилүү болгондой, угулган нерсени кабыл алуу бир нерсе жана инсандын угулган нерсеге мамилеси башка нерсе. Жакшы тыңдоо мухаббат туйгусу менен шайкеш болуп, инсан уккан нерселерди ишке ашыруу үчүн кошулса, ушул ыйман талаб кылган нерсе болот. Муминдер – Аллахтын сөздөрүн мухаббат туйгусу менен уккан кишилер. Алар сөздөрдү бир кулагы менен угуп, башкасынан чыгарып жибере турган, аларды турмушта колдонбой турган жана жүрөгүндө бул сөздөрдөн эч кандай таасир калбай турган кишилерден айырмаланышат. Ошентип, Аллах Таала инсанды ыйманга же куфрга багыттоочу кылып жаратканын көрөбүз. Маселен, муминдин кулагы тыңдайт, жүрөгү тастыктайт, акылы текшерет жана ыйман келтирет. Ал эми, кафирдин кулагы угат, жүрөгү четке кагат, акылы куфр себебдерин издеп, ошого гана аракет кылат. Ошондуктан, анын сезим органдары өз вазыйфаларын шайкеш аткарбайт. Угуп, кабыл албай жаткандар кудум өлүктөрдөй. Демек, маселе угууга гана чектелген эмес, балким туйгу менен угуу жана угулган нерсеге моюн сунуу талаб кылынат. Кулак салбаган жана итаат кылбаган кимсени оңдоого Аллах кудуретсиз деп ойлобогун, анткени эч нерсе жана эч бир мавжудат Аллахка тең келе албайт. Аллах Таала өлүктү тирилтүүчү. Ырас, өлүктү тирилтүүчү болгон соң, мажбурдуу түрдө ыйман келтирүүнү талаб кылбайт, балки ыхтыярдуу ыйман жана канааттанууну талаб кылат. Эгер, Аллах Таала кааласа, аларга асмандан бир аят-мужиза назил кылат, ошондо алар моюн сунуп ийилишет. Лекин, Аллах Субханаху ва Таала калыптарды эмес, калбдарды талаб кылат. Демек, ыйман чакырыгын кабыл алып жаткандар – тирүүлөр. Кабыл албай жаткандар болсо өлүк хукмунда. Алар өмүрү бүтүп өлүшкөндөн кийин Аллах аларды дуня турмушунда кылган иштери туурасында суроо үчүн кайра тирилтет. Аллахка кайтышканда эсеп-китеб кылынышат. Белгилүү болгондой, кайтуу жайы акыры жана ар дайым Аллахка. Ким Аллахка кайтса, амалы сонун болсо, сыйлыгы да сонун болот жана аны шаттык менен кабыл алат. Бирок, ким Аллахтын каарына учураса, оор азабга кириптер болот. ❑

## КУРЪАНДЫН ФАЗИЛЕТТЕРИ ЖӨНҮНДӨ (1)

• Абу Шурайх Хузаий رضي الله عنه айтат: Расулуллах ﷺ алдыбызга чыгып мындай деди:

«أَبْشِرُوا وَأَبْشِرُوا، أَلَيْسَ تَشْهَدُونَ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللَّهُ، وَأَنِّي رَسُولُ اللَّهِ؟ قَالُوا: نَعَمْ، قَالَ: فَإِنَّ هَذَا الْقُرْآنَ سَبَبٌ، طَرَفُهُ بِيَدِ اللَّهِ، وَطَرَفُهُ بِأَيْدِيكُمْ فَتَمَسَّكُوا بِهِ، فَإِنَّكُمْ لَنْ تَضِلُّوا وَلَنْ تَهْلِكُوا بَعْدَهُ أَبَدًا»

**«Кубангыла, кубангыла! Аллахтан башка илах жоктугуна жана мен Аллахтын Расулу экендигиме күбөлүк берип жаткандар – силер эмессиңерби?”.** Биз: «Дал ошондой», - дедик. Ал айтты: “**Албетте, бул Куръан – бир себеб. Анын бир тарабы Аллахтын колунда, экинчи тарабы силердин колуңарда. Андыктан, аны бекем кармагыла. Бекем кармасаңар, эч качан адашпайсыңар жана кыйроого жүз тутпайсыңар».** Ибн Хиббан өзүнүн сахих топтомунда, Ибн Абу Шайба жана Табароний “Кабир”де, Байхакий болсо «Ыйман бөлүктөрү»ндө чыгарган, сахих хадис.

• Имрон ибн Хусайн رضي الله عنه риваят кылышынча, ал бир кишинин алдынан өтүп бара жатып, бир киши адамдарга Куръан окуп, андан соң акысына алардан акча сурап жатканын көрүп калат... Бул абалга айран-таң калып: «Инна лиллах ва инна илайхи рожиун!», - дейт. Андан кийин айтат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин укканмын:

«مَنْ قَرَأَ الْقُرْآنَ فَلْيَسْأَلْ اللَّهَ بِهِ، فَإِنَّهُ سَيَجِيءُ أَقْوَامٌ يَقْرَءُونَ الْقُرْآنَ يَسْأَلُونَ بِهِ النَّاسَ»

**«Ким Куръан окуса, окуганы үчүн Аллахтан акысын сурасын. Анткени, ушундай бир коомдор келет, Куръан окуп, окушкандыгы үчүн адамдардан акысын сурашат».** Тирмизий жана Табароний “Кабир”де, Байхакий «Ыйман бөлүктөрү»ндө чыгарган, хасан хадис.

• Жабир ибн Абдуллах ﵁ айтат: Биз Куръан окуп жатканбыз жана биздин арабызда аъробий жана ажамдар бар эле, ошондо алдыбызга Расулуллах ﷺ чыгып мындай деди:

«اِقْرَءُوا فَكُلٌّ حَسَنٌ، وَسَيَجِيءُ أَقْوَامٌ يُقِيمُونَهُ كَمَا يُقَامُ الْقِدْحُ يَتَعَجَّلُونَهُ وَلاَ يَتَأَجَّلُونَهُ»

**«Куръан окугула, анткени ар бириңердин Куръан окугандыгыңар – бул жакшылык. Жакында ушундай бир коомдор келет, алар жаанын огун тууралагандай аны тууралашат** (т.а. Куръан окууну ирээтине келтиришет)**. Лекин, муну менен дүйняны Ахыреттен афзел көрүшөт жана соопту каалашпайт».** Абу Давуд жана Ахмад чыгарган, Байхакий «Ыйман бөлүктөрү»ндө келтирген, хасан хадис.

• Абу Хурайра ﵁ айтат: Расулуллах ﷺ мага мындай деген:

«أَنَّ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ إِذَا كَانَ يَوْمُ الْقِيَامَةِ نَزَلَ إِلَى الْعِبَادِ لِيَقْضِيَ بَيْنَهُمْ، وَكُلُّ أُمَّةٍ جَاثِيَةٌ. فَأَوَّلُ مَنْ يَدْعُو بِهِ رَجُلٌ جَمَعَ الْقُرْآنَ وَرَجُلٌ يَقْتُلُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ وَرَجُلٌ كَثِيرُ الْمَالِ، فَيَقُولُ اللَّهُ لِلْقَارِئِ: أَلَمْ أُعَلِّمْكَ مَا أَنْزَلْتُ عَلَى رَسُولِي؟ قَالَ: بَلَى يَا رَبِّ، قَالَ: فَمَاذَا عَمِلْتَ فِيمَا عُلِّمْتَ؟ قَالَ: كُنْتُ أَقُومُ بِهِ آنَاءَ اللَّيْلِ وَآنَاءَ النَّهَارِ، فَيَقُولُ اللَّهُ لَهُ: كَذَبْتَ، وَتَقُولُ الْمَلَائِكَةُ لَهُ: كَذَبْتَ، فَيَقُولُ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ: أَرَدْتَ أَنْ يُقَالَ: فُلَانٌ قَارِئٌ فَقَدْ قِيلَ. وَيُؤْتَى بِصَاحِبِ الْمَالِ فَيَقُولُ: أَلَمْ أُوَسِّعْ عَلَيْكَ حَتَّى لَمْ أَدَعْكَ تَحْتَاجُ إِلَى أَحَدٍ؟ قَالَ: بَلَى، قال: فَمَاذَا عَمِلْتَ فِيمَا آتَيْتُكَ؟ قَالَ: كُنْتُ أَصِلُ الرَّحِمَ وَأَتَصَدَّقُ، فَيَقُولُ اللَّهُ: كَذَبْتَ، وَتَقُولُ الْمَلَائِكَةُ كَذَبْتَ، وَيَقُولُ اللَّهُ: بَلْ أَرَدْتَ أَنْ يُقَالَ: فُلَانٌ جَوَادٌ، فَقَدْ قِيلَ ذَلِكَ. وَيُؤْتَى بِالرَّجُلِ الَّذِي قُتِلَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَيُقَالُ لَهُ: فِيمَ قُتِلْتَ؟ فَيَقُولُ: أُمِرْتُ بِالْجِهَادِ فِي سَبِيلِكَ فَقَاتَلْتُ حَتَّى قُتِلْتُ، فَيَقُولُ اللَّهُ: كَذَبْتَ، وَتَقُولُ الْمَلَائِكَةُ لَهُ : كَذَبْتَ وَيَقُولُ اللَّهُ: بَلْ أَرَدْتَ أَنْ يُقَالَ: فُلَانٌ جَرِيءٌ فَقَدْ قِيلَ ذَلِكَ»

**«Кыямат күнү болгондо Аллах Таала пенделер ортосунда өкүм кылуу үчүн алардын алдына түшөт жана ар бир Уммат чөгөлөп турат. Биринчи чакырыла турган киши Куръанды жаттаган, Аллах жолунда өлтүрүлгөн жана мал-мүлкү көп киши болот. Аллах каарыга айтат: "Мен Өз Расулума назил кылган нерсемди сага билдирбедимби?!". Ал: "Оо, Роббим, дал ошондой", - деп**

**жооб берет. Аллах Таала: “Сага билдирилген нерселер жөнүндө эмне амал кылдың?”, - деп сурайт. Ал: “Күнү-түнү ага амал кылдым”, - дейт. Ошондо Аллах жана периштелер ага: “Алдап жатасың”, - дешет. Андан кийин Аллах: “Сен адамдар каары деп айтышын кааладың, чынында эле адамдар ошондой дешти”, - дейт. Андан соң байлык берилген киши алынып келинип, Аллах айтат: “Сени эч кимге мухтаж болбой тургандай кылып ырызкыңды кең кылбадымбы?!”. Ал: “Дал ошондой”, - деп жооб берет. Аллах: “Сага берген нерсем жөнүндө эмне амал кылдың?”, - дейт. Ал: “Тууганчылык байланыштарын байладым жана садака кылдым”, - дейт. Аллах жана периштелер: “Алдап жатасың”, - дешет. Андан кийин Аллах: “Сен бул ишти адамдар сени март деши үчүн кылгансың, чынында эле адамдар ошондой дешти”, - дейт. Андан соң, Аллах жолунда өлтүрүлгөн киши алынып келинет. Аллах ага: “Эмне үчүн өлтүрүлдүң?”, - дейт. Ал: “Сенин жолуңда жихад кылууга буйрулдум жана жихад кылып, өлтүрүлдүм”, - дейт. Аллах жана периштелер ага: “Алдап жатасың”, - дешет. Аллах: “Сен адамдар эр жүрөк дешин кааладың, чынында эле адамдар ошентишти”, - дейт».** Андан кийин Расулуллах ﷺ менин тиземе уруп: “Эй, Абу Хурайра, бул үч киши – Кыямат күнү тозокто күйө турган Аллах Талаанын биринчи пенделери”, - деди. Бул сахих хадис болуп, Тирмизий, Хаким жана Ибн Хиббан чыгарган.

- Абу Саид Худрий رضي الله عنه риваят кылышынча, бир киши келип: “Мага насихат кыл”, - деди. Ал минтип жооб берди: «Мен сенден мурун Расулуллах ﷺдан сураган нерсени сурадың. “**Мен сага Аллахтан коркууну насихат кыламын, анткени, бул – ар бир нерсенин башы. О.э. сен жихадды бекем кармагын, анткени, ал – Ислам рохибдиги. Андан тышкары, Аллахты ар дайым эстеп жүр жана Куръанды тилават кыл, анткени, ал – сенин асмандагы рухуң жана жердеги зикриң».** Имам Ахмад чыгарган, хасан хадис.
- Абу Малик Ашъарий риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«الطُّهُورُ شَطْرُ الْإِيمَانِ، وَالْحَمْدُ لِلَّهِ تَمْلأُ الْمِيزَانَ، وَسُبْحَانَ اللَّهِ وَالْحَمْدُ لله تَمْلآنِ أَوْ تَمْلَأُ مَا بَيْنَ السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ، وَالصَّلاَةُ نُورٌ، وَالصَّدَقَةُ بُرْهَانٌ، وَالصَّبْرُ ضِيَاءٌ، وَالْقُرْآنُ حُجَّةٌ لَكَ أَوْ عَلَيْكَ. كُلُّ النَّاسِ يَغْدُو فَبَائِعٌ نَفْسَهُ فَمُعْتِقُهَا أَوْ مُوبِقُهَا»

**«Аруулук – ыймандын жарымы, Аллахка хамд айтуу – таразаны толтурат, Субханаллахи валхамдулиллахи жер менен асмандын ортосун толтурат, намаз – нур, садака – бурхан, сабыр – жарык, Куръан – пайдаңа же зыяныңа хужжат. Ар ким жолун улантып, өзүн же** (Аллахка сатып, тозоктон) **куткарат, же** (шайтанга итаат кылуу менен тозокко) **таштайт».** Муслим, Ибн Хиббан жана Насаий чыгарган. Тирмизий "Кубро"до келтирген. Ибн Мажжа атасынан риваят кылган.

- Анас ибн Малик ﵁ риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«إِنَّ للَّهِ أَهْلِينَ مِنْ النَّاسِ، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ، مَنْ هُمْ؟ قَالَ: هُمْ أَهْلُ الْقُرْآنِ، أَهْلُ اللَّهِ وَخَاصَّتُهُ»

**«Адамдар арасында Аллахтын эки түрдүү достору бар".** "Эй, Аллахтын Расулу, алар кимдер?", - деп сурашты. Расулуллах ﷺ: **"Алар Куръан ээлери жана Аллахтын атайын достору", -** деди». Ибн Мажжа, Ахмад, Дарамий чыгарган. Таялусий "Муснад"да келтирген, сахих хадис.

- Абу Умама Бахилий ﵁ риваят кылат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай деп жатканын укканмын:

«اِقْرَؤُوا القُرْآنَ فَإِنَّهُ يَأْتِي يَوْمَ الْقِيَامَةِ شَفِيعًا لأَصْحَابِهِ، اِقْرَؤُوا الزَّهْرَاوَيْنِ الْبَقَرَةَ، وَسُورَةَ آلِ عِمْرَانَ، فَإِنَّهُمَا تَأْتِيَانِ يَوْمَ القِيَامَةِ كَأَنَّهُمَا غَمَامَتَانِ، أَوْ كَأَنَّهُمَا غَيَايَتَانِ، أَوْ كَأَنَّهُمَا فِرْقَانِ مِنْ طَيْرٍ صَوَافَّ، تُحَاجَّانِ عَنْ أَصْحَابِهِمَا، اِقْرَؤُوا سُورَةَ الْبَقَرَةِ، فَإِنَّ أَخْذَهَا بَرَكَةٌ، وتَرْكَهَا حَسْرَةٌ، وَلاَ تَسْتَطِيعُهَا الْبَطَلَةُ»

**«Куръан окугула, анткени, ал Кыямат күнү өз ээсин шафаат кылып келет. Эки нур болгон Бакара жана Али Имрон сураларын окугула, анткени алар Кыямат күнү эки булуттай болуп, же көлөкө болуп, же өз ээлерин коргогон**

**канат каккан куштардай болуп келет. Бакара сурасын окугула, аны алуу – береке, таштоо – өкүнүч. Батылдар аны эч нерсе кыла албайт»,** деди”. Муавия айтат: “Мага жетип келишинче, батылдар – бул сыйкырчылар. Муслим өз сахих топтомунда, Ахмад менен Байхакий өзүнүн “Сугро” китебинде, Табароний “Авсат”та чыгарган, сахих хадис.

- Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ:

«**أَيُحِبُّ أَحَدُكُمْ إِذَا رَجَعَ إِلَى أَهْلِهِ أَنْ يَجِدَ فِيهِ ثَلاَثَ خَلِفَاتٍ** (جَمْعُ خَلِفَةٍ، وهي الحاملُ مِنَ النُّوقِ، وهي مِن أَعَزِّ أموالِ العربِ) **عِظَامٍ سِمانٍ؟ قُلْنَا: نَعَمْ، قَالَ: فَثَلَاثُ آيَاتٍ يَقْرَأُ بِهِنَّ أَحَدُكُمْ فِي صَلَاتِهِ، خَيْرٌ لَهُ مِنْ ثَلَاثِ خَلِفَاتٍ عِظَامٍ سِمانٍ**»

**«Силер үйүңөргө кайтканыңарда, үч семиз жана сөөктүү төөңөр болушун каалайсыңарбы?”,** - деп сурады. Сахабалар: “Ооба”, - деп жооб беришти. Пайгамбар عليه السلام: **“Киши өз намазында үч аятты окушу үч семиз сөөктүү төөдөн афзел”, -** деди». Муслим, Ибн Мажжа, Ахмад жана Дарамий чыгарган, сахих хадис.

- Абдуллах ибн Амр رضي الله عنه риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«**يُقَالُ لِصَاحِبِ الْقُرْآنِ: اِقْرَأْ وَارْتَقِ وَرَتِّلْ كَمَا كُنْتَ تُرَتِّلُ فِي الدُّنْيَا، فَإِنَّ مَنْزِلَتَكَ عِنْدَ آخِرِ آيَةٍ تَقْرَؤُهَا**»

**«Куръан ээсине минтип айтылат: “Кудум дуняда тартил кылып окуганыңдай тартил менен оку. Сенин макамың акыркы окуган аятыңда».** Тирмизий жана Абу Давуд чыгарган, сахих хадис. ❑

## ХАЛИФА УМАР ИБН АБДУЛАЗИЗДИН ﵁ ЖАШООСУНАН ИРМЕМДЕР

**Юсуф Абу Ислам**

Мусулмандардын ахвалына жана башынан өткөрүп жаткан кырсыктарына назар салган киши Уммат Халифалыкка канчалык мухтаждыгын түшүнөт. Анткени, Халифалык дин жана дуняны сактаган, т.а. бак-дарак жана айбанаттар анын адилетинде болгон. Мусулмандар Халифалыктын рошид жана зөөкүр доорлорун башынан өткөрүшкөн. Бүгүн болсо, алар жабыр көрсөтүүчү залим башкаруунун отунда өрттөнүп жатышат. Алар Аллахтын убадасы жана Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыктын кайтышы жөнүндөгү Пайгамбарыбыздын кушхабарын ынтызарлык менен күтүшүүдө.

Бирок, Батыш хазаратынан таасирленген көптөгөн мусулман перзенттерине карасаң, алар өздөрү издеп жаткан өзгөрүүнүн өлчөөсү катары Батыштын жашоосуна карап жатышканын көрөсүң. О.э. алар мусулман өлкөлөрүндөгү чириген абалга каршы баш көтөрүп, демократия, жарандык мамлекет, бийликти тынч жол менен өткөрүү жана башка ураандарды көтөрүп жатканына жана бул ураандар Исламдан канчалык алыс экенин түшүнбөй жатканына күбө болосуң. Андан тышкары, алар он үч кылымдан ашуун Ислам адилети менен дуняга өкүмдарлык кылган Исламий Уммат Аллахтын жардамы менен дагы бир жолу дуня жетекчилигине кайтууга кудуреттүү экени жана Умматка пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык аркылуу дагы мүмкүнчүлүк берилиши жана жер жүзүндө халифа болушу жөнүндө убада берилгенин таптакыр ойлоп көрбөгөнүн да билесиң.

Демек, Умматтын Роббинин убадасына жана пайгамбарынын кушхабарына жана кайра ойгонууга кудуреттүүлүгүнө ишенимин тикелөө зарыл. О.э. Аллах Таалага жана Анын бул Умматка нусрат беришине болгон ишенимин кайтаруу, жакшылык Кыяматка чейин бул Умматта болушу жана ар кандай Халифалык эмес, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык убада кылынганы жана фарздын убагы келгени, аны аткарууда кайдыгерлик кылуу жаиз эместиги жөнүндөгү ишенимин тикелөө зарыл. Андан тышкары, мусулмандар болочок халифанын сийраты мурунку рошид Халифалардын сийраты сыяктуу болушу, өзгөчө адилеттүү халифа Умар ибн Абдулазиз рохимахуллохтун сийраты сыяктуу болушун билиши керек.

Биз Халифалыкка белгилүү бир даражада караңгылык каптаган заманда келген Умар ибн Абдулазиздин сийратын барактоо менен мусулмандардын жүрөгүндө кайра үмүт ойготмокчубуз. Ушул аркылуу аларда өздөрүнүн тарыхын сагынып, аны кайтаруу үчүн бутка турушун каалайбыз. Аллах Тааладан бизди ушул максадыбызга жеткиришин

жана тез арада Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык менен сыйлашын сурайбыз. Албетте, Аллах угуучу жана ижабат кылуучу.

**Бешинчи рошид Халифа Умар ибн Абдулазиз**

Абу Хафз Умар ибн Абдулазиз ибн Марван ибн Хакам Умавий Курайший. Хижрий 61-жылы, миладий 681-жылы туулуп, хижрий 101-жылы, миладий 720-жылы дүйнөдөн кайткан. Ал Умавий халифалардын сегизинчиси болуп, хижрий 61-жылы Мадинаи Мунаввbooарада туулган жана Умар ибн Хаттабдын үй-бүлөсүнөн болгон тайкелери арасында чоңойгон. Умар ибн Абдулазиз тайкелери жана Мадинадагы сахабалар жамаатынан таасирленди. Ал илим алууга абдан кызыккан. Хижрий 87-жылы халифа Валид ибн Абдулмалик аны Мадинаи Мунавварага валий кылып дайындады. 91-жылы ага Таиф вилаятын да кошуп берди. Ушул күндөн баштап бүткүл Хижаз жерине валий болду. Андан кийин валийликтен алынган соң, Дамаскка көчтү. Сулайман ибн Абдулмалик халифа болгондо, ал аны өзүнө жакын алып, вазир жана кеңешчи кылды. Андан кийин аны валиахд кылды жана 99-жылы Сулайман көз жумганда Умар ибн Абдулазиз халифа болду.

Умар ибн Абдулазиз жаштык чагынан эле илим алууга абдан кызыккан. Ал уламалар арасында дыкат окууну жана талкуулоону жакшы көргөн. Мадинадагы илим межлисине да көп катышкан. Мадина ошол кезде уламаларга, факихтерге, салихтерге толгон илим жана тууралык чырагы эле. Жаш болгонуна карабастан, илимге чаңкоо болду. Умар ибн Абдулазиздин аң-сезимдүүлүгүнөн биринчи көзгө урунган нерсе анын илимге жана адабиятка кызыгуусу болду. Ал жаштайынан эле Куръанды жаттап, бул нерсеге жүрөгүнүн тазалыгы, тез жаттоо жөндөмү жана илим издөөгө, жаттоого курбанчылыгы жардам берди. Ал Куръандан абдан таасирленди. Жаш болушуна карабастан, өлүмдү эстесе, ыйлачу. Энеси анын ыйлаган көрүп: “Эмне үчүн ыйлап жатасың?”, - деп сурады. Ал: “Өлүмдү эстеп”, - деп жооб берди. Ошондо энеси да ыйлады.

Умар ибн Абдулазиз таква өкүмдар жана илимге талаб күчтүү болгон коомдо жашады. Мадинада дагы эле бир нече сахабалар бар эле. Умар ибн Абдулазиз Абдуллах ибн Жаъфар ибн Абу Талибден, Саиб ибн Язидден, Сахл ибн Саъддан хадис риваят кылган. Сахл ибн Саъддан Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ ичкен кесени белек кылып алган. Бир күнү Умар ибн Абдулазиз Анас ибн Маликке имамдык кылган... Ошондо Анас ибн Малик: «Бул жигиттен башка Расулуллахтын намазына окшоп намаз окуган эч кимди көрбөдүм», - деген.

Умар ибн Абдулазиз Мадинанын белгилүү уламалары жана факихтери колунда тарбияланды. Абдулазиз (Умардын атасы) аны Салих ибн Кайсандын тарбиясына берди. Салих ибн Кайсан анын

тарбиясына баш болду. Умар фарз намаздарын ар дайым масжидде окууга адаттанды. Бир күнү Умар жамааттан кеч калды. Салих ибн Кайсан андан: "Эмне себебден кармалып калдың?", - деп сурады. Ал: "Чачымды тарап жаткам", - деди. Салих: "Мага айтыштарынча, сен намаздан көрө чач тароону жактырат экенсиң", - деди. Салих бул жөнүндө Абдулазизге кат жазды. Ал уулуна адам жөнөтүп, чачын алдырып салды. Атасы хаж кылып, Мадинага барганда Салихтен уулу жөнүндө сурады. Ал: «Бу баладан башка жүрөгүндө Аллахты улуу деп билген эч кимди көрбөдүм», - деди.

Умар ибн Абдулазиз таасирленген уламалардын бири Убайдуллах ибн Абдуллах ибн Утба ибн Масъуд болгон. Умар аны абдан урматтап, адеп, ахлак менен жүргөн, Мадина амири болгондо да ага тез-тез барып турган. Умар өз шайхына кайыл калганын билдирип, анын межлистерине байма-бай барып: «Көзү көр Убайдуллах ибн Абдуллах ибн Утба ибн Масъуддун межлисине баруу мен үчүн миң динардан жакшы», - деген. Ошол кезде Убайдуллах Мадинанын муфтийи жана жети факихтин бири эле. Имам Зухрий ал жөнүндө: «Убайдуллах ибн Абдуллах илим деңиздеринин бири», - деген.

Умар ибн Абдулазиз Мадинага валий болгондо «Мадинанын он факих кеңеши» деген кеңеш түздү. Адамдар Мадинанын жаңы амири менен жолугушуу үчүн келишти. Умар алар менен намаз окуду жана Мадинанын он факихин чакырды. Алар: Урва ибн Зубайр, Убайдуллах ибн Абдуллах ибн Утба, Абу Бакр ибн Абдуррахман ибн Харис ибн Хишам, Абу Бакр ибн Сулайман ибн Абу Хайсама, Сулайман ибн Ясар, Касим ибн Мухаммад, Салим ибн Абдуллах ибн Умар, анын агасы Абдуллах ибн Абдуллах ибн Умар, Абдуллах ибн Амир ибн Робиа жана Харижа ибн Зайд ибн Сабит. Алар Умардын алдына кирип, олтурушту. Умар ушул ишке татыктуу кылганы үчүн Аллахка хамду-сана айтып, мындай деди: «Мен силерди ага ылайык ажр ала турган жана Хактын жардамчысы боло турган ишке чакырдым. Мен ар бир иште силердин гана фикириңер менен чечим кылмакчымын. Эгер, бирер кишинин чектен чыкканын уксаңар же аамилдеримдин бири зулум кылганын билсеңер, мага бул тууралуу хабар бербегендин Аллах ишин оорлоштурсун».

Умар ибн Абдулазиздин халифалыгы бир нече касиеттери менен өзгөчөлөнүп турган: адилеттик жана теңдик. Ал өзүнөн мурунку Умавий халифалардын зулумдарына чекит койду, залим валийлерди иштен алып, жазалады, кеңешти кайра түздү. Ошондуктан, көпчүлүк уламалар аны бешинчи рошид халифа деп аташты. Андан тышкары, ал шаръий илимдерге көңүл буруп, Пайгамбарыбыздын хадиси шарифтеринин топтомун түзүүнү буйруду.

Умар ибн Абдулазиздин Халифалык доору эки жыл, беш ай жана төрт күнгө созулду. Ал хижрий 101-жылы ууланып өлтүрүлдү. Андан кийин Язид ибн Абдулмалик халифа болду. Малик ибн Динар ал тууралуу мындай деген: «Адамдар мени захид (кечил) дешет, бирок Умар ибн Абдулазиз захид. Анткени, ага дуня берилгенде, ал дунядан баш тартты».

Риваят кылынышынча, Умар ибн Абдулазиздин вилаяттардын бириндеги аамили ага шаардын ойрон болуп бара жатканына арызданып, аны бекемдөө үчүн акча сурап кат жазды. Ошондо Умар ага минтип кат жазат: «Жазган катыңды түшүндүм. Эгер, менин катымды окусаң, шаарыңды адилет менен сактагын, анын жолдорун зулумдан тазала, анткени, ушул нерсе аны ойрон болуудан сактайт».

Валийлерге насихат кылган халифа Умар ибн Абдулазиз бул кыска сөздөр менен валийлерди адилеттик кылууга жана зулумду таштоого чакырган. Ал мындай деген: «Падыша кошуун менен, кошуун акча менен, акча мамлекет менен, мамлекет жарандар менен, жарандар адилеттик менен болот. Бардык амирлер үчүн акчадан көрө адилеттик афзел, жада калса Мадинанын өзү үчүн да».

Умар ибн Абдулазизге айтышты: "Эй, амирул муминин, колуңда бай мамлекет туруп, үйүңдө өзүң жана үй-бүлөң үчүн зарыл нерселерди көрбөй жатабыз", - дешти. Ал мындай деди: «Көчүп кете турган турактын үйлөрү жасалгаланбайт. Биздин эң жакшы нерселерибизди алып кете турган турагыбыз бар, биз жакында ал жерге кетебиз».

Тафаккурга чакырган дагы бир абал. Умарга Халифалык келгенде өзүн кандай кармады? Абдан курсант болдубу?

Умар ибн Абдулазизге халифа болгондугу жөнүндө хабар келгенде, жүрөгү эзилип ыйлады. Уламалар аны биринчи сапка өткөрүшүп, минбарга чыгарышканда калтырап, титиреди. Аны адамдардын алдына өткөрүшкөндө ыйлаганынан улам сүйлөй албады. Андан кийин: «Байъатыңар өзүңөрдө калсын, мен Халифалыкты каалабаймын», - деди. Ошондо адамдар да ыйлашып: «Биз сенден башкасын каалабайбыз», - дешти. Халифа сөз баштап, аларга өлүмдү жана Аллахка жолугууну эске салды. Өткөндөрдүн бара турган жайын эстеткенде масжиддеги бардык адамдар ыйлады.

Муминдер амири Халифалыкка киришкенде жасаган биринчи ишин окуганыбызда, муундар калтырайт жана Халифалыкка мажбур алынып келинген киши менен Халифалыкка кызыгып келген кимсенин ортосундагы айырманы көрөбүз.

Умар ибн Абдулазиз Дамаскта адамдар арасындагы бир алачыкка жайгашты, муну менен мискин жана бечараларга жакын болууну максад кылды. Андан кийин өз жубайы Фатиманы да алып келди. Ал

халифанын кызы, халифанын карындашы жана халифанын (өзүнүн) жубайына мындай деди: «Эй, Фатима, чынында, мен Мухаммад ﷺдын Умматынын ишине жетекчи болдум... Сага маалым, мен, Умар, өкүм жүргүзүп жаткан аймак чыгыштан Синдден, батыштагы Рабатка, түндүктөн Түркстандан түштүктөгү Африка түштүгүнө чейин созулат... Эгер, Аллах жана Ахырет турагын кааласаң, тагынчак жана алтындарыңды байтулмалга тапшыр. Эгер, дуняны кааласаң, сага дунянын эң жакшы маталарынан алып беремин, атаңа кет». Ошондо Фатима: «Жок, Аллахка касам, өмүрүм да, өлүмүм да сени менен», - деди. Андан кийин алтын жана тагынчактарын берди, халифа Умар аларды мусулмандардын казынасына өткөрдү.

Умар ибн Абдулазиз жакыр абалда турмуш өткөрдү. Ал арпа нанын майга тийгизип жеп, эрте менен көбүнчө биртке мейиз менен тамактанган. Ал перзенттерине: «Бул, жаханнам отунан жакшы...», - дечү.

Бир күнү ал Байтулмалды зыярат кылып барат, анын мурдуна ширин жыт келди, ал дароо мурдун жаап алды. Ага: "Сизге эмне болду?", - деп сурашканда, ал: «Аллах Таала Кыямат күнү эмнеге Байтулмалдагы мусулмандардын шириндиктерин жыттадың деп сурап калышынан коркомун», - деп жооб кылды... Ооба, анын таквасы ушундай даражада жогору, бекем жана терең болгон!

Умар ибн Абдулазиз көз жумганда адамдар анын аялы Фатимадан анын сыфаттарын айтып берүүнү сурашты. Аялы мындай дейт: «Аллахка касам, ал түндө уктабайт эле. Аллахка касам, бир күнү түндөсү анын алдына кирсем, жаанда калган чымчыктай ыйлап титиреп жатканын көрдүм. "Эй, муминдер амири, сизге эмне болду?", - десем, мындай деди: «Мага эмне болмок эле! Мен Мухаммад ﷺдын Умматынын ишине жетекчи болдум. Алардын арасында кудуретсиз, алсыз, кыйынчылыкты башынан өткөргөн жакыр, ачка калган мискин, жесирлер бар. Ошондой болгон соң, кантип ыйлабайын?! Акыры, Аллах жакында Кыямат күнүндө менден алардын баары жөнүндө сурайт, кантип жооб беремин?!».

Халифа Сулайман Умар менен бирге Будий деген жайга барышат, ал жерде күн күркүрөп, чагылган чагып, булут каптады... Ошондо Сулайман жана аны менен бирге болгондор коркуп кетишти. Умар болсо: «Бул, ниъматтын добушу, эгер, азабдын добушу келсе, эмне кыласыңар?!», - деди. Сулайман: "Бул жүз миң дирхамды алгын да, аны садака кыл", - деди. Умар: "Оо, муминдер амири, мындан да жакшыраак нерсе бар", - деди. «Эмне ал?», - деп сурады Сулайман. Умар: "Арыздары жөнөтүлгөн, бирок, сизге арыздары жетпеген кишилер бар", - деди. Сулайман олтуруп, арыздарды карап чечти.

Умар ибн Абдулазиз муминдер амирлигине олтурганда биринчи кылган иши улуу уламалардын ага насихат кылуусун суроо жана ушул вазыйфа аны Роббисинин ишинен бурбастыгы үчүн насихат алуу болду. Ко-ош, бул жаатта ал эмне кылды?...

Хасан Басрийге насихат сурап кат жөнөттү жана мындай жооб алды: «Эй, муминдер амири, адилеттүү имамдын мисалы перзенттерине камкор ата сыяктуу. Жаштыгында алар үчүн иш-аракет кылган, карыганда таълим берген, тирүүсүндө аларга жазып берип, өлгөндөн кийин да аларга бир нерселерди калтырган ата сыяктуу. Эй, муминдер амири, адилеттүү имамдын мисалы перзентине мээримдүү салиха энеге окшойт. Т.а. кыйналып боюнда көтөргөн, аны кыйналып тууган, аны кичинесинен тартып тарбиялаган, баласы уктабаса уктабай чыккан, тынчтанса тынчтанган, эмизип, сүттөн чыгарган, анын саламаттыгына кубанган жана таарынычына боор оруган мээримдүү эне. Эй, муминдер амири, адилеттүү имам жетимдердин өкүлү, мискиндердин колдоочусу, балдарынын тарбиячысы. Эй, муминдер амири, адилеттүү имам дене мүчөлөрү арасындагы жүрөккө окшойт, жүрөк жакшы болсо мүчөлөр да жакшы болот, ал бузулса, башка мүчөлөр да бузулат. Эй, муминдер амири, адилеттүү имам Аллах менен пенделери ортосунда турат, Аллахтын сөздөрүн угуп, пенделерге уктурат. Аллахка жүздөнөт жана аларга да Аллахка жүздөнтүлөт, аларды башкарып, Аллах тарапка жетектейт. Андыктан, эй, муминдер амири, Аллах сага берген нерседе кожоюну аманат кылып, балдары жана үй-бүлөсү үчүн сактоону сураган, лекин, ал кожоюнунун аманат калтырган үй-бүлөсүн ысыраф кылган, аларды жакыр кылган жана мал-мүлкүн чачкан кимсеге окшобо».

**Халифа Умар ибн Абдулазиздин валий жана амирлерди тандоодогу өлчөөсү:**

Умар ибн Абдулазиз ﵁ халифа болгондо, келип, дарбазачыны четке кагып: «Сен керек эмессиң», - деди. Ал: "Эмнеге?", - дегенде, Умар айтты: «Мен сени Валид ибн Абдулмалик доорунда адамдар күн аптапта иштеп жатканда чатырдын көлөкөсүндө олтурганыңды көргөнмүн. Аллахка касам, сен мага эч качан дарбазачы болбойсуң. Эй, эмгекчил инсан, кел, сен менин дарбазачым бол, анткени мен сени көп Куръан окуп жатканыңды жана Аллах гана көрө турган жайда зуха намазын окуганыңды көргөнмүн».

Умар адамдарды таквасы менен өлчөгөн... Ага үч жаш жигит келди, биринчисине: "Кимдин уулусуң?", - деди. Ал: "Мен Валиддин доорунда амир болгон кишинин уулумун", - деди. Умар: "Өзүң да, атаң да мындан алыс жүргүлө, анткени атаң адамдарды сабаган". Экинчисине: "Сен кимдин уулусуң?", - деди. Ал: "Куфа валийинин уулумун", - деди. Умар:

“Мени өзүң жана атаңдан алыс тут”, - деди. Үчүнчүсүнө: “Сен кимдин уулусуң?”, - деп сурады. Ал ушул сөздү айтты: “Мен Катада ибн Нуъмандын т.а. Ухуд кармашында көзүнө сокку жеп, көзү агып калган, андан кийин Мухаммад ﵇ көзүн жайына кайтарып, экинчи көзүнөн да жакшы көзгө айланткан инсандын уулумун”. Жигит ушул айткандарынын мазмунунда ыр окуду. Умар ибн Абдулазиз ыйлады жана ал дагы ыр айтты. Ал ырында жигиттеги жакшы ахлактын мисалын табигый сүткө окшотту т.а. кесеге куюлуп, андан кийин ичилип, бавлга айлана элек таза сүткө... Ал айтты: “Ким сыймыктанууну кааласа, сен сыяктуу сыймыктансын. Анткени, сенин насабың жогору, өзүң каарман жана таква ээсисиң”...

**Халифа Умар ибн Абдулазиз өз аамилдеринин бири Байтулмалдан бир динарды жоготуп койгону үчүн мухасаба кылуусу:**

– Расулуллах ﷺ айтат:

«رُبَّ مُتَخَوِّضٍ فِي مَالِ اللهِ فِيمَا شَاءَتْ نَفْسُهُ لَهُ النَّارُ غَدًا»

«**Аллахтын мал-мүлкүн өзү каалагандай жмушаган кишиге эртең жаханнам бар**».

– Вахб ибн Мунаббих Яманда Байтулмалга аманатчы эле. Вахб Умар ибн Абдулазизге кат жазып: «Мен мусулмандардын Байтулмалынан бир динар жоготуп койдум», - деди.

Умар ﵁ ага минтип кат жазды: «Мен сени диниң жана аманатың туурасында айыптабаймын, лекин кайдыгерлик жана ысырафчылыкта айыптаймын. Мен мусулмандардын мал-мүлкү үстүндө хужжатташамын. Мойнуңда касам ичүү бар». Вахбга жоготкон каражатты кайтарууну буйруду жана ал өзүнүн мал-мүлкүнөн кайтарды.

Умар ага: “Бул динарды кайдыгерлик кылбастан жоготконуң жөнүндө бардык мусулмандар алдында Аллахты ортого коюп касам ичесиң”, - деди... (Ибн Жавзий, “Умар ибн Абдулазиздин сийраты жана сыфаттары” китеби, 105-бет).

– Ата Хурасаний айтат: “Умар ибн Абдулазиз хызматкерине суу ысытып берүүнү буйруду. Ал барып жалпы ашканадагы казанда суу ысытты. Ошондо Умар ага бир дирхам алып ашканага коюуну буйруду”.

– Вахб ибн Вирд айтат: “Умар ибн Абдулазиз мискин, бечара жана мусафырларды тамактандыруу үчүн турак алды жана турактын ээлерине барып: “Силер бул турактан тамактанбагыла, анткени ал мискин жана бечаралар үчүн”, - деди. Ал бир күнү күң сүт куюлган идиш менен бара жатканын көрүп калды. Умар ага: “Бул эмне?”, - деди. Күң минтип жооб берди: “Билесиз, аялыңыздын боюнда бар жана сүт ичкиси келиптир. Аял киши боюнда болуп, бир нерсе жегиси келип,

бирок жебесе, курсагындагысы түшүп калуу коркунучу бар. Ошондуктан, бул сүттү ушул турактан алдым", - деди. Умар күңдү колунан алып, аялы тарапка барып, бийик үн менен: «Эгер, анын курсагындагыны ушул мискиндер жана бечаралардын тамагы алып калса, Аллах аны түшүрүп салсын», - деди. Андан соң, аялынын алдына кирди. Аялы ага: "Сизге эмне болду?", - деди. Умар: "Хызматкер курсагыңдагыны мискин жана бечаралардын тамагы алып калат деп ойлоп жатат. Эгер, ушул нерсе алып калса, Аллах аны түшүрүп салсын", - деди. Ошондо аялы күңгө: "Кыйрап калгыр, аны кайтар, мен аны ичпеймин", - деди. Күң аны кайтарып ордуна койду".

**Халифанын жеке максаддары үчүн мамлекет маркабынан пайдалануу:**

Умар ибн Абдулазиз ﵁ балды жакшы көргөн. Бир күнү үйүндөгүлөрдөн бал сурады. Лекин, үйүндө бал жок эле. Андан кийин бал алып келишти, аны жеп, балды жактырды жана үй-бүлөсүнөн: "Аны кайдан алдыңар?", - деп сурады. Аялы: "Мен күңүмө эки динар берип, сарай качырында балга жөнөткөн элем, ал бал алып келди", - деди. Умарга бал куюлган ошол идишти алып келишти. Умар аны кымбат сатып, аялына акчаны кайтарып берди жана артып калган акчаны мусулмандардын казынасына өткөрүп: «Мусулмандардын качыры Умардын каалоосу үчүн хызмат кылыптыр», - деди.

**Умар ибн Абдулаздин мухтаждарга карата ажайыб позициясы:**

Умар ибн Абдулаздин марттыгын көрсөткөн көптөгөн позициялар болгон. Бир күнү мухтаждар ортомчусуз же дарбазачынын урухсатын күтпөстөн, туура муминдер амиринин эшигин такылдатышты. Мындай учурларда Умар ибн Абдулаздин ырайымы жана айкөлдүгү даана көрүнгөн. Ушундай позициялардын айрымдарын көрсөтүп өтөбүз:

- **Муминдер амири жаназага барганда мухтаж киши жардам сурашы:**

Амир ибн Убайдадан риваят кылынышынча, Умар ибн Абдулазиз тарабынан биринчи четке кагылган нерсе мындай болгон. Бир күнү ал жаназага чыгат, ага халифалар жаназага чыкканда олтура турган нерсени алып келишти. Лекин, Умар аны буту менен тээп, жерге олтурду. Адамдар: "Бул эмнеси?", - дешти. Ошондо бир киши келип: "Эй, муминдер амири, мухтаждыгым көбөйүп, факирлик мени кыйнады. Аллахка касам, Ал сенден бул абалым жөнүндө сурайт", - деди... Умар ибн Абдулаздин колунда таянган таягы бар эле. Ал: "Айткандарыңды дагы кайтала", - деди. Киши кайталады: "Эй, муминдер амири, мухтаждыгым көбөйүп, жакырчылык мени кыйнады. Аллахка касам, Ал сенден ушул абалыбыз жөнүндө сурайт", - деди. Ошондо Умар ыйлап,

анын көз жашы таяктан акты... Андан кийин ага: “Үй-бүлөң кандай ахвалда?”, - деп сурады. Ал: “Мен, аялым жана үч балам бар”, - деди. Умар: “Биз сен жана үй-бүлөң үчүн он динар бөлөбүз жана өзүмдүн мал-мүлкүмдөн эки жүз, Аллахтын мал-мүлкүнөн үч жүз, жалпысынан беш жүз беребиз, сага белгиленген акча бериле электе, буларды алышың мүмкүн”, - деди.

**Дагы бир позициясы:**

- **Кыздары бар ата муминдер амирине ыйлады:**

Муса ибн Мугаййир айтат: Риях ибн Убайд Бахилийдин мындай дегенин укканмын: Умар ибн Абдулазиздин алдында элем, бир аъробий келип: “Эй, муминдер амири, мени сага мухтаждык алып келди, факирлик мени кыйнады, Аллахка касам, Ал сенден Кыямат күнү бул тууралуу сурайт”, - деди. Умар: “Кыйрап калайын, айткандарыңды кайталап айт”, - деди. Ал кайталады. Ошондо Умар башын жерге салып, ыйлады жана көз жашы жерге түшүп, жер суу болду. Андан кийин башын көтөрүп: “Карамагыңда канча киши бар?”, - деп сурады. Ал: “Мен жана сегиз кызым бар”, - деди. Умар ага үч жүз, кыздарына жүздөн белгиледи. Андан кийин: “Бул жүздү мусулмандардын акчасынан эмес, өзүмдүн акчамдан бердим, барып ушул белгиленген каражат чыгып, аларды алганыңа чейин муну аларга сарфтап тур”, - деди.

**Дагы бир позициясы:**

- **Кара Фартуна жана жапыз дубал:**

Умар ибн Абдулазиздин чабарманы жолго чыкса, адамдардан ага келген бир да катты кайтарбаган жана бул анын доорунда үрф-адатка айланган. Бир жолу чабарман Мисирден жолго чыкты. Зу Асбах деген кишинин күңү Кара Фартуна деген аял чабарманга кат берди. Катта ошол аялдын дубалы жапыздыгы, уурулар андан ашып өтүп тоокторун уурдап жатканы жөнүндө жазылган. Умар ибн Абдулазиз ага минтип кат жөнөттү: «Бисмиллахир Рохманир Рохим, муминдер амиринен Зу Асбахтын күңү Кара Фартунага. Мен сенин дубалың жапыз экени, уурулар аны ашып өтүп, тоокторуңду уурдап жатканы жөнүндөгү катыңды алдым. Ошондуктан, Айюб ибн Шурахбилге (Умар ибн Абдулазиздин Мисирдеги аамили) кат жөнөтүп, сага дубал куруп берүүнү буйрудум. Аллахтын урухсаты менен бул дубал сени корккон нерседен коргойт».

Умар ибн Абдулазиз Айюб ибн Шурахбилге минтип кат жазды: «Муминдер амири Умар Абдуллахтан Ибн Шурахбилге. Зул Асбахтын күңү Кара Фартуна мага дубалы жапыздыгы, ал жерден тоогун уурдатып жатканы жана ага коргон куруп беришиң тууралуу кат жазды. Эгер, ушул катым колуңа жетсе, атыңды мин да, барып, ага

коргон куруп бер». Айюбга кат жеткенде, атына минип, Жизага барды жана Фартунаны сурап тапты. Ал бир бечара кара аял экен. Ага амирул муминин жазган нерсени айтып, коргон куруп берди.

Силерге жогоруда Умар ибн Абдулазиздин таржымалынан айткандарыбыз деңиздин бир тамчысы гана. Биз ушул аркылуу силерди убада кылынган Халифалыкка үндөйбүз, мүмкүн, аны тикелөө үчүн айкөлдүк кыларсыңар. Мүмкүн, өз диниңерди колдоп-кубаттоо үчүн ойгонорсуңар жана Халифалыкты кайра тикелөө үчүн аракет кылып жаткандар менен бирге аракет кыларсыңар. Мүмкүн, күч-кубат ээлери бул сөздөрдү окуп, пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыктын тикелениши туурасындагы Аллахтын убадасын жана Расулуллах ﷺдын кушхабарын жүзөгө чыгаруубуз үчүн аларда Ислам сыймыгы козголуп, бул даъватка жардам беришсе, ажеб эмес.

Оо, Аллахым, мусулмандардын жүрөктөрүн даъватыбызга ачкын жана Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелемейинче күч-кубат ээлеринин жүрөгүн даъватыбызга ачкын. ❑

# «ИЗРАИЛДИК» ЭКСТРЕМИСТТЕРДИН КУДДУСТАГЫ НАСРОНИЙЛЕРГЕ ЖАНА АДАРДЫН ЧИРКӨӨЛӨРҮНӨ ЧАБУУЛДАРЫ КҮЧӨП ЖАТАТ... ЧИРКӨӨГӨ ТҮКҮРҮҮ ЖАНА АКАРАТТОО

Жаңы тараган видеороликте ондогон «израилдик» диндар экстремист яхудийлер баскынчылык астындагы Куддуста насронийлерге жана алардын чиркөөлөрүнө провокациялык көрүнүштө түкүрүп жатышканы көрсөтүлгөн. Мындай түкүрүп акараттоо Куддус шаарында жана башка аймактарда, Ҳайфада көп учурайт. Акыркы кездерде Хайфада яхудийлер тарабынан бир нече чиркөөлөрдүн акаратталышы байкалган. «Израилде» чыккан «Гаарец» гезитинин дүйшөмбү күнкү чыгарылышында айтылышынча, бул окуялар эки күн мурун яхудийлердин «Арш майрамы» учурунда болгон. Экстремист диндар яхудийлердин чоң бөлүгү Куддустагы эски шаарга барып, талмуд ибадаттарын аткаруу үчүн «Бурак дубалына» барышкан. Ал жерге бара жатып, насронийлерди көрүп калышып, түкүрүүнү башташкан, көпчүлүгү насронийлерге түкүрүшкөн. Насронийлер жана алардын ыйык нерселерине түкүрүү: «Яхудийлердин илгертен калган мубарак адаты», - дейт яхудий Элиш Яред. Ал өткөн жылы 4-августта Рамаллахтын чыгышындагы Бурка айылынан болгон шахид Кусай Маатанды өлтүрүү кылмышына шектелгендердин бири. Кнессетте «Оцма Иегудит» (Яхудий Күчү) партиясынан депутат Лимур Син Хар Милехтин басма сөз катчысы болгон бул Яред өзүнүн провокациялык постунда минтип кошумчалайт: «Батыш сакафатынын таасиринде яхудийлер үчүн насронийлик эмнени түшүндүрүшүн мүмкүн унуткандырбыз. Бирок, ушуну эсибизде сакташыбыз керек, кресттүүлүк жүрүштөрү, инквизиция кыйноолору, кандуу фитналар жана массалык кыргындар доорунда сүргүндө жашаган миллиондогон яхудийлер ошол окуяларды эч качан унутпайт».

**Ал-Ваъй:** эй, яхудийдин баласы, сен айткан «кресттүүлүк жүрүштөрүнөн, инквизация кыйноолорунан, кандуу фитналардан жана массалык кыргындардан» качып, мусулман өлкөлөрүнө келгениңерде мусулмандар силерге эмне бергенин унуттуңбу?! Силер жалганчы, кыянатчы жана коркок коомсуңар. Бир күн келет, ал күндө силер таптакыр качып кутула албайсыңар. ❑

# «ИЗРАИЛДИК» ЖУРНАЛИСТ: МАМЛЕКЕТИБИЗ ЖОГОЛУП БАРА ЖАТАТ

Ироний тилде чыккан «Гаарец» гезитинде белгилүү сионист жазуучу Ари Шавиттын макаласы жарыяланды. Ал макаласын ушул сөздөр менен баштаган: «Чамасы, биз кайтуу чегинен өтүп кеттик. Эми, ыхтымал "Израиль" баскынчылыкты да токтото албайт, турак-жайлардын курулушун да токтото албайт жана тынчтык да орното албайт... Сионизмди реформалоонун да, демократияны куткаруунун да, бул мамлекетте адамдардын коопсуздугун камсыздоонун да мүмкүнчүлүгү жок көрүнөт». Ал минтип кошумчалады: «Кырдаал ушундай ахвалда болгон соң, бул өлкөдө жашоонун да кызыгы жок, «Гаарец»ке бир нерсе жазуунун ырахаты да жок. Рогель Альфердин эки жыл мурунку сунушун ишке ашыруу керек т.а. өлкөдөн кетүү. Эгер «израилдик» жана «яхудий» болуу паспортто маанилүү фактор болбосо, эгер, ар бир "Израиль" жараны техникалык мааниде гана эмес, психологиялык мааниде да чет мамлекеттин паспортуна ээ болсо, анда иштин бүткөнү».

Журналист ушуларды баса белгиледи: «Фалестинге келишкенден бери «израилдиктер» ушуну билишет: алар сионисттердин кыймылы тарабынан ойлоп табылган жалгандын курбанына айланышкан, бул кыймыл тарыхта яхудийлерди алдоодо алардын мүнөзүнөн пайдаланып келди жана Гитлердин Холокост деп аталган нерсесин көбүртүп көрсөтүү аркылуу Фалестин яхудийлерге «убада кылынган жер», Акса масжиди астында ибадаткана бар, деген нерсеге бүткүл дуйнаны ишендириште... Ушундай көрүнүштө карышкыр козуга айланды, ал америкалык жана европалык салык төлөөчүлөрдүн акчасын жеп, акыры ядролук жырткычка айланды». Журналист Батыш жана яхудий археологдорунун жана алардын эң белгилүүсү Тель-Авив университетинен болгон Финкельштейндин жыйынтыктарын келтирди. Аларга ылайык, ибадаткана жалган болуп, жашоодо жок мистикалык икая. Бардык казуу иштери бул нерсе миңдеген жылдар мурун бүтүндөй жок болуп кеткенин тастыктады. Журналист көптөгөн яхудий булактарын жана батыштык археолог окумуштуулардын жыйынтыктарын келтирген. Алардын бири 1968-жылы археология илимдеринин доктору британиялык окумуштуу Кэтлин Кеньондун бүтүмдөрү болуп эсептелет. Кетлин ал кезде Куддус шаарындагы Британия археология мектебинин казуу иштери боюнча директору болуп иштегенде шаарда көп казуу иштерин алып барган, андан соң «Израилдин» Акса масжиди астында Сулайман сарайы бар экени туурасындагы сөздөрү уламыш экенин ачыктагандыктан Фалестинден чыгарылган. Т.а. бул аял Сулайман сарайынын жада калса издери да жок, «израилдиктердин» «Сулаймандын атканасы» деген нерселеринин Сулайманга эч кандай тиешеси жок, мындай аткананын өзү болгон эмес, Фалестиндин бир нече аймагында курулган сарайлардын архиелогиялык моделдери гана бар, деген чечим чыгарган. Негизи, бул окумуштуу таврот риваяттарында айтылгандарга ачык-айкындуулук киргизүү үчүн Фалестин изилдөө фондунун уюшмунан келген. Ал Британияда он тогузунчу кылымдын ортолорунда «Жакынкы Чыгыш» тарыхы жөнүндө чоң аракет жасаган... Журналист Ари ушуларды баса белгиледи: «Бул каргышка калгыр жалган «израилдиктерди» тынч койбой кысымга кылып, күн сайын жаактан алууда, бул сокку куддустук, халилдик, наблустук кишинин бычагы, же жаммаиндиктин ташы, же болбосо яффалык, хайфалык жана аккалык автобус айдоочунун ташы менен урулууда. «Израилдиктер» Фалестинде өздөрү үчүн эч кандай келечек жоктугун жакшы билишет. Себеби, Фалестин алар алдап жаткандай эли жок жер эмес». ❑